Бактыкан


АЖЫМАМАТОВА

# Кайып кыз



# Бактыкан АЖЫМАМАТОВА

# Кайып кыз



повесть

ББК 821.51
УДК 84Ки7-4
А 34

Ажымаматова Бактыкан
А34 «Кайып кыз»: Повесть. - Жалал-Абад: 2015. -188 б.
ISBN 978-9967-09-282-2

**Байлык менен бийлик турганда аруу махабат, ыйык сезимдер тепсендиде калат. Бул – адам баласы жер ааламында өмүр кечиргенден берки жашап келген көрүнүш. Бүгүнкү жашоо агымында да ал өз күчүн жоготкон жок. Бул китепте дал ушундай ирмемдер чагылдырылат.**

А 4702300100-15 УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4



Чоң кыштактын күн чыгыш ыптасындагы дарыянын жаркы өйүзүндөгү жайыкта топурак, кесек менен салынып, сырты ак топурак менен шыбалган, камыш менен жабылган жалгыз эски там кыйла жылдардан бери турат...

...Бир кезде ошол узатасынан кеткен өйүздө чакан айыл болуп, короосу бак-шакка толгон, мал жандыгы кокту- колотто жайылган, карапайым, тоо мүнөз, таза пейилдүү адамдар өмүр кечирип келишкен. Айылдын бир тарабы бөксө тоо менен курчалып, жапайы тал, долоно, алчалар бирин-серин өсүп, эл ал ойдуңдан чөп чаап, кышкыга малдары үчүн тоют топтоп алышчу. Баш аягы үч жүз түтүнгө жеткен айыл эли тиричилигин мал менен гана өткөрбөстөн, дыйканчылыкты да билишчү. Майда-барат эккен картошка, жүгөрү, семечкаларын базарга алып чыгып сатышып, керектүү азыктарын камдап, той-аш өткөрүп, башка айылдагылардан кем эмес жашоолору бар эле. Анан алар ушул эле айылга канаттташ турган тоо беттерине жайлоого чыгышат, курут-май жасашат. Сегиз жылдык мектеп да болгон. Анда балдары окушчу. Жогорку, орто билими бар онго чукул мугалим иштейт. Балдарга билим берүү жагынан башка кыштактагылардан кем калышчу эмес.

Ошол мектептин бир бурчунда чакан китепкана да бар эле. “Айылдагылар китеп окубайт” дегени менен, ага атайы келип, жазылып, ушул кичинекей бөлмөдө олтуруп алып, кээде үйүнө алып кетип, көркөм чыгармаларды окугандар да бир топ эле болчу. Андайларды айылда “чилистен” деп коюшчу. Ал эми “чилистендер” болсо, шаарга барып окуп келген, шаар турмушун көрүп, өзүнүн жашоосун жакшыртуу, маданияттуу жашоого ыкташкандар эле. Мектеп окуучулары, айылдагы көп балдар ошолордон үлгү алып, “шаарга барып окусак, билимибизди улантсак” дегендер арбын эле. Кичинекей дүкөн да бар, анда майда-барат азыктар, буюм-тайымдар сатылат. Медпункт, Почта кызматы да иштейт. Бирден адам коюлган. Анан бул айылдагы элди кыйнаган эле маселе аркы өйүзгө өтүү, шаар жакка каттоо. Себеби, майда-барат автоунаалардын каттаганы эле болбосо, атайы эл ташыган автобус бул жакка келбейт. Ал эми жаз келип, ала шалбырт башталганда суу ташып, дарыя бууракандап агып, эл өтө албай кыйналышчу. Эл ага да көнүп калган. Андыктан кыш менен жазга азыкты мол камдап, суу азайганды күтүп турушчу. Күз келгенде оңуп эле калышат, анткени, машиналар да ары-бери жүрүп, шаар тарапка эмес, кошуна айылга да байма-бай каттап, ал жактагы той-топурга барышып, кошуналар менен жакшылык-жамандыктарда бир болушат. Кыз алып, кыз берүү каадалары да болуп турат. Адатта тиги суунун аркы өйүзүндөгүлөр ушул кыштактан кыз алганды жактырышат. Себеби, “кыздары сулуу , анан тарбия көргөн, кара жумушту катыра жасашат”- деп, эсептешет. Анын үстүнө ушул айылдагылардын түпкү уруусу мыкты адамдар болуп, ал уруудан кыз алгандар үчүн сыймыктуу да болчу.

Ушундай күндөр өтүп жаткан. Дагы бир жаз келип, эл жазгы тиричилигине кам уруп, жерин айдатып, эгин себе баштаган. Кышы менен уктаган талаа ойгонуп, жер жарылып чөп чыгып, малдары төлдөп, желин айрылып сүт чыгып турган убак болчу. Негедир ушул жылы жамгыр көп жаады. Айыл четиндеги бөксө тоо-

чоочуркап, кооптоно башташты. «Балким бул киши кийик болуп жүрбөсүн, кантсе да, этият бололу эй, колго курал алып алгыла» деп, алдын ала бирөөсү эскертип да койгон. Ошондон улам, эки кош ооз мылтыкты куржунга салып коюшкан. Эски тамдын жанына жакындап калган кезде, алар катуу үн салып коюшту. «Эй, бул жерде ким бар? Чык бери!» дей башташканда, үйдүн эскилиги жеткен жыгач каалгасын кычырата ачып, чачы башы жүдөңкү киши чыга келди. Анын бул кебетеси келгендерди дагы бир жолу кооптондуруп турду.

– Ассалоому алейкум, келгиле ... Эмне болду, мен бармын-деди, ал .

– Сиз кимсиз? - дешти алар, турган ордуларынан жылбай.

– Менби?... мен адаммын...

– Көрүп турабыз...

– Кимсиз?

– Кайдан келдиңиз?...

– Бул жерде эч ким жашабай, кыйладан бери ээн эле турчу да... -дешти, тиги келгендер биринен сала экинчиси суроо узатышып. Негедир дагы деле андан кооптонуп жатышты.

– Бул менин үйүм... мени күтүп, ушунча жыл урабай турган экен, мына жашап жатам...

– Биз билгенден бул тамдын ээси Асылкан деген кемпир эле, анын көзү өтүп кеткенине көп болгон, анан мындагылардын да башка жакка көчүп кеткенине кыйла жылдар болду, азыр кыштак жок...

– Аны билем, ошол кемпирдин жалгыз уулу бар деп уктуңар беле?... Ошол менмин.

– Укпаптырбыз... - дешти, тигилер

– Укпасаңар, ошол Асылкан кемпирдин Аскар деген жалгыз уулу мен боломун, бул жерден 17 жашымда кеткенмин... мына эми элүүдөн ашканда кайрылып келдим... мени күтүп жаткан экен. Өз колум менен курганмын. Мына бул дубалдарында менин колумдун изи калган. Маңдай терим менен тургузганмын да, сырты

кочкөнү менен, дубалы туруптур. Өз үйүмдө жашаганга акым жокпу?... - андан ары сөзүн улай албай, тамагы буула түштү да, эшик алдындагы дарактын дүмүрүнө кочүк басты. Тиги кишилер же аттан түшө албай, же бастырып ары кете алышпай, туруп калышты. Бирибирин тиктеген болушат, кимиси батылып сөз баштаарды да билбей калышты. Кыйладан кийин, тиги киши ордунан турду да:

– Аттан түшкүлө, жолоочу болсоңор бир аз эс алып алгыла, жол тартып, бир жакка бара жатат окшойсуңар? - деп, кыркалекей тизилип, ат үстүндө таңдана бул адамдан көз албай турушкан топтун жанына басып келди.

– Кана, аттан түшкүлө... Жолуңар алыстыр? - деп, аларга жакыныраак басып келди.

– Мейли, мейли... туура айтасың, жолубуз алыс-деп, бул топтун аксакалы сөз таппай буйдала түштү.

– Анын үстүнө бейиши болгур апам да ушул жерде эмеспи. Эртели кеч анын жанына да барып турбасам, балалык милдетим кайсы. Ал мен деп жүрүп, мени күтүп жүрүп, өтүп кетти да. Менин азабымды тартты. Тирүүсүндө сый корсөтө албадым, эми болгон сыйымды кылайын деп, ушул эски тамымды байырлап жатамын. Мунумду эч ким айып көрбөсө керек. Же, менин эски тамымды да ээлеп алгандар барбы? - деп, тургандарга суроо узатты.

– Анысын го биз билбейбиз. Болгону бул тамда кыйла жылдан бери эч ким жашаган жок да. Күзүндө гана чөп чапкандар күндүзү эс алышат.

– Кээде аары баккандар келип калышчу. Чыны сиздин бар экениңизди билбептирбиз, уккан да эмеспиз.

– Бул айылдагылар менен карым-катыш жакшы эле болуп турчу. Кыз алып, кыз берип дегендей, куда-сөөк да күтүп калган жайыбыз бар.

– Сиз тууралуу уккан эмес экенбиз чыны... -деп, атчан тургандар дагы деле сөз талаша сүйлөп жатышты. Эми буларда кооптону да болбой, тиги кишиге боор ачыгандай, баары аттан түшүштү.

– Ооба, биз мергенчиликке бара жатканбыз, аркы өйүздөн болобуз, үйдүн морунан түтүн чыгып жатканынан кызыгып эле сурап калдык да... - деп, койду биреөсү.

– Анда жакшы экен. Мергенчилер менен насиптеш болуу да ар кимдин эле ырыскысына буюрбайт. Ичкери киргиле, даам ооз тийгиле... - деп, үй ээси аларга жол баштады. Кычырап ачылган, эски жыгач каалганын четтеринин дубалы оюлуп, түшө баштаган. Катуу бир койсо эшик да, дубал да урай турган абалда турат. Ички эки кичинекей бөлмөсү ылай менен шыбалыптыр. Жалаң гана алма, алчанын бутактарынан уктоого жай даярдап алыптыр. Жеринде эски, пахта жиптен колго токулган шалыча. Бирин-экин идиштери турат. Тар сумкада оокаттары салынган. Кире беришке картон кагаздардан тошоп, ак бөз кездеме менен жаап коюптур. Тиги киши абайлай, каалганы ачып, жолоочуларды үйгө киргизди.

– Мен деле силердей адаммын, тагдыр мени жаштайыман катуу сынады, ары чайпады, бери чайпады. Айлантып келип, өз үйүмө алып келип койду. Оокатым өтүп жатат... - деп кобурап койду да, терезесинен шоола билинер - билинбес баш багып турган, күңгүрт тар бөлмөнүн ичинде салынган эски төшөктү меймандардын алдына тартып:

– Жалгыз адамдын тиричилиги ушу да. Бул төшөктөр апамдан калыптыр. Эч ким алып кетпептир. Мен бала кезде апам оз колу менен жасаган болчу. Адам карыйт экен, буюм да эскирет тура. Апам “акыры балам кайрылып келет”, - деп атайы калтырган окшойт- деп койду. Сырттан киргенде эле тар бөлмөнү улам кыдырата карап, андагы бирин-экин буюмдарга көз сала баштагандар, “эми мунун тамак ашы кандай болду экен?” деген таризде, үй ээсинин дасторкон салышын күтүп калышты. Каралжын гүлдүү жибек кездемеден жасалган дасторконун жайып, очокко какталып бышкан нанын, анан эски жыгач идишке кантын коюп:

– Азыр чай кайнайт, ага чейин нандан алып тургула-деп, сыртка чыгып кетти.

– Бечара, бу да бир бечара тура... Асылкан кемпирди жакшы эле билчү элек го. Анын уулу бар деп эч ким айтпаган. Бул уулу кайдан чыга калды? - деди, келгендердин орто жашы.

– Мен эстедим, менин апам бир жолу айткандай болгон. "Бечара Асылкан, баласын күтүп көзү да карыгып, соолуп бүттү. Же, анысы кайрылып келбейт..." - деп, кейигенин уккан элем. Ошол уулу ушу тура - деди, бул топтун улуурагы Алимбай деген жигит.

– Ушунча жыл кайда жүрдү экен анда? - деп койду анын катарында олтурганы.

– Ким билсин, тентип жүргөндүр да.

– Жалгыз апасын какшатып, таштап кетсе, кудай бар да акыры, өзүн да ушинтип жалгыз калтырыптыр да, – деп, четте олтурган жашыраагы ачуулана үн катты.

– Андай дегенде да болбойт, балким башка себептери бардыр... кебетесинде жаман адамдай көрүнбөйт... көзүндө бир сыр бардай... -деп, Алимбай аксакал, ордунан коопшоло, оңдонуп олтура кетти.

– Ушул менин жашоом... -деп, үй ээси, сырттан кирип келе жатып, үн катты. Колуна көтөрө келген алма, помидор, бадыраңдарын дасторконго койду.

– Айып көрбөсөңүз, бир эки суроо менен кайрылалы деп турабыз... -деди, келгендердин дагы бири.

– Билип турам, кайдан келдиң, кайда жүрдүң эле дейсиздер да... -деп, суроого суроо менен жооп берди үй ээси.

– Ооба, ошого жакын суроолор...

– Менин Асылкан кемпирдин уулу экениме ишене албай жатасыздар го дейм.

– Жок, андай деле эмес. Ага ишенип эле турабыз. Болгону ушул убакка чейин кайда жүрдүңүз деген суроо да...

– Аа, ал узун сабак, аны айтып берсем, силер бүгүн ушул үйдө түнөп каласыңар... кыскасы, бешенеге жа-

зылганын көрдүк. Мен апамды атайы таштап кеткен жокмун. Тагдыр ушуга алып келди. Жакшыны да, жаманды да көрдүм. Жалгыздыктын азабын тарттым...

* * *

... Ал курсакта экенинде атасын бир короо кой менен көчкү басып калган. Ушул айылдын тиги күн чыгыш тарабындагы бийик тоонун ичинде малын жайлачу. Колхоздун коюн баккан, жаш болсо да алдыңкы чабандардын катарына кошулуп бараткан "оозуна чөп албаган", жоош-момун жигит болчу атасы. Айылдагы кары-жаштын баары анын мээнеткечтигин, элпектигин, адамдарга жакшылык гана жасоону көздөгөн карапайымдыгын көп айтышчу. Ага жараша алган жары да жакшы чыкты. Бирок, Асылкан экоо кыйла жыл балалуу боло алышпай, бүбү - бакшыларга барып жүрүшүп, арадан сегиз жыл өткөндө келинчегинин боюна бүттү. Алар уул күтүп жатышкан. Тилекке каршы, уулунун "ыңаалаган" үнүн уга албай калды. "Аталап" ээрчип, эт жүрөгүн элжиретип, эркелегенин көрө албады. Нөшорлогон жамгыр төгүп жаткан. Койлорду короо тарапка айдап келе жатканда, "дүп" этип эле, жер жылып, көз ачып жумганча, койлору менен кошо көчкү алдында калды. Анын сөөгүн ошол күндөрү да, кийин да таба алышкан жок. Анын мазары ошол көчкү жүргөн ойдуң болуп калды. Ал кезде бала алты айлык курсакта эле. Жаш келин ыйлай - сыктай, ай күнүнө жетип, көз жарды. "Атасы аска зоонун арасында калды, эми ушул уулум мага аска тоо болуп жүрсүн" деп, атын Аскар койдурду. Атасын көчкү басып, аларды кара кырсык басканы аз келгенсип, колхоздун тамынан да чыгарышты. Ымыркайын бооруна кысып, Асылкан ушул кичинекей айылга келип, алысыраак таякесинин үйүн байырлады. Алар жаман адамдар эмес эле, кош жетимди жакшы эле боорго тартышып, алардын тамак ашына каралашып турушту. Анын үстүнө мамлекет да көз жаздымда калтырбай, бала үчүн азын -оолак бирдеме-

лерди берип турду. Жетимдиктин азабын анча тартпаганы менен, баары бир бөксөөсү толбой, атасына болгон кусалык менен чоңоё берди. Асылкан термелеп мал күтүп, бироолордун жумушун жасай коюп, баласын өксүтпөй багып жатты. Анын колунан баары келчү. Чебер дагы эле. Ошол өнөрү менен бирдемелерди тигип, аны сатып, анан кызын турмушка берип жаткандардын төшөк, туш кийиздерин жасап берип да, оокатын кылып жатты. Бала он бешке толгондо апасы экөө жер алышып, ак топуракты тебелеп, саман кошуп, гүбала жасашып, эки бөлмөдөн турган азыркы үйдү тургузуп алышты. Эл катары мектепке барды, сабатын жойду. Балада жакшы максаттар бар эле. Апасын эч кимге кор кылбай, кем өксүгү жок багууну ойлоп жүрчү. Сабагын жакшы окуган, элдин алкоосун алган эле бала болуп осо баштады.

***

Мектепти аяктаар алдында бирге окуган Азимгүл аттуу кыз менен ымалаш болуп кетти. Кашы козу капкара, кирпиктери төгүлгөн, ак жумалынан келген кыз айылдагы бир канча жигиттин жүрөгүнө чок сала баштаган. Атасы колунда бар, колхоздун активисттеринин бири болчу. Чакан айыл болгону менен тиги башка жактагы бир канча айылдардын башын кошкон чоң колхозго карашчу. Көбүнчө ошол тараптан келген малчы-саанчылар жайкысын бул жакка толуп кетишчү. Кыздын атасы колхоздун башкармасынын уулуна тымызын кудалап койгон жайы бар экен. Аны аялына гана айтып, кыздын мектепти бүтүшүн гана күтүп жатышкан тура. Аскар менен болсо улам мамилеси кызып, алардын алгачкы достугу ыйык махабатка айланып бараткан болчу. Экөө тең, "аттестат колго тийсе, чоң шаарга барып окуйбуз , окууну бүтүп, анан баш кошобуз"- дешип, шерт беришкен, алдыларына аруу тилек-максат коюшкан. Кыз мугалим болгусу келгенин

айткан. Бала болсо мал доктуру болуп, окууну бүтүп келип, айылда жашап, апасын багууну көздөй турганын айткан. Эки жаш мындай ой максаттарын бирибирине айтып, анан келечек пландарын да түзүп жиберишкен. "Азимгүл мектепке иштейт, Аскар колхоздо иштеп, анан ал да чоң болот. Жакшы үй салышат. Көп балалуу болушат. Алардын балдарын Асылкан кемпир багып, улам бирин чоңойтуп, мектепке алып барат..." Айтор, алар кыялга батып, узун ойдун учуна жете албай, далай жолу түн бир оокумга чейин бирге жүргөн күндөрү болгон. Кичинекей айылга жакшы сөз да, жаманы да тез тарайт эмеспи. Эки жаштын бул жоругу айылга заматта "дүр" этсе, кыздын атасына жеткени кызык болду. Бою жапыз, сары кишинин жаны чыгып кетейин деди го. Жүзү анардай кызарып, жер тепкилеп жиберди. "Сенин кызың ушуну кылмакпы, сен тарбиялаган кыз, тез таап, алдыма алып кел" деп, аялына күчүн чыгарды. Башынан күйөөсүнө тике карабаган, ага каяша айта албаган жубайы, кызын издеп жөнөдү. Бул кезде кыз сабакта болчу. Мектепке келип, мугалимден уруксат сурабастан, колунан жетелеп, класстан алып чыгып кетти.

– Атаңдын түрү жаман, экөөбүздү эми соо койбойт, эмне гана кылып жүрөсүң сен бейбак?! - деп, чала-була кызын опузалап да жиберди.

– Эмне болду апа, эмне эле болуп жатасыз? - деди, кыз эч нерсеге түшүнбөй.

– "Эмне болду?"- деп коёт, кылгылыктын баарын кылып алып. Сен бейбак, тиги Асылкан кемпирдин баласы менен соо эмес окшойсуң, элдин баары айтып, деп бүтүп, эми атаңа соз жетиптир. Үйдо жинденип жатат, бас тез. Калганын өзүң барып угасың, - деп, кызын делделектетe жетелеп жөнөдү.

– Апа эй, коё туруңузчу... эмне эле болуп жатасыз, соо эмес дегениңиз кандай, түшүнбой жатам? - деди, кыз, апасынын колунан бошонууга аракет жасап.

– Соо эмессиң дегеним, ошо менен сүйлошот турбайсыңбы?

– Ооба, анын эмнеси бар экен... жаман балабы? -деп, кыз да тайманбай, апасына тик карады.

– "Жаман балабы?"- деп коёсуң да, уялбайсыңбы эмитен жигит менен сүйлөшкөндөн? Сени атаң окусун деп жүрөт го...

– Эмне мен окубай жатамбы, окуп эле жүрөм. Дагы шаарга барып окуюн деген оюм бар. Анан Аскар да окуйт.

– Тигини, тигини, "Аскар дагы окуйт"- деп коёт. Ошо бала сенин теңиңби ыя? Көзүңдү ач... ал сенин теңиң эмес... ал бир байкуш бала... атасын курсакта кезинде жеп алган... апасынын абалын кара, ач арбактай болуп, ошо сени келин кылып күтө алабы?.. атаңдын өз тели-теңтушу бар. Сен деген өскөн-өнгөн жердин кызысың... тигиниңдин теги да ким экени белгисиз... аларды билесиңби, бул жакка кайдан келишкенин билесиңби деги?.. короосунда чычкак улагы жок... ичээрге тамагы да жок болсо керек... анан ошол томолоктор менен жашагың келеби?- деп, апасы кызуулана сүйлөп баратты.

– Апа эй, андай заман өткөн да... кедей-бай деген жок азыр, баарыбыз бирдейбиз. Аскар жакшы бала. Ал акылдуу... апасын жакшы көрөт...

– Ооба, апасын жакшы көрсө, ач арбактай кылбай, кичине адам кейпине келтирип албайбы?

– Азыр ал жаш да... иштеп акча тапса, апасын карайт. Ал мал доктур болот. Атамдай эле кызматта иштейт.

– Ал сенин кем акылың менен айтып жатканың. Ошол бечара байкуш кемпир кантип баласын окутуп алсын. Азыр окуш үчүн акча керек. Аларда акча бар бекен?

– Акчасы жок эле окуйт... – кыз, эми басыгын токтотуп, бултуя туруп алды.

– Ооба, кыйратат... эмне туруп калдың?... бол, тез басалы, атаң өзү келе электе... билесиң атаңдын ачуусун... эч кимге карабайт... ушул жерде экообузду бир-

дей камчылап кирбесин… Бол, бас, - деп, кыздын колунан тарткылады.

– Барбайм… -кыз бултуң эте, артына бурулду да, алдыга карай басты.

– Ай, көкбет, бас үйгө, мен эмнеге сага келдим, билип жатасыңбы, атаң чакырып жатат.

– Барбайм…

– Бас дейм-деп, апасы артынан жете келди да, колунан булка кармап, алдыга жетеледи.

– Барбайм дейм. Силердин оюңарды билдим…

– Бас алдыма түш, кара муну, тим койсо, эмитен тоготпой, мен сага энеминби, же?.. -апасы ачуусу келе, кызды дагы булкуп алды.

– Барбаймын… мен да кичине кыз эмесмин… качанга чейин эле тепкиге ала бересиңер? Мен дагы өз алдымча ойлонушум керекпи деги?

– Эмне эле деп бежиреп жатасың? Сен али атаңдын төрүнөн чыга элексиң… сен бала бойдонсуң, атаңдын короосунан чыгып кеткенде гана өзүң билесиң… азыр биздин карамактасыңбы, айтканды кыласың… - апасы да, бир кызара, бир бозоро кызынын колунан тарткылап, аны ыкка көндүрө албай кыйналды. Кыздын кичинесинен көкбет кыялы бар эле. Беттегинен бербеген жоругу менен апасынан далай таяк жесе да, баары бир өз ойлогонун кылчу. Ошонусу дагы кармап калды. Апасы эми аны алдаганга өттү.

– Кой, кызым, минтип экөөбүз акыйнек айтышып тура бергенде болбойт, эл көрсө эмне дейт. Жүр үйгө барып сүйлөшөлү. Атаңдын деле ачуусу таркап калгандыр. Бас, баралы эми.

– Жок, барбаймын. Билем силерди. Сезип калдым. Экөөңөрдүн бир билгениңер бар… “Кызымды бай жерге беремин… бай адам менен куда боломун…” - деп эле бежиреп калчу го атам. Дагы ошонусун айтат да. Эмне мен азыр эле Аскарга тийип жатат бекенмин? Ызы-чуу салбай эле туруп турсаңар эмне болот? Дагы деле жаш баладай көрөсүңөр, - кыз бултуңдап, турган ордунан жылбады.

– Эми ошонун баарын үйгө барып айтпайсыңбы? Ушул жерде турганыбыз жакшыбы? Эл көрсө эмне дейт?

– Көрсө көрө берсин... көп болсо апасы менен кызы урушуп жатат, –дешет да.

– Эмне көчөнүн чок ортосуна туруп алып урушуш керекпи... үй бар го акыры...

– Үйүңүзгө барбайм... айтчууңузду ушул жерден айтып алыңыз... атамдын сөзүн да айтыңыз...

– Болду эми, тим койсо олжоктоп кетесиң да, бас үйгө!... -деп, апасы бет талаштыра уруп калды.

– Ай, - деген кыз, апасынын катуу урганына ичиркене, бир чаңырып алды.

– Бол, бас үйгө, мени менен кайым айтышпай, калган таякты атаңдан жейсиң... -деп, кызынын алдына түштү. Эми аны жетелеген да жок. Кыз өзү басат деп ойлоду. Бирок, кыз ордунан жылган жок, көз жашы өзүнөн -өзү бет ылдый төгүлүп жатты. Апасы мындай эмес эле. "Аялдардын ичинен эң боорукери, мээримдүүсү менин апам" деп ойлоочу. Көрсө, анын апасынын да ачуусу бар экен. Кичинесинде канча опузаласа да, анын колу дайыма жумшактай, аны тим гана эркелетип жаткандай туюлчу. Бой тартканы колу да биринчи жолу тийди. Бу жолу анын колу кардай муздак, таштай катуу сезилди. Ушуга ардана түштү кыз. Апасы кыйла узап барып, артына бурулду да, бир ордунан жылбай турган кызын көрүп, катуу үн катты.

– Ай кыз, эмне деп жатам. Сен үчүн өлө турган болдум го. Бас, баарын атаңа айт. Балким түшүнөр-деди.

– Барбайм дедим го. Сизден угаарым ушу болсо, атам жакшы айтмак беле? - деп, кыз өксүп ыйлап жатты. Эми кыз үнүн катуу чыгарып, өпкөлөп ыйлап жатты. Кантсе да эне эмеспи, апасы кызына боору ачып кеттиби, акырын жанына басып келди да, кызынын жүзүнө үңүлүп, көз жашын аарчый баштады.

– Эми шолоктой бербечи, балким атаң түшүнөр. Мен туура эмес айтып койсом кечирчи кызым, ачуум менен айттым да. Анын үстүнө атаң мага да катуу тийбедиби.

Тим эле буркан-шаркан түшүп, жинденгенининен, мен да ачуум менен катуу айтып койдум окшойт. Жүр эми, үйгө баралы. Бул жерде минтип тура берсек, көргөндөр эмне дейт, жүр эми… -деп, кызын алдай баштады. Эки бетинен өпкүлөп, жалбарып жатты. Апасынын сөзүнө элжирей кеткен кыз, анын артынан басты. Үйдүн дарбазасына баш багышканда, дагы деле ачуусу тарабаган атасы каршы алды да:

– Ии, ээрчишип, кайда жоголдуңар? Сүйлөштүңбү? -деп, аялына бурк этти.

– Айттым, дедим, калганын өзүң айт… жообун өзүң ук… -деп, аялы да биринчи жолу күйөөсүнө баш көтөрө сүйлөдү. Көзү чанагынан чыгып кетчүүдой, кызын алая тиктеген атасы:

– Элдин сөзү чынбы? - деди.

– Кандай соз, эмне болгон соз, мага түшүндүрүп айткылачы?-деп, кызы атасына тигилди.

– Апаң айткан жокпу?

– Мен анын созүнө түшүнө алган жокмун.

– Эй, кызың эч нерсеге түшүнбөптүр, дагы бир жолу түшүнүктүү кылып айтып корчү?- деп, үйгө кирип бараткан аялына кайрылды.

– Айттым, түшүндү эле… өзүң айтып кор… -деп коюп, ичкери кирип кетти.

– Муну кара, тоготпой калган тура… тескери басканын кара… -деп, атасы томполоңдоп, апасынын артынан жөнодү. Бир кезде үй тараптан апасынын чаңырган үнү чыкты. Анысы кыйлага созулду. Кыз чыдап тура алган жок, алардын үстүнө кирип барды. Апасын жерге жаткырып, түйдөктөлгөн абалында атасы тепкилеп жаткан экен.

– Ай ата, болду эми, апамды урбаңыз… анда не күнөө?… -деп, апасынын үстүнө бой таштады.

– Бар балакет ушунда, муну олтүрүп койсом да аздык кылат-деп, биротоло албууттанып алган атасы токтоочудай эмес. Чала-була кызын да колу менен чарпып өттү. Сары кишинин ачуусу да жаман келет эмеспи. Анардай кызарып алган. Семиздигиненби, же аялын

урам деп, коп күч үроп алдыбы, кол-шал тердеп да кетти. Бири-бирин кучактап, бышактап ыйлап жаткан эне-баланы карап аяп кеттиби, тепкилегенин токтотуп, күшүлдөп-бышылдап туруп калды.

– Экөөңдү тең урдум... энеңди... -деди да, кол шилтей, сыртка чыгып кетти. Апасы кыйлага жерде жатты. Өксүп ыйлай, улам кызын карап коёт. Кыз болсо апасынын ушундай абалын биринчи көрүп, эми бар күнөөнү өзүнө ала, апасына жалбара баштады:

– Апа, кечирип коюңуз. Мындай болуп кетет деп эч ойлогон эмесмин. Мени кечириңиз. Атам менен сүйлөшөйүн... - деп, апасынын көз жашын аарчып, аны ордунан тургузууга аракет жасап жатты.

– Мен сага жакшы эле айттым го... -деди, бир кезде апасы жаткан ордунан туруп баратып.

– Мынчалык деп ойлогон эмес элем. Атам мындай эмес болчу го, эмне болду? Сизди деле урганын эми көрдүм... атам мыкаачы киши тура... жөн эле сөз менен айтса болбойт беле? - деп, кыз да апасына кошулуп ыйлап жатты. Алар кыйлага ошол орунда турушту, ыйлашты, басылышты, кайра ыйлашты.

Кыздын эки агасы бар болчу. Алар шаарда, бири иштейт, кичүү агасы окуйт. Үйдө кыз гана калган. Аны эрке өстүрүшкөнү менен, улам бой тартканы эркелиги калып, турмушка зирек карай баштаган эле. Атасы менен апасы дагы деле аны кичинекей кыз катары карашчу. Эми азыркы окуяны агалары уккан болсо, алар кимисин күнөөлөйт эле?..

Бир кезде, атасы кайра үйгө кирди. Жанагыдай албууттанбай, бир аз жоош тарта түшүптүр. Аялы менен кызына акырая карады да, алардын жанына келип олтурду. Апасы болсо өпкөлөгөнүн басып, үстү-башын каккылап, сыртка чыгып кетти. Артынан кызы да чыгып баратты эле, аны атасы токтотту.

– Келчи кызым, экөөбүз ата-бала болуп, ачык сүйлөшөлү... -деп, үй ичиндеги кичинекей табуреткага көчүк басты.

– Биз сага жамандык каалабайбыз. Эл жаман айтып жатат. Мен тиги контордон уктум. Тим эле мени келе-келеп туруп айтышты. “Сен эмне, жесир кемпирге теңсиңби?” дешет. Арыма келдим да, кызым. Чынын айтчы, ошол кемпирдин баласы менен сөз каткан жайың барбы? - деп, кызына суроолуу карады.

– Ата, азыр мен мектепте окуп жатам го? Өзүңор ойлогондой жашмын... эркелигим кала элек...

– Анда эмнеге эл айтып жатат?

– Эл эмне деп жатат?

– Жанагы жесир аял бар го, айылдын башындагы, ошонун баласы менен ары-бери басат... -дешет.

– Ал бала менен бир класста окуймун го. Биз болгону мектепти аяктап жатабыз да. Алдыда дагы окушубуз керек. Анан шаарга барып окуйбуз.

– Сени шаарга окуталы дегенбиз.

– Мен деле окуюн деген оюм бар.

– Анда неге тиги бала менен ары-бери басасың?

– Кызык, ары-бери басат деген эмне? Айыл кичине, бара турган жер деле жок. Кайда басыптырбыз?

– Үйгө кеч келет экенсиң?..

– Кээде мектепте ар кандай иштер болот... биз бүтүрүү классы болгондуктан, бизге тапшырышат... ошондо кеч келип калам..

– Андай эмес... сени ошол бала менен тиги суунун жээгинде басып жүргөнүңдү, адырда гүл терип жүргөнүңдү көргөндөр бар экен...

– Эми классташтар бирге басса болбойбу?

– Жок кызым, буйталактатпай, түз сүйлө... ошол жесир аялдын баласы сага жагабы?

– Ал аял жесир калганы үчүн күнөөлүү эмес да, бул да кудайдын кылганы... Антип бирөөнү кемсинтпеш керек. Ар ким бешенеге жазганын көрөт ата. Аскардын атасы жакшы адам болгон тура, көчкү басып калыптыр -деди, атасына тик карап.

– Жакшы адам болсо көчкү алдында калат беле?

– Ой ата-а, антип айтпаңыз да. Сиз акылдуу адамсыз, ал деген кырсык... аны ал киши өзү тилеген да, күткөн

да жок... антип акарат келтирбеңиз да. Башка бирөөлөр укса эмне дейт? Анан кечке эле "жесир" дей бересизби? Антип кемсинтпеңиз да... сиз эми окуп алыптырсыз, билимдүү экенсиз...

– Мен анын жесирлигин кемчилик деп айтканым жок, эптеп-септеп тиричилигин кылып жаткан немелер, бизге тең боло алабы? Акыры биз да өзүбүзгө тең куда сөөк күтүшүбүз керекпи? Жалгыз кызым болсоң... башка кыздарым болсо да, эркиңе коймокпуз... Алар менен карым-катыш болуш керек. Бир бечараларды куда сөөк кылып алып, же аны менен ымалаша албасак. Жакшылык, жамандык болот дегендей. Анын үстүнө алардын түпкүлүгү ким экени да белгисиз. Бул жакка тентип келишкен. Жетишпеген турмушка сен да көнө албайсың да, кызым. Азыр минтип жатканың менен, эртең эле ыйлактап бизге келесиң.

– Жетишпеген жашоо эмес эле, элдикиндей эле жашоолору бар. Аскар жакшы окуйт, таза жүрөт. Кийинкиси деле жакшы. Акыл-эстүү.

– Сен чын эле ошол бала менен соо эмес окшойсуң ыя?- эртеден бери акырын сүйлөп жаткан атасы, эми үнүн катуу чыгарып, ордунан бир серпилип алды.

– Жок, сиз кайра-кайра аларды кемсинтип жатканыңыздан улам айтып жатамын. Ал менин классташым да.

– Анан эмне аны корголоп жатасың, анын таламын талашып тим эле... ?- атасынын ачуусу келе баштады.

– Коргологан деле жокмун... тим гана оюмду айтып жатамын...

– Анда мындай, кызым, ошол бала менен көп баспа, классташың болсо, ал өз жолу менен. Мектепте гана классташ сага. Анан кыналышып, бирге басканыңарды токтоткула. Эл тим жеринен айтпайт. Экинчи ушундай сөз укпайын.. болду сүйлөштүк... -деди да, ордунан туруп, сыртка чыкты.

* * *

Ошол күндөн кийин кызга үйдөн катуу көзөмөл башталды. Сабак аяктар маалда апасы кочого чыгып, кызды тосуп алат. Анан дарбазаны бекем жаап, сырттан эч кимди киргизишпейт, сыртка эч ким чыкпайт. Атасы жумушунан кеч келсе да, апасынан сураганы эле "кызың үйдөбү, эч жакка барган жокпу?" Мектепке деле жөнөткүлөрү келбейт, арга жок. Анткени, "мектепти аяктады" деген "күбөлүк" алып алыш керек. Анан алардын планында кызды шаарга алып барып, бир техникумга киргизген болушат да, атасы макулдашкан адамдын баласына узатып жиберет. Эгер кыз макул болбой жатса, ала качты кылышат. Ушуларды апасы экөө тымызын сүйлөшүп, макулдашып коюшту. Түн бир оокумга чейин сүйлошүштү.

– Кызыңа угуза көрбө, эч ким укпасын. Тиги кудалар менен да ушинтип сүйлөштүк-деди атасы .

– Эмнеге айтмак элем. Бирок, кокбет кызың көнөр бекен? Дегеле беттегенин бербейт?

– Тиги классташы менен кантип атыптыр, сүйлөшөт да баары бир?

– Эми бир класста окугандан кийин сүйлөшөт да...

– Баягы күнкү окуяны укпады бекен ал жигит, айтып салбады бекен?

– Ким билсин?

– Сурап көрбөйсүңбү?

– Кантип сурайм?

– Эми акырын сура да...

– Аның кабагын ачпайт ошондон бери, сабагынан келет, китеп окуйт. Иш деле кылбайт үйдө. Бир нерсе десем, "экзаменге даярданып жатамын" дейт.

– Мейли, тим кой. Даярдана берсин. Башкысы үйдө эле олтурса болду. Талаалап чыгып кетип, анан тигиниси менен дагы суу жээктеп баспасын да...

– Түз эле үйгө алып келип жатам. Сабагы бүтөөр ченде тосуп чыгып жатам да.

– Ошент... экзамени бүткөнчө ошентип жиберип туралы, анан бүтөөр менен кудаларга барып айтабыз.
– Эмне деп?
– Тез алып кеткиле , кудалашкандар көп болуп жатат. Кызыбыз талашка түштү дейбиз да.
– Анда аларга кызыбызды таңуулайбызбы?
– Таңуулабайбыз... алар деле ошону күтүп жатышат. Күйөө бала окуусун бүтүп келип, иштеп жатат. Эми тез арада үйлөнүш керек экен.
– Кызыбыз жаштык кылбайбы деги... эркелиги деле кала элек болчу. Көкбеттиги болсо чанда жок. Бул кыялы менен аларга кантип батар экен? Ушунусун деги таштабай койду...
– Өзү эле калат.
– Күйөө бала да токтолуп эле калган неме окшойт анда, окуусун бүтсө?
– Ошонусу жакшы да... эрке кызыңды чалчалактатпай, тарбиялап алат.
– Жашы канчада экен?
– Билбейм.
– Мурда үйлөнбөптүрбү?
– Эми сенден жашырганда не, шаарда окуп жүрүп, бирөөгө илешип калган жайы бар экен. Кийин да бирөөнү атасы алып берген экен, аны жактырбай, тез эле ажырашып кетишиптир.
– Ай-ий, эки аял алыптырбы?
– Эми ошондой, алды аты болуп калыптыр да.
– Ай-ий, кызың аны угуп калса, эмне дейт?
– Эми алар менен жашабаптыр деле да.
– Ай-ий, анда кызыбыздын шору экен да... тиги аялдары келип алса эмне болот.
– Жок, келбейт экен... алар менен ЗАГС деле албаптыр.
– Бүлө күткөн немеге берип, кызыбыздын бактысын кыйып албайбызбы, атасы? - аялы ага жалооруй карай, үшкүрүп алды.
– Эмнеге кыймак элек. . Атасы башкарма болсо, элге башы көрүнгөн киши. Атасынын доорунда бир жаңы-

лыптыр да. Эми аны атасы оңдоп жатпайбы. Ага куда болсом, кызымды берсем? -деп, артынан ээрчип, эшигин сагалап жүргөндөр канча дейсиң. А бизге өзү келип жатат. Чынын айтсам, тээ канча жылдан бери эле жабышат, кайра-кайра кирет мага. Улуу башын кичик кылып, улам эле кабинетиңе кире берсе да, жаман болот экенсиң. Башында "кызым жаш, мектепти бүтсүн" деп, буйдалактайт элем. Мына эми кызыбыз мектепти бүтүп жатат. Илгери мындай кыздар бала төрөп, үй-бүлө күтүп эле калышчу. Сени деле канча жашыңда алдым?

– Он бешимде

– Мына... эч нерсе болбой эле жашап жатасың го. Сени дагы карып калды деп алганмын. Оюма койсо он үчтөгү кызды алмакмын-деп, кытмыр күлүп алды күйөөсү.

– Ал кез башка эле да. Азыр заман башка. Жашы жете элек деп...

– Ким сурамак эле...

– Мен үчүн жапжаш кызым... куурчак ойной турган учуру

– Эмне, "кызым жаш, азыр куурчак ойной турган учуру", деп кара даалы кылып алгың келип жатабы? Алма бышып турганда сабагынан үзүп алыш керек. Кызың жаш эмес, накта болуп турган учуру. Анан кеч болуп калат.

– Он сегизге чыкканча коё турсак эмне болот?

– Антип-минтип той камын көрүп, ага даярдангaнча эле убакыт өтүп кетет. Кызың он сегизге толуп калат.

– Сен азыр деп шаштырып жатпайсыңбы?

– Азыр деген жерим жок, аны башкага алдырып жибербейли, кызыбызды жакшы карап, кудалардын колуна аман-эсен тапшыралы дегеним.

– Эмне алар шаштырып жатабы?

– Шаштырган деле жок... бирок, "өзүбүз окутуп алабыз" деп жатышат.

– Кызыңды кантип көндүрөбүз... ага ачык эле айта берсек эмне болот?

– Коё тур, азырынча оозуңдан чыкпасын... кийин айтабыз.

– Кийин айтканда да көнбөсөчү?

– Анда ала качып кетишет.

– Ошо ала качып кеткенде, кызың олтурбай койсо эмне кылабыз?

– Ээ, алардын үйүнүн эшигин аттап койгондон кийин каякка барат? “Бир эшикти аттады” деп, кызыңды ким алат? Ошол жагын да ойлонуш керек.

– Билбейм, кызыбыздын тагдырына балта чаап албасак эле болду...

– Андай болбойт... баары жакшы болот... көрөсүң баары жакшы, биз ойлогондой гана болот. Ии, ырас эле, куда кечээ күнү бир аз тыйын берген. Анысын ачпай да, эсептебей да, сейфке салып койдум. Кийин өзүң ачасың да.

– Эй, койчу, эмнеге алдың анысын. Мезгили келгенде эле албайсыңбы? Кайра бер...

– Эми алып коюп, анан кайра берген болбой калат го?

– Айт да

– Эмне деп?

– “Убактысы келгенде эле алайын” - деп.

– Айттым, ошентип көп эле айттым. Акчасын көтөрүп канча жолу келди. Мен албай жаткanмын... анан кечээ күнү акедей асылып туруп алды да... айла жок, алдым.

– Бекер кылыптырсың... эми аны ачпа, коротпо... эгер бирдеме болуп кетсе...

– Эмне бирдеме?

– Эми ар кандай болушу мүмкүн да

– Ушу сен бирдеменин башын кыйытып жатасың, бир билгениң бар окшойт?

– Жок, эми “жаман айтпай, жакшы жок” дегендей да.

– Антип буйдалактатпай, ачык сүйлө.

– Тим эле оюмду айтып койдум...

– Оюңду айтканда да ойлонуп сүйло, кемпир. Шайтан баарына “макул” дейт.

– Болуптур эми, жон гана айттым да... -алар ушуларды божурашып, бир оокумда укташты. Ошондон кийин аларда мындай багытта сүйлөшүү болгон жок.

* * *

Кыз экзаменин да тапшырып бүттү... Атасы менен апасына дагы деле кырын салып, ачылып сүйлөбөй жүргөн. Алар да тим коюшту. Бир алдын кыз буга таң калчу. Анткени, апасы кызы менен жакшы сүйлөшүп, экөө биргеликте үй-тиричилигин кылышып, кир жуушуп, үй жыйнашчу. Анан ар нерселерди айтышып, тамашалашканды, күлгөндү жакшы көрүшчү. Кээде апасы жаштыгынан кеп салып, атасы экөөнүн жашоолорунан кызыктуу учурду айтып, кыраан каткырык салып калышчу. Негедир, ушундай ирмемдерди сагынды кыз. Апасына барып, баягыдай эле жаркылдагысы келет. Анте албайт негедир. Анан апасынын да кабагы ачылбайт да. Сурагысы келет, даап бара албайт. Ар ким өз тиричилиги менен алектенет. Алардын короосунда мал көп, аны башка адамдар карашат. Жер айдап, эгин эккендер да башка. Аларды атасы ээрчитип келет. Жумуш бүткөндө акча берип, узатып коёт. Апасынын жумушу жалаң үй тиричилиги. Кир жууйт, үй жыйнайт, тамак бышырат. Мурда ушул жумуштардын бардыгына кыз жардам берчү. "Экзамен тапшырам" деп, ал жумуштан убактылуу бошогон. Эми экзамен да бүттү, дагы деле апасына жардам берген жок, апасы да чакырбады. Өзү эле термелеп жүрөт. Бир эки жолу "жардам берейинби?" -деди эле, "өзүм эле жасайм, сен эс ала бер" - деп, койду. Бирок, кызды сыртка чыгарбайт. Экзамен учурунда Аскар экөө башкаларга билдирбей сүйлөшүп алышат, же кат жазышат. Келген каттарды башкалар окубасын дешип, дароо тытып салышат. Себеби, баягы күнкү үйүндөгү окуя кызды бир топ кооптондуруп койду. Аны Аскарга айткан жок. Сыр бербей, мурдагыдай эле экоо сүйлошот, бирок, бирге басышпайт. Кыз ага "көп чогу баспай туралычы, апама

бироо бир нерсе деген окшойт" эле деп койгон. Бала да акылдуулук кылып, кыздын жанына көп келбей, көз менен ымдашып, кат менен сырдашып гана калышты. Алардын эмки ою "шаарга барганда кенен сүйлөшүп, кенен басып-турабыз "дешти.

Ушундай күндөрдүн биринде кыздын үйүнө меймандар келди. Күтпөгөн, бейтааныш адамдар. Чоң-чоң, семиз-семиз кишилер. Анан чоёктогон аялдар. Алардын короосуна машина толуп кетти. Беш алты себет көтөрүшкөн. Атасы менен апасы аларды ушунчалык кичи пейилдик менен тосуп алышып, үйгө киргизишип, бутбутуна тийбей жүгүрүп, тейлеп жатышты. Кыз булардын ким экендигин сураган да жок. Анткени, алардын үйүнө тез-тез эле меймандар келе берет. Атасы оокаттуу адам болгондуктан, дайыма ушундай адамдар келет. Кой союлуп, арак-шараптар куюлуп, сыйды жакшы көрсөтүшөт. Бул жагынан атасы уста адам. Меймандын сыйлаганды жакшы билет. Мындай учурда айылдагы туугандары жана алардын аялдары келип кызмат кылышат. Кызга жумуш деле жок.

– Сен өз ишиңди кыла бер, өзүбүз жетишебиз-деген жеңелери, анын үйдөн чыкпай олтура беришин айтышты. Конок бөлмө болсо, каткырыктарга толуп, улам үндөр катуу чыгып, бир кезде ырлар угулуп , алардын маанайы ачык. Кыз апасына келип:

– Апа, булар кимдер, мурда мындай адамдар келген эмес эле го?-деп, сурап койду.

– Атаң менен чогуу иштегендер..

– Эмненин урматына биздикине келишти?

– Атаң чакырса келишет да..

– Майрам деле эмес, же туулган күн эмес дегендей. Жөн эле чакыра береби?-дейм да.

– Чакыргысы келди, чакырды, билесиң да атаңдын пейилин.

– Тиги аялдар кимдер?

– Аялдары да

– Бардыгыбы?

– Билбейм, эми кимдин аялы ким деп сурайынбы?

– Сиз буларды таанийсызбы деги?
– Бир экөөсүн билем, атаң менен бирге иштейт го
– Калгандарынчы?
– Жок.
– Мм...
– Көп мени суракка ала бербей, бар үйгө кир
– Жардам керек эмеспи?
– Келиндер деле жетишет
– Апа дейм, дайыма эле үйгө меймандар келсе, келиндерди чакыра бересиңер, өзүбүз деле жетишет элек го. Булардын деле үйүндө тиричилиги бар да?
– Келин деген ошондой болот, кызмат кылат...
– Эмне мен да келин болсом, ушинтип кызмат кыламбы?
– Анан эмесе, барган жериң сени олтургузуп коёт дейсиңби? Лыпылдап гана иштейсиң да...
– Ээ, мен иш кылбайм... лыпылдап жүгүрүп... ай, ий, жүгүрө берсем, бутум да ооруп кетет го... ошондуктан тууган уругу жок эле бир байкушка тийип алыш керек...
– Эмне дейсиң?
– "Тууган уругу жок, жетим балага эле тийип алыш керек"- дедим.
– Антип айтпа, "бардар жерге барайын, жакшы жашайын"- дебейсиңби?
– Эмне тууган уругу жок болсо эле, жаман жашайт бекен? Ар ким өзү үчүн жашайт да...
– Сен дагы баягы баланы айтып жаткан жоксуңбу? Ошонуң менен дагы деле...
– Жок эй, ал жөнүндө эмес, жөн гана сүйлөп койдум да.
– Ал баланы унуттуңбу деги?
– Унуттуңбу дегениңиз кандай, ал бир айылда болсо, анан бир класста окусак. Ар күнү көрүшүп турсак, кантип унутасың. Эгер ал алыска кетсе, же мен кетсем, ошондо унутсак болот. Азыр экөөбүз тең бир кичинекей эле айылда жашап жатабыз.
– Эми сүйлөшпөй калдыңарбы дегеним да...

– Сүйлөшөбүз...
– Мурдагыдайбы?
– Кандай?
– Бир басып, бир туруп дегендей...
– Ага силер “запрет” коюп койдуңар го. Сабак учурунда эле сүйлөшөбүз.
– Эмнени?
– Ар нерсени... мисалы окууну бүтүп кайда барабыз... кайда окуйбуз... эмне кылабыз дегендей...
– Иши кылып, өтө жакындашып кетпегиле да...
– Эми аны убакыт көрсөтөт... -кыз, ушул сөздү наздуу айтты да, апасы “эмне дээр экен?”- деп, ага тигиле карады. Апасы жер караган абалда:
– Бар бежиребей, үйгө кир... меймандар чыгып калса
– Чыкса эмне болот экен?
– Көрүп калышпасын да.
– Көрсө эмне болот?
– Эч нерсе... бар, кир үйгө-деп, бурк этип алды. Кыз ушул ирет апасына эркелегиси келди. Мурдагыдай сырдашкысы келип, атайы сөздү узарта берди. Бирок, апасы негедир бир нерседен кооптонгондой, улам кыздан жалтактап, үй тарапты жалт-жалт тиктеп жатты. Кыз ушуну байкап, ого бетер анын жанынан кеткиси келбеди.
– Апа дейм, мен качан шаарга кетем. Күбөлүктү деле алдык го. Окууга тапшыра тургандар кетип жатышат.
– Кимдер?
– Баары эле
– Эмне бардыгы окууга тапшырышат бекен? Тиги айылга барып, мектепке эле окуй тургандары жок бекен?
– Андайлар аз. Бардыгы эле техникумга, СПТУга барабыз дешет го. Тиги айылга барганда эмне, интернаты жабылат имиш. Анан күндө каттап окушат беле? Суу көбөйгөндө келе албай, кыйналышат да.
– Ооба, ошондойу да бар. Ошол үчүн сени атаң шаарга окутам деп жатпайбы.

– Мен деле окуйм деп жатам го. Ошону сурап жатам да, "качан жөнөйм" деп.

– Меймандар кетсин, анан атаң болуп кенен олтуруп, сүйлөшөбүз. Бар эми, кир үйгө-деп, дагы меймандар олтурган бөлмө тарапты карап койду. Кыз эми гана ордунан туруп, өзүнүн бөлмөсүнө кирип кетти. Башка сыртка чыккан жок. Түпсүз кыялга батып олтуруп, уктап кетти.

Эртең менен ойгонсо, айлана тыптынч. Меймандар кеткен кыязы. Короодогу лампочка күйүп турат. Таң атып калыптыр. Ордунан туруп, сыртка чыкты. Сыртта эч ким жок. Анын чыкканын көрүп, короодогу койлор үн салып койду. Анан кичинекей күчүгү ага жүгүрүп келип, адатындай эле буттарына жабышып, улам эркелеп коёт. Кыз ушул күчүктү көчөдөн таап келген. Сабактан чыгып келе жатса, баланын ыйлаган үнүндөй добуш жакын эле жерден чыккан. Кулак түрө, тыңшаса, жол четиндеги чөптүн арасында али көзү ачыла элек күчүк тырмалаңдап жатат. Анын жанына барып, күчүктү колуна алды да, түз эле үйүнө алып келди. Үйүндө кабаган эки ит бар эле. Апасы аны көрүп:

– Эмне иттен коргон кыласыңбы? –деп, койду.

– Бечара күчүктүн көзү ачыла элек болсо да, жолго таштап коюшуптур, өлүп калат го...

– Ии, кереги жок бирөө таштады да... алар таштап салса, сен жыйнап келесиңби?

– Боорум ооруп кетпедиби... -деп, күчүктү ыңгайлуу жерге жаткырып, анан сүт жылытып берген. Курсагы ач экен, аймалап ичип алган. Ошондон бери анын үйдөгү эрмеги ушул күчүгү. Азыр көзү ачылып, борсулдап үрүп, тыпылдап жүгүрүп жүрот. Кыз ушул күчүккө жакын, аны тиги да билгендей, туйгандай, кыз көрүнө калса эле, тыпылдап жүгүрүп барат да, буттарын жалагылап, анан борсулдап үрүп, эркелей баштайт. Кыз болсо анын башынан сылагылап:

– Курсагың ачпадыбы, эч ким сени капа кылбадыбы?... -деп, божурап дагы бирдемелерди сүйлөп, анын сөзүн угуп, туюп жаткан таризде, кыйлага аны менен

алектенет. Ошол адаты менен таң эрте турган кыз, дагы күчүгү менен бир топко эркелешти. Анан апасы ичкериден чыгып келе жатып:

– Ии, дагы кармалап жатасыңбы... жайына койсоңчу, көп кармалай бербе... иттин оорусу болот... -деп койду да, ажаткана тарапка басып кетти.

– Апа дейм, меймандарыңыз кетиштиби? - деди апасынын артынан суроо сала.

– Түндө эле кетишкен.

– Аябай чер жаздыңар окшойт ээ?

– Атаң чер жазды да... мен көп деле алардын үстүнө кирген жокмун... Анан апасы кайрылып келгенде, кыз суроосун узатты.

– Деги ошол адамдар кимдер, атам тим эле алардын алдында бөжүрөйт го?

– Кийин билесиң... - деп, апасы кол шилтеп койду да, бет жуучу жай тарапка карай басты.

– Эмнеге кийин? Азыр билсем болбойбу?

– Азыр эрте...

– Ой, эмнеге эрте? Эмне эле табышмактатып жатасыз?

– Табышмагы жок эле, азыр ар бир келген мейман жөнүндө биле берсең, анда эрте каарыйсың...

– Кызык сүйлөйсүз да... Айтып койсоңуз эмне болот. Мурда ар бир келген конок тууралуу айта берет элеңиз го. "Мунусу мындай, тигиниси тигиндей" деп, эле бежирей берчүүсүз го, эми айткыңыз келбей калдыбы? Макул айтпасаңыз өзүңүз билиңиз. Мага деле кызыгы жок... -деп кыз, бултуңдай, үйгө кирип кетти. Ошол бойдон ал күнкү коноктор тууралуу сөз деле болгон жок.

Убакыт келди. Кыз мектептен жетилүү күбөлүгүн алганы калды. Бир күнгө болжоп, аны салтанаттуу түрдө тапшыруу үчүн мектепте чогулуш болот экен. Анан бүтүрүү кечеси болуп, эми чындап мектеп менен кош тошушат. Ага кыз да тымызын даярдык көрүп жатты. Шаарга түшүшүп, аппак койнок алдыртты. Апасы негедир элпек, кыз эмнени айтса баарын сатып берип жат-

ты. Атасы да кызынан эч нерсени аябаган киши болуп, улам "кызым, эмне керек болсо ачыгын айта бер, сенден эмнени аяйлы, жалгыз кызыбыз болсоң..." - дейт. Ушул аралыкта кыз Аскар менен эч бир жолуга албады. Анткени, апасы жанынан чыкпайт. Кайтаруусу катуу. Короо ичинде жүрсө да, кызды издей берет. Дарбазадан сыртка чыгарбайт.

– Классташ кыздарга эле барып келейинчи? - деген өтүнүчү жоопсуз калат.

– Эмне кыласың, сабак деги бүттү. Башка эмне жумуш кылмак элең, сен керек болсоң, өздөрү келишет... -деп, эч жакка чыгарбайт.

– Апа, эмне эле мени кайтарып калгансыз, эмне мен бир жакка качып кетемби? - деди бир күнү. Ушул ирет алар эне-бала болуп, ачык сүйлөшкөндөй болушту.

– Бой жетип калган кыз болсоң, кайтарам да. Сыртка чыксаң, артыңдан аңдый жүргөндөр толтура. Бири болбосо, бири илип кетсе, эмне кылабыз?

– Эмне, илип кетсе эле, кете берет бекенмин? Акыры менин да жаным бар го, аларга илинбешке аракет жасайм да, кызыксыз эй...

– Ошо илдирбейин деп жатам да. Сенин кайсы алың бар... андайдан кудай сактасын... үйдөн өз колубуз менен узаталы деп жатпайбызбы?

– Каякка, окуугабы... шааргабы?

– Каякка болсо да... өз колубуздан узаганың жакшы эмеспи... жалгыз кызыбызсың, сени кандай тилек менен чоңойттук. Атаң сенин бактың үчүн жүрөт да темселеп...

– Мен аны билем... ошон үчүн жакшы окуюн дедим да... эми да жакшы окуйм, жакшы жүрөм... жакшы кыз болом... анан Аскар экөөбүз...

– Кайсы Аскар? Баягы балабы?

– Ой, эмне деп салдым?... тим эле айтып койдум да...

– Тим эле айткан жоксуң... сөзүңдө бир мандем бар... чыныңды айтчы, ал бала менен дагы деле?...

– Кызыксыз, кайтарып жүрөсүз го, анан качан ал менен...

– Мен эмне күндүр-түндүр жаныңда жүрөмбү? Эгер кааласаң менин кайтарганыма карамак белең? Бир шылтоону таап, билгениңди жасап жаткандырсың...

– Андай эмес, биз мурда ошентип сүйлөшчүбүз... анан силер бизге тоскоол болдуңар го? Азыр сүйлөшпөй эле...

– Мурда эмне деп сүйлөшөт элеңер?

– Экөөбүз бирге окуп, бирге иштеп, анан бактылуу болобуз дейт элек...

– Ал жигит сага тең эмес... Сени кудалап койгон жерибиз бар... - апасы ушул сөздү айтып алып, катуу чоочуп да кетти.

– Эмне дейсиз?

– Эми баары бир акыры угасың да... кудалап койгон жер бар... -апасы кызына тике карай албай, жалтайлады.

– Ким ал? - кыз ордунан ыргый турду да, апасына ачуу үн менен кайрылды.

– Атаң деле, тууган урук деле билет. Колхоздун башкармасынын уулу экен. Ал тиги чоң шаардан окуп, колхоздо иштеп жатыптыр. Мына ошолор биздин теңибиз болот. Бардар турмушта жашайсың. Эч нерседен кем болбойсуң.

– Апа, эмне деп жатасыз? Мага айтпай эле, өз алдыңарча ушундай иш жасап койдуңарбы? Мен таанybaган, көрбөгөн адам менен кантип жыргап жашайт элем. Ал заман өткөн го. Азыр ар ким өз тагдырын өзү чечет да...

– Жок кызым, биз сенин келечегиңди, бактыңды ойлоп жатабыз, сага жамандык кааламак белек... -деп, апасы, кызынын чекесинен сылай, бетинен өптү. Апасынын бул жоругу ага жаккан жок, негедир ичиркене түштү.

– Апа, мен окуйм, мен эч ким менен сүйлөшкон жокмун. Ошо жесир кемпирдин баласына да, сиз тапкан кишинин баласына да барбайм, мен окуйм. Азыр жашмын... -деп, кыз ордунан турду да, ары басып кетти... Апасына катуу таарынды. Бөлмөсүнөн сыртка чыкпай,

буулугуп, жата берди. Ыйлай алган жок. Бир алдын, апасынын сөзүнө ишене бербеди. "Тим гана айтып койду го, мени сынап жатат го?"- деп да ойлоду.

Ушул күнү атасы жумушунан эрте келди. Алдынан тосо чыккан аялына бирдемелерди айтты эле, анысы да ага жооп кылып, бир нерселерди көпкө бежиреп, колу менен кыз жаткан бөлмө тарапты көрсөтүп коюп жатты. Атасы негедир шаңдуу, маанайы ачык келген. Аялы экөөнүн ушул кыска аралыктагы сөзүнөн кийин, сары ирени кызара, ачуусу келген тариздө, ичкери тарапка басты. Артынан аялы кадам таштады. Алар түз эле кыздын бөлмөсүнө кирипти. Атасы азыркы ачуусун билдирбешке аракет жасап:

– Кызым, кандай, эмне болду? "Үйдө эле үңкүйүп олтурат" дегенинен, "эмне болду?" - деп эле, кире калдым. Ооруган жоксуңбу кызым? - деп, кызга жасакерлене сүйлөп жатты.

– Жок, эч жерим ооруган жок. Бирок, апам айтканы чын болсо, анда... -кыз, мукактана, андан аркы сөзүн айта албай, тамагы буула түштү.

– Апаң эмне деди?

– Апамдан сурабайсызбы?

– Эми сенин оозуңдан угайын да?

– Жакшылап сураңыз, баарын төкпөй-чачпай айтып берет.

– Ал айтты, эми өзүң улантчы кызым, эмнеге таарынып жатасың?

– "Кудалап койгон жерибиз бар" дейт. Анан ал "окуган неме" имиш...

– Мунун баары сенин бактың үчүн да кызым... -атасы жасалма кыймылы менен, кызын бооруна тарткан болуп, чачынан сылап койду.

– Кантип, кантип менин бактым үчүн экен? Мен аны көрбөсөм, билбесем, тааныбасам. Эмне башкарманын баласы болсо эле, сөзсүз ага тийишим керекпи?

– Андай деле эмес кызым, ал киши сен кичинеңден эле, "кызыңды мага келин кылып бересиң" -деп, жүргөн. Көп жылдан бери экөөбүз чогуу иштейбиз, чогуу

жүробүз. Анын коңүлүн калтырбай "макул" деп койгонмун. Менин ошол сөзүмдү бекем кармап жүрүптүр да. Эми минтип, сен мектепти бүтүп жатканыңда келип жатышпайбы.

– Кызыксыз го ата. Мен эмне адам эмес эле, буюм экенмин да. Бири-бириңерге бере салгыдай, же мал экенмин да. Андай заман жок да азыр. Кичине ойлонуп иш кылсаңар?!

– Ошо ойлонуп, анан ушундай чечимге келип жатпайбызбы... Алар жаман адамдар эмес. Эгер жаман киши болсо көп жыл колхоздо, бир орунда иштейт беле? Жакшы киши. Аялы да адамгерчиликтүү зайып. Баласы да маданияттуу дешет...

– Жакшы болсо өздорүнө... мен окуймун..- кыз тез-тез басып, каалганы карс жаап, сыртка чыгып кетти.

Анын артынан узата караган атасы, аялына соз катты.

– Бул көкбетиң эмне дейт, ыя? Акырындан сүйлөшө бер, кулагын бышыта бер дебедим беле?

– Айтыш деле кыйын экен. Канча камдансам деле, анын алдына келгенде, тилим булдуруктап, эч нерсе айта албай жүрүп, бүгүн четин чыгара баштаганда...

– Эй, алар менен сөздү бышырып койбодук беле? Бая күнү эле акыркы сөзүбүздү айтып, баарын чечпедик беле?- күйөосү турган ордунда ойдолоп, эки бети анардай кызарып, ачуусу жүзүнө чыгып, алдастай баштады.

– Ошондо эле бул кокбетке ачыгын айтсак болмок экен... - деп, аялы да, тынчсызданган үн менен күйөөсүнүн жүзүнө тик карады.

– Болуптур, ушинтип когоро бере турган болсо, мен да көгөрөм, билгенимди жасаймын...

– Эмне кылмак элең?

– Билгенимди жасаймын. Ии, ырас эле мунуң жанагы бала менен сүйлөшпөй эле калдыбы?

– Кайтарып эле жатам, эч жакка деле чыгарганым жок... билбейм анан...

– Ээ, булар иштин баарын түндо бүтүрүп жүрүшпосүн. Итти агызып койгула дейм го.

– Агызып эле коёбуз... Эми анчалык деле кайтара бергенде болбойт да. Тим эле бечара кызымды үй күчүк кылып бүтүрдүк. Арыктап да кетти. Анын артынан салпактап, ал жакка басса ал жакка, бул жакка басса бул жакка селпектейм. Бир алдын өзүмо да боорум ачып кетет. Оюна эле коюп, окуса окутуп, анан ошол жактан өзүнө жакканын таап алат эле го... Ошол кудаларың мага деле жаккан жок-деп, аялы ачуусу тарай элек күйөөсүнө бурк этип алды.

– Эмнеси жакпай калды? - деди, бул сөзгө териге түшүп.

– Чиренген немелер экен...

– Эми чирене тургандай адам болсо, чиренет да...

– Анан кызыбызды кордоп коюшсачы, кемсинтишсечи?

– Кемсинтишпейт, мен турам го. Мен деле алардан кем эмес адаммын. Тиричилигибиз деле алардыкынан кем калышпайт. Кудага шүгүр, айылдын алдыбыз. Ал эмес ушул өрөөндөгүлөрдүн алдыбыз. Бизге даап келип, сүйлөшүүгө зар болгондор канча экен. Ар ким өз теңи менен болгону жакшы да.

– Эмне алар биздин теңибиз дейсиңби, мен тиги кудагыйдай боло албайм. Антип, көзүмдү да сүзө албайм. Бардыгы жасалмадай көрүндү.

– Эми сен деген сен да. Жаштайыңдан кара жумушта быштың. Билимиң да жок. Ал деген окуган, иштеген аял. Анын үстүнө күйөөсү тигинтип өмүр бою машинадан түшпөсө, табарман болсо, балдары да билимдүү болуп чоңоюшса, анан ал чиренбегенде ким чиренет?

– Анда мен да өзүмдөй билимсиз бирөөнү кудагый күтөйүн...

– Ии, дагы эмненин башын кылтыйтып жатасың, жанагы жесир катынды айткың келген жокпу?

– Жесир болсо эмне экен? Кечке эле бечаранын күнөөсүн көтөрүп, "жесир, жесир" дейсиң. Аны кудай кылды да. Жесир болгону менен тиричилиги элден кем

эмес. Айылга кадыр-баркы бар. Баласы да акылдуу дешет.

– Тигини, тигини, эмне эле аны коргоп калдың? Сен тымпыйып жүрүп алып, ишти бул жактан бышырып жаткан жоксуңбу ыя? - күйөөсү үнүн катуу чыгарып, аялын уруп жиберчүдөй атырылып барып, токтоду.

– Эмне анча акшыңдайсың, сенин сөзүңө жараша эле айтып койдум. Бирөөнүн кемчилигин айта бергенде болбойт да. Ал дагы сен сыяктуу пенде.

– Жок, сенде бир мандем бар. Кызың экөөң тымызын бир иш жасап жатат окшойсуңар. "Карышкырга кой кайтартып" жаткан жокмунбу?

– Болду эми, адамды бөөдө күнөөгө жыкпай, мен тим гана оюмду айтып койдум.

– Эскертип коёюн, эгер ошол жесир катындын баласы менен кызыңдын дагы сүйлөшкөнүн уксам, экөөң тең капа болбойсуңар. Анан тиги балаңар да оңбойт. Мен кудаларга убада берип койдум. Билесиң, калыңын да өткөрүп коюшту. Эл караган бетим, жер карабасын. Бир айласын издейли… -деп, бир аз ачуусун баса, аялына карады.

– Эми азыр жаш да, бир жагынан аны эркелетип, оюндагысын жасаткан өзүңсүң… Акырындап сүйлөшсөк кантет?

– Мунуңдун адамча сүйлөшчүдөй түрү жок го?

– Жеңелерине айттыралыбы?

– Аларды угабы деги?

– Айтып көрүшсүн… ал болбосо агаларына айтабыз да. Алардын тилин алаар. Карап тур, мунуң "окуйм" деп, шаарга кете турган болсо, бизге карматпайт. Өз билгенин кылат. Ошондуктан кудалар айткандай эле кылалы… эч кимге билгизбей, "өзү качты" кылыш керек- деп, атасы ушу табылгасына кубана, эки алаканын шак коюп, ордунан туруп, сыртка жөнөдү. Кантсе да эне эмеспи, ак сүтүн берип, ак мамагын аймалатып өстүргөн кызын башка бирөөлөргө ыраа көрбөй кеттиби, ордунан жылбай, кыйлага чейин олтурду. Күйөөсүнүн сөздөрүн кызына айткысы, ага жардам бергиси келди.

Анын үстүнө кызды алчу кудалары ага негедир жакпай калгансыган. Себеби, куда болом дегени жасалма сүйлөп, өзүнө жарашса-жарашпаса да борсулдап күлүмүш болуп, анан чендейген курсагын сылагылап, чиренгени эч жакпады. Аялы болсо, көзүн сүзүп эле, тамакты да ичер-ичмексен болуп, улам үй ичиндеги буюмдарга көз салып, кээде мурдуларын чүйрүңдөтүп олтурган. Аларды жандай келгендери тескерисинче шатыра-шатман, шайыр олтурушкан. Же алар, "бир жагынан куда - соок болуп жатсак, бир аз жонокой корүнөлү" дештиби, ашыкча эле чоюлуп коюшканы апасын иренжиткен эле. Анан кызы ушундай жасалма адамдардын үй-бүлөсүнө барса, кийинки тагдыры кандай болот? Аларга чыдай алаар бекен? Жалаң гана чоң кызматтарда иштеп, эл башкарып көнгөн неме, кызына деле жакшылыктуу карабайт го деген ой турду.

Билинбегени менен үйдө кыйлага олтуруптур. Күн кызарып, уясына батып бaратат. Сыртка чыгып, кызын издеди. Атын атап, чакыра баштады. Кыздан дарек жок. Көчө тарапка чыкты, жолду карады. Эч ким көрүнбөйт. Атасы да көрүнбөйт. Сыртта турчу машинасы да жок. "Кызын салып алып, бир жакка кетти бекен?"- деп, да койду. Бирок, жанагы түрү менен кызы да атасынын машинасына түшпөйт го. Узун, чаң көчө менен кыйлага чейин барып, кызын издеген болду. Сураштырайын десе, бирин-экин майда балдар гана жолдо ойноп жүрүшкөнү болбосо, башка караан деле корүнбөйт. Айыл четиндеги мектепке чейин барды. Мектептин айланасы тыптынч. Азыр балдар жайкы каникулга кетишкен да. Айылдагылар болсо бирин-экин малын жайлоого чыгарып, өздөрү да "кымыз ичели, май-курут жасап алалы" деп, ал жакта тырмаланып жүрүшөт. Булар болсо жайлоого чыгып көрүшө элек. Короодогу малдын баарын малчылары багат. Аларга тез-тез жайлоо тараптан кымыз, майлар келип турат. Чоң колхоздун чоң бир адиси болсо, анан жайлоодо жүрүшсө жарашпайт да. Заматта кызынын дарексиз кет-

кенине кыжаалат болуп, артына кайтып келе жаткан-да алдынан эки тестиер кыз жолукту.

– Азимгүл эжеңерди көрбөдүңөрбү? - деп, алардан сурай кетти.

– Тиги, дарыя тарапта Аскар агай менен турат го-деди, алардын бири тыкылдай сүйлөп... ал жактан суу алып келе жатып, коргон болчумун, - деп чын эле көргөнүн тастыктай сүйлөдү.

– Канча болду көргөнүңө? - деп, кайра да тактап алайын дегендей, кызга суроо узатты.

– Бир топ эле болуп калды...

– Мейли анда... мен ошол жакка басайын анда – деп, денесин заматта калтырак баскан аял дарыя тарапка жүгүрдү. Кызынын Аскар менен турганы анык болсо, анда эле күйөөсүнөн таяк жээри бышык. Эл деген эл да, бири болбосо экинчиси корот. Мына жанагы кичинекей кыз да көрүптүр. Демек, буга чейин дагы далайлар көрүп, анан аны күйөөсүнө айтып койсо эмне болот? Кадамы арбыбай, алдыга эмес, артка кеткендей, далдастай басып, дарыянын жээгине да келди. Эч бир караан көрүнбөйт. Суу кыйла тартылып баратыптыр. Антсе да, улам эки жээкке урунуп, бууракандап ылдый агып жатат. Адатта суу күзгө жакын тартылат. “Сууга боюн таштап жибербеди бекен?” деген суроо кыялына келе калганда, денеси бир үркүп алды. “Жок, таштабайт, Аскар менен жүрсө, эмнеге таштамак эле... кайда кетишти экен?” - аял, дарыянын жээги менен кыйла төмөн басып барып, кайра артына басты. Кызы баары бир аман, эч кандай жамандык болбойт, бирок, атасы билип калса, үйдө дагы ызы-чуу болоору бышык. Ушундай ишенич менен аял үйүнө келди. Бул убакта күүгүм кирип калган. Кызы болсо сарай тараптан басып келе жаткан экен.

– Сен кайда жүросүң, издебеген жерим калган жок го, деги кандай кызсың сен... мынча азапка салып жатасың? - деп, ачуусу менен кызынын жанына келип, жаагына чаап калды.

– Эмне болду, апа? - деп, кыз бетин колу менен басып, туруп калды.

– Эмне болду дейт, эмне болду деп, билмексен болот… мен сенин артыңдан издеп кайжакка чейин барып келдим. Оюма эмнелер гана келген жок. Дагы жакшы атаң жок… ал болсочу…

– Эмне мен бир жакка кетип калдымбы… ушул эле жерде жүрдүм го…

– Каякта жүрдүң, кана айтчы, каякта жүрдүң?

– Ушул эле жерде.

– Ушул жериң кана, кайсы жер? Сарайдын ичиби? Тиги көчөбү?

– Ушул эле жерде…

– Дарыяга эмне бардың?

– Ким айтты?

– Көргөндөр… тиги бала менен жүрүптүрсүң го?

– Жүрсө эмне экен?

– Ай кыз ай, сен деги бир нерсени түшүнөсүңбү? Атаң эмне деди?… Ал бала сенин теңиң эмес деди го?

– Анан ошо мен таанбаган “неме” менин теңимби? Биз Аскар экөөбүз качантан бери сүйлөшөбүз го. Элдин баары билет, классташтарым билет. Баары эле бирибириңерге ушунчалык “парсыңар” дешет алар. Аскар акылдуу бала да. Ал боорукер. Атасы жок болсо эле кемсинте бериш керекпи?

– Эмнелерди эле айтып, башты оорутуп жатасың, сен кыз? Сага сөйкө салып кетишти го?

– Кимдер?

– Кудалар…

– Качан?

– Бая күнү…

– Бая күнү качан? Мен бар белем?

– Бар эле болчусуң… келишти го бир топ адамдар… түнү менен олтурушту го… жүрдүң го ушул эле жерде…

– Ии, эми эстедим… бая күнү тим эле курсактары жер чийген, керкейген, кейпи суук адамдарбы?

– Ошолор…

– “Алар кимдер?” - деп, кайра-кайра сурасам, “билбейм” деп койдуңуз эле го?

– Ал күнү билген эмесмин да

– Койсоңузчу апа, калптан эле анткорлоно бересизби? Сиз баарын билесиз. Жалгыз кызыңызды ушинтип жаман адамдарга салып берейин деп жатыптырсыз да ээ?

– Кантип жамандыкка кыймак элем, тескерисинче бактыңды ойлоп жатабыз да...

– Айтып коёюн, аларга өлсөм да барбайм. Тескерисинче, мына ошолор биздин теңибиз эмес. Алар деген байлыкка чиренген, жеп ичкич, жаман адамдар... сыртынан эле билинип турат... тим эле чиренишет, бул ааламда жалгыз эле ошолор барчылап...

– Атаң эбак эле макул деп, анан алар калыңын да беришкен да.

– Атам макул десе, өзү бара берсин анда... калың берсе, кайтарып койгула. Мен эч качан макул эмесмин. Эгерде аларга зордоп бере турган болсоңор, баары бир кетип калам... көз көрбөгөн жакка кетип калам... анан жүрөсүңөр кызы жок болуп...

– Кой кызым, андай жаман нерсени айтпа. Биз сага жамандык кааламак белек... -апасы эми жумшара, кызына жасалма сүйлөп, аны бир ийге келтирүүнүн амалын издей баштады.

– Жакшылык каалаганыңарды түшүндүм. Жакшылык кылабыз деп, кызыңарды тозокко түртүп жатасыңар да. Андай адамдар эч качан жакшы болушпайт. Алар деген байлыгына чиренгендер. Атасы кандай болсо, баласы ошондой болот да. Бардыгын өз бешене териң менен тапкан жакшы. Аскардын эмнеси жаман? Көзү сокурбу? Буту майрыкпы? Мурду маңкабы? Колу чолокпу? Эмнеси кем? Силер чангыдай, кемсинткидей, кайсы жери кем? Баары жогу топ келишкен эле жигит. Кедей деп жатасыңарбы? Байлыкты адам табат да. Балким силер тандаган кудаңар эртең итке минип калса эмне болот? Анда “булар кедей болуп калды, биз байлыгы үчүн кызыбызды бергенбиз”, - деп алып чыгып кете-

сиңерби? Атасы жок болсо, ал күнөөлүү эмес... ошону эле айта беришет экен... -кыз бултуңдап, ары басайын дегенде, апасы колунан кармап, токтотуп калды.

– Токто, көп эле акылдуусуна бербечи! Бир нерсе болсо эле, бултуңдап, ары басып кеткен адатыңды таштабайсыңбы? Сени менен ачык сүйлөшөйүн деп жатам. Ата-эне эч качан баласына жамандык каалабайт. Биз дагы сени жаман жерге барсын дебейбиз... атаң акылдуу адам, анын да бир билгени бар да...

– Атам акылдуу эмес эле, дүнүйөкор, ачкөз адам. Анын оюнун баары эле акча, байлык, ... анан колунда бар адамдарга кошоматчылык кылып, бүжүрөп эле жүрөт.

– Кой, кызым, өз атасын кантип ошентип айтсын?! Атаң жакшы адам үчүн ушундай бардар жашоодо жашап жатпайбызбы? Атаң табарман адам...

– Ооба, укмуш табарман да... алдым-жуттум адам. Аны баары айтышат.

– Кимдер айтып жатышат?

– Баары эле, мен кичинекей кезде көп айтышчу. Мен да ошондо алар менен урушуп, "менин атам жакшы" деп ыйлайт болчумун. Азыр анын кимдигин түшүнүп жатамын.

– Эмнесин түшүнүп жатасың, ким экен ?

– Айттым го, ачкөз, кошоматчы...

– Муну кара, тим койсо өз атасын жаман деп. Сен азыр жашоо эмне экенин билбейсиң. Даярына тап коюп, курсагың ачпай, кийимиң бүтүн, элден ашыкча болуп жашаганың ошол атаңдын жакшылыгынан, кыйындыгынан болуп жатат. Агаларыңды окутту, мына экөө тең чоң шаарда, чоң окууда, эч нерседен кем болбой окуп, иштеп жатышат.

– Анда эмнеге мага тоскоол болуп, шашып-бушуп күйөөгө бергени жатасыңар?

– Сен дагы окуйсуң...

– "Кудалап койдук" деп, жатпайсызбы?

– Ошолор окутушат... анан биз дагы жардам беребиз.

– Эч качан күйөөгө тийген кыз окуй албайт, ошолоруңуз балакетине окутуп коёбу? Дароо жумушка салат да. Мен жанагы кекирейгендердин тамагын жасап, кирин жууп, малын багып, эшигин шыпырып отот экенмин да? Ошолордун кулу болуп, эртең эле бырышыптырышып, карып, кемпир болуп, алдыңызга келем да ээ?

– Андай болбойт, күйөө бала окуусун бүтүрүп келиптир, иштеп жатыптыр. Силерди өзүңорчө бөлүп коюшат да. Балким шаарга кетесиңер? Иши кылып озүбүз окутуп алабыз дешти го...

– Огоо, апа, кептин баарын бышырып койгон экенсиңер да ээ? Бир ооз менден сурап, менин макулдугумду алсаңар болбойт беле? Анан күйөө баланы деле көрсөм болбойбу?

– Коросүң.

– Качан?

– Шашып жатсаң бүгүн деле... -алар ушинтип сүйлөшүп жатканда, дарбазанын сыртынан машинанын үнү угулуп калды.

– Ана, атаң келди окшойт. Ачуусу жаман болчу. Дагы бирдемени чыгарбаса болду. Жанагы бала менен бирге жүргөнүңдү укпаса экен? - деп, апасы шыпылдай дарбаза тарапка басып, аны ача баштады. Кыз ошол ордунан жылган жок. Ал буулугуп турду. Атасына да, апасына да таарыныч пайда болду. Ушул элдикинен өзгөчөлөнүп салынган бышык кыш менен заңгырата тургузулуп, айланасы тосмолонгон короо козүнө жаман көрүнүп кетти. Атасы мунун баарын ак мээнети, бешене тери менен салбаганын балалык сезими туюп турду. Себеби, айылда эч кимдин үйү мындай эмес, эч кимде машина жок. Баарынын жашоосу бирдей. Көпчүлүгү үйлөрүн кара топурак менен эле тургузуп алышкан. А түгүл үстүн да сай жээгиндеги узун камыштан оруп келишип, ошону менен жаап алгандар да бар. Бирок, узатасынан кеткен эки көчө эл жашаган бул чакан кыштакта жашоо бир нукка түшүп, турмуштары оңолуп эле бараткан. Анан атасы эле башкалардан өзгөчөлөнүп,

кызыл кыш менен там салганы кызга деле табышмак болчу. Алар бардар турмушта жашашат. Үйүндө дайыма эт, май, сүт, таттуулардын түрлөрү бар. Айылдагы курбулары кыздан кооптонуп турушчу. Кыйла жигиттер ага даап келе алышпайт эле. Себеби, алар өздөрүн кызга тең карашпайт, атасынан айбыгышат. Аскар гана ага оюн ачык айтып, бирок, өзүнүн турмушу оп-чап экенин ачык билдирип, апасы экөө кыйын жашоону да баштан кечиришкенин көп ирет бежиреп берген. Анан экөө биринчи класстан бери чогуу окушкандыктан, акылы тетиктиги, зиректиги жагынан айырмаланып турган жигитке кыз да кайдыгер карабай, экөө алтынчы класстан эле ымалаш болуп кетишкен. Ал кезде балалык кыялдар, балалык сезимдер эле. Ошол бирибирине болгон таза сезимдер, улам чоңойгон сайын махабатка айланып бараткан. Алар бирге олтурганда кыялдана беришчү. Аскардын апасы да жакшы аял. Ал жөнүндө айылдагылар жакшы кеп кылышат. Кыз атасына ушуларды ачык айтып, дал азыр бир жаңсыл болууну ойлоду. Атасынан корккон жок. Ошондуктан атасын дал ушул жерде күтүп тура берди. Апасы дарбазаны ачты эле, машинаны ичкери киргизген атасы, кыйладан кийин кабинаны ачып, чирене басып, түшүп келди. Кыз тарапты караган жок. Жүзүнөн дагы деле ачуусу кете электей. Кызарып алыптыр, кыязы бир аз шараптап уруп алган го. Атасы жасалма кыймылы менен, кызын көрмөксөнгө салып, ашкана тарапка басты. Ал жакка кирип кетсе, кыйладан кийин чыгарын билген кыз, атасы жакка басып, анын жанына келип:

– Ата, сизде сөз бар... -деди, тайманбай.

– Ии, эмне болду? Эмне соз... сөз бүттү эле го? Сен кызым, менин жүрөгүмдү катуу ооруттуң... -деди, кызына таарынган түр көрсөтүп. Атасынын кыйла кызуу экенин байкаган кыз, “айтсамбы, айтпасамбы?” деп, ойлоно туруп калды.

– Айта бер, эмне сөз?- эми атасы аны уга турган түр көрсөтүп, кыйгач көз менен кызына карап койду.

– Ушул жерден эле айта берейинби?

– Айта бер, ырас камданып калгандан кийин...
– Мен сиз кудалаган жерге барбаймын...
– Эмне, эмне?!
– Сиз кудалап, калың алып койгон жерге барбаймын-деп, жатам. Мен окуймун дедим го?!
– Окуйсуң... сени ким окубайсың деп жатат?
– Кудалап коюптурсуңар го?
– Кудаласа эмне экен? Ал окууңа тоскоол болбойт... алар деле ошону айтып жатышат, окутабыз, иштетебиз эле деп жатышат.
– Анда мен качан шаарга кетем, качан окууга тапшырам? Элдин алды кетишти. Тапшырып жатышат. Мен болсо...
– Барасың... жакында өзүм алып барамын...
– Сөзүңүзгө турасызбы?
– Эмне алдамак белем...
– Тайсалдап жатасыз го, ата... чын айтып жатасызбы?- ... кыз атасынын алдына барып, анын жүзүнө тик карады. Атасы андан көзүн ала качып, дагы да жасалма сүйлөдү. Жаш болсо да, атасынын ушул жерде куйтуланып жатканын сезди.
– Анда мен камына берейинби? - деп, ошол калыбында суроо салды.
– Камына бер... эки-үч күндө жолго чыгабыз. Мен да жумуштан уруксат сурайм. Сени ал жакка алып барып, жайгаштырышым керек да... -деп, жер караган калыбында, эми артка бурулуп, чоң үй тарапка басты. Кыз атасынын ушул жоругун түшүнө албай турду. "Баары бир мени алдап жатат. Бул түрү менен мени эч жакка жибербейт" - деди көкүрөгүндөгү ой туюму. Анан "муну тез арада Аскарга билдирүүм керек, ал дагы жолго чыкса, бирге кетебиз. Бирок аны атам көрсө, жаныбызга жакын жолотпойт го, андан көрө ал бизден мурдараак кетиши керек. Мени ал жактан тосуп алышы керек. Ал бечара да эбак эле кетмек, мени күтүп жүрөт да..." деген кыз, дарбаза жакка кадам таштады. Аны байкап калган апасы:

– Эй, сен каякка? - деп, артынан шыпылдай басып, дарбазанын оозуна туруп калды.

– Ии, сыртка чыксам болбойбу? - деп, апасынын бул жоругуна таң кала түштү.

– Эч жакка барбайсың, күндү кара, караңгы кирип баратат го, беймаал убакта кайда?

– Ой, апа, эмне эле болуп жатасыз? Караңгы кирсе, эмне өз айлымдан коркомунбу? Мынча эле кайтарасыз?

– Жок, эч жакка чыкпайсың, жумушуң болсо эртең деле күн бар… -деген апасы, дарбазанын оозунда туруп алды.

– Болуптур эми, мына, эч жакка барбайм. -Кыз, бултуңдай, үй тарапка басты.

* * *

Атасы убадасына турган жок. Эки-үч күн тез эле өтүп кетти. Кыз чемоданын даярдап, шаарга алып кете турган буюмдарын белендеп койгон. Бул аралыкта эптеп эбин таап, Аскарга жолукту, ага баарын айтты. “Мага көз салып тур, мен жөнөгөндө эле артымдан жөнөй бер” деди. Аскар болсо анын сөзү менен ар күнү үйүн акмалап, бир эки достору менен ушул айланадан кетпейт. Ал да акыркы күндөрү бир нерсени сезгендей, кыздын атасы бир немени ойлоп жаткандай, жүрөгү уйгу-туйгу болуп жүрдү. Кызга “качалы, өзүбүз эле кетип калалы” деди. “Жок, кача албайбыз, баары бир кармап алышат, андан көрө шаарга барганда, ошол жактан жолугабыз, бир болобуз” - деп, кыз анын сунушуна макул болбой койгон. Күндө атасын күтөт. Ал адаттагысындай эле эрте жумушуна кетет да, кеч кайра келет. Кыз аны кыйлага күтүп олтуруп, уктап калат. Анан түн бир оокумда келген атасы, бир аз эле чырым этип алат да, кайра жумушуна жөнөйт. Ал да кыздан качып жатты. Бир күнү кыз түнү менен уктабастан, атасын күттү. Кашайып ошол күнү атасы келген жок. Түн бир оокумда алардын дарбазасы катуу кагылды. Апасы да атасын

күтүп, уктабай жаткан белем, дароо сыртка жүгүрүп чыгып, дарбаза тарапка үн салды:

– Ой, бул ким?

– Биз эле... дарбазаны ачсаңыз? - дешти, сыртта тургандар.

– Биз деген ким? Түн ичинде эмне жумуш? - деди, дарбазаны ачпастан.

– Ушундай болуп калды... ачсаңыз? - дешти алар.

– Ой, ким экениңерди айтпасаңар, эмнеге ачам?

– Камыт акеден келдик (кыздын атасынын аты Камыт да)... -дешти.

– Деги тынчылыкпы, кана өзү? - деп, аял катуу чоочуп алды.

– Тынччылык эле, жумуш менен кармалып жатат... таң эрте жолго чыгабыз, силер барып, Азимгүлдү алып келгиле"- деп, бизди жиберди... -дешти алар ишеничтүү.

– Ошенттиби, мага эч нерсе айткан эмес эле го?

– Өзүңүз жакшы билесиз, азыр жумуш коп. Сугат иштери күчөп жатат. Анан түнү менен сугатчыларды кыдырышат экен. Райондон комиссия да бар тура. Ошолор менен жүрот. Коркпоңуз, биз Камыт аке менен конторада чогуу иштейбиз. Мына "тил кат" да жазып берди... -дешип, алар эми ишеничтүү үн катышты.

– Күйөөсүнүн аты аталган соң, булардын жон адамдар эмес экендигин билип, аял дарбазаны ачты. Дарбаза түбүндө үч эркек, эки аял турат.

– Келгиле, кеч чыгыптырсыңар да... киргиле үйгодеди, аял, аларга илбериңки. Күйөөсү менен бирге иштегендер болсо, аларга илбериңки көрүнгүсү келди.

– Биз ушул эле жерде туралы, мына "тил каты" - деп, бир жигит, колундагы кагазды аялга узатты. Алар ичкери киргенден тартынып жатышкандай, жүздөрүн да жарыкка корсотпой, жашырынып жатышты. Аял аны сезген да, байкаган да жок. Тиги жигит берген кагазды жарыкка салып окуду эле, чын эле күйөөсүнүн кол жазмасы экен. "Азимгүлдү ушуларга кошуп бер, эрте жолго чыгабыз, мен бошобой калдым. Анан менин да

жолго кийимдеримди салып бер" деп, жазыптыр. Канча айтса да, келгендер ичкери киришпеди. Аял ушул "тил катка" ишенди да, кызынын бөлмөсүнө кирип:

– Атаң адамдарды жибериптир, эртең эрте жолго чыгат экенсиңер-деди.

– Өзү келбептирби? - деп, кыз негедир кооптоно суроо салды.

– Райондон комиссия бар экен, ошолордон бошобой калыптыр.

– Кимдерди жибериптир?

– Чогуу иштеген балдарын. Аялдар да жүрөт го...

– Чын элеби? Эмнеге кеч жиберди?

– Жумуш коп да...

– Ушулар менен кетет бекенмин? - деп, дагы деле түпөйүл болгон кыз, жай гана кыймылдап жатты.

– Ооба, атаң тез келсин дептир.

– Мага ушул нерсе жакпай турат апа, неге атам буларды жиберет, бир эбин таап, өзү эле келбейби? Анан ал деле камданыш керек да.

– "Менин да кийимдеримди кошуп бер" дептир го. Анын деле жолго ала турганын камдап койгонмун, -деп, кызын шаштырып жатты. Кыз эми "менин кеткенимди Аскар билбей калды да. Ал азыр уктап жаткандыр, эми ага кантип билдирем, ага ким айтат?" - деп, сарсанаа боло баштады. Анысын апасына айткысы келди, бирок, ага айткан менен пайда жок. Иштин баарын чаташтырып алуусу мүмкүн. Атасынын катын кыз да окуду. Эми ишенгендей болду. Ушу тапта Аскар деле уктабай, дал кыздын үйүнүн айланасында эле достору менен жүргөн болчу. Кыздын үйүнүн дарбазасынын алдында топ болуп тургандарга жакын келип, караңгы жерге жашынып, алардын өз ара сүйлөшүп жаткан сөзүн тыңшап калышкан. Келгендердин бири:

– Эми бул кызды туура эле шефтин үйүно алып барабызбы? - деп, сурады жанындагысынан.

– Анан эмесе, ошол жакка алып келгиле дешти го. Алар камданып турушат да, деп койду аялга кат сунганы.

– Эй, камданбай анан, бул ишти канча күн ойлондук. Камыт акенин колун окшоштуруп жазам деп, канча кагазды текке кетирдим, - деп койду дагы бири. Аялдар болсо үн катпай эле турушат.

– Камыт аке деле билет бул ишти. Ага айтылган. Бүгүн экенин да билет. Ошол үчүн бүгүн үйүнө келбей, жумушту шылтоолоп жүрөт да. Неси болсо да, “көзүм көрбөсүн” деди да-деп, койду дагы бириси.

– Менимче, мунун баарын пландаштырган Камыт аке өзү. Кызы “окуймун” деп эле, кежирленип жаткан турбайбы? “Эгер шаарга кетип калса, макул болбой коёт” дешти го сыягы.

– Ооба да, шаарга кетсе эле болду, аны кайрып келиш кыйын. “Шаар көргөн эчкиден түңүл”- дейт го-деп, караңгы жерде турган бириси каткыра күлө кетти. Аскар бул көрүнүш соо эместигин, булар кызды бир жакка алып качуу үчүн келишкендигин дароо сезди. Досторy менен сүйлөшүп, кантсе да, кызды булардын колунан суурул чыгуунун жолун ойлонуштуруп жатышты.

– Эй, мынча маалкатты. Тез эле чыкпайбы? - деди, дагы бири шашкалактап.

– Кызы уктап жаткандыр да. Анысы бети башын жууп, анан камданганча күтөбүз да, - деп койду, эртеден бери үн катпай турган аялдардын бири.

– Ооба, аялдар силердин жолго чыгышыңар эле тозок, бир күн мурда камданышыңар керек да- деп, койду жанагы шакылдаган жигит. Алар эки машина менен келишиптир. Машиналардын номурун да алып коюшуптур негедир. Ушунусу да караңгы жерде булардын кыймыл, аракетине көз салып турган Аскардын тобуна табышмактуу көрүндү. Баары бир булар тим адамдар эмес, алардын ою да башкада. Анын үстүнө эки-үч жолу Азимгүл сөз баштап, бирок, аягына чыкпай калган. “Атамдар мени башка бирөөгө кудалап жатышат экен” деген ошондо. “Кимге?” - десе, “билбейм, мага күйөө болчу адамды көрсөтүшкөн жок” - деп койгон. Ошондо алар мындай нерсеге азыр катуу тыюу салынып жатканын, ар ким өз каалаганына гана барыш ке-

ректигин айтышып, баары бир экөө эч качан бөлүнбөй тургандыгын , дайыма бирге болуп, баягы кыялдарын ишке ашыра тургандыктарына бек турушарын белгилешкен.. Алар ушуга катуу ишенишкен. Булардын аруу махабатына эч ким тоскоол боло албайт дешкен.

Бир кезде кыз сыртка чыкты. Апасы чоң чемоданды көтөрүп алган. Аларды дарбаза түбүндө күтүп тургандардын бири каршы алып, аялдын колундагы чемоданды ала салды да, машинанын арткы капкагын ачып, жүктү ага сала койду. Ушул кезде караңгы тараптан суурулуп чыккан Аскар:

– Азима, булар сени ала качышат, булар сени алдап жатышат, жүр кеттик, булар менен барба? - деп, шашыла кыздын жанына келди да, аны колдон алды. Кыз элейип туруп калды.

– Бас кеттик, булардын созүн уктум мен, сени ала качканы келишиптир. Атаң да билет экен. Атаң уюштуруптур, жүр кеттик, качабыз-деди, кызды жулкулдата, олку-солку сүйлөп.

– Ай бала, эмне деп жатасың, эмне деп тантырап жатасың? - деди, мындайды күтпөгөн шыпылдаган жигит.

– Биз созүңордү уктук. Силер ала качканы жатасыңар... сөзүңөрдүн бардыгын уктук го... ала качасыңар -деди, Аскар дагы деле шашкалактап. Элейип туруп калган кыз, кимисине ишенээрин билбей:

– Чын айтып жатасыңбы? - деди Аскарга суроолуу тиктей.

– Ооба, биз булардын созүн уктук. Азыр шефинин үйүнө алып барышат. Жанагы "тил катты" жасалма жазышкан. Аны атаң жазбаптыр. Бирок, атаң билет экен. Баягы сен айткан жерге алып кетишет окшойт, бол, бас качабыз-деп, Аскардын досторунун бири кыздын жанына келди.

– Сени алдап жатышат, булар атайын тапшырма менен келишиптир, азыр башка бир жерге алып барышат, Буларды милицияга бериш керек... -деди ал. Мында келген топ, эми гана эстерине келгендей, Аскардын жанына сүрүлүп басып келишти да:

– Коё бер кызды, эмне деп эле тантырап жатасыңар? Эч жакка алып качпайбыз, эртең таң эрте атасы экөө шаарга жолго чыгышат-дешти.

– Коё бербейм, силердин оюңар жаман. Жүр Азима, кеттик, экөөбүз эле кетебиз, азыр жолго чыгабыз, буларга ишенбе, буларың желмогуздар, сенин тагдырыңа балта чаап жатышат. Сен билбеген бирөөгө алып барышат.- деп, кыздын колун бекем кармап, далдастап жатты Аскар.

– Аскар чын айтып жатат Азима, бул адамдар кара ниеттер, азыр эле сөздөрүн уктук биз. Атаңдын колун окшоштурам деп, тигиниси үч күндөн бери убара болуптур. Калп айтып жатышат. Бизге ишен-деди, Аскардын бир досу. Кыздын апасы болсо, негедир бул көрүнүшкө кайдыгер гана карап тура берди. Ал ушуну билгендей, алдын ала даярдангандай, кээде мыйыгынан жылмайып да коёт . Апасын жалт караган кыз, дегеле сыр бербей, жымыйып турган апасына:

– Эй, апа, чын эле буларыңыз соо эмес окшойт. Барбай эле коёюнчу, атам өзү келгенде эле барайынчы? - деди.

– Кызык кызсың го, атаң чакырып жатса, бизди неге убара кылды анда? – деп, эртеден бери үн катпай турган аялдардын дагы бири бери карай басып, кызды колдон алды да, Аскарга карап:

– Сен кайдан чыга калдың, бул жакта эмне кылып жүрөсүң? Биз эмне кыларга ишибиз жоктугунан мында келиптирбизби? Азыр бизди комиссия баскан туштуштан. Бизде уйку деген жок. Бардыгыбыз жумушта болчубуз. Анан Камыт аке “барып келгилечи” деп, суранып калганынан эле, тобубуз менен келе калдык. Биз деген силер ойлогондой эмеспиз.. Кудага шүгүр, иштеген ишибиз бар. Контордо олтурабыз бардыгыбыз. Эгер ишенбесеңер, кете деле беребиз. Бирок, Камыт акенин өтүнүчүн эки кыла албайбыз. Ал киши бир сүйлөйт, бир тапшырма берет. Эгер аткарбасак, эртең бардыгыбыз жумуштан кетишибиз мүмкүн. Ишсиз калсак, биздин бала-чакабызды силер багасыңарбы? Давай, бизге

жолтоо болбо сен бала, оз жолуң менен кете бер- деп, ал аял өктөм сүйлөдү. Кыязы колхоздун ишенген адистеринин бири окшойт. Үнү да бийик экен, буйрук бере сүйлөдү жанындагыларга:

– Эмне алаңдап турасыңар, бир жаш балдардын кайдагы тантырак сөзүн угуп. Кыз чыктыбы, болду кеттик. Ал жакта канча жумуш калды. Мындайын билгенде мен келбейт болчумун. Эртеден бери сагалап, дарбаза түбүндө турабыз. Биз эмне, бекерчибизби, же дубана белек. Менин ашыкча убактым жок. Алгыла, тиги "сапляктарды", ары алып барып таштагыла. Кеттик. Салгыла кызды-деди, ого бетер буйрук бере сүйлөп. Бул аялдын мындай катуу сүйлөгону кыздын апасын катуу уйкудан ойготкондой болду.

– Ай, эмне эле болуп жатасыңар, бул балдар тим жеринен айтып жатышпаса керек. Кызымды эч жакка жибербейм. Эч жакка барбайт. Ушу силердин түн ичинде келгениңердин өзү шектүү болуп жатат мага. Кызым эч кайда барбайт, бас, үйго кир-деп, аял ачуу сүйлөп, кызын колдон жетелеп, дарбазадан бери тартты. Аскардын колу болсо карышып калгандай, кыздын колунан чыкпай жатты.:

– Коё бер, сен дагы, кызым эч жакка барбайт. Эртең атасы келсе, өзү алып кетет. Силер дагы бара бергиле- деп, топтолуп, аңкайып тургандарга кыйкырды.

– Ой эже, эмне сиз да бизге ишенбей жатасызбы? Кожоюнуңуздун өтүнүчү боюнча келдик да-дешип, тигилер жабыла сүйлөштү.

– Силерди мурда кийин көргөн эмесмин. Кожоюнум менен бирге иштегендердин бардыгын эле билем, тааныйм. Бирок, силерди көрбөптүрмүн. Ошондуктан мен да силерден шектенип турамын... Бара бергиле, кызым эч жакка барбайт, атасы өзү келгенде, өзү менен бараттеп, кызын ичкери киргизип, дарбазаны тарс жаап, ичинен бекитип койду. Кыздын чоң чемоданы тиги келгендердин машинасында калды. Алар дарбазаны улам каккылап жатышты. Бирок, ичкериден эч кандай жооп болгон жок.

– Ушунун бардыгын сен кылдың, кайдан чыга калдың эле -дешип, эми четте турган Аскарга тап бере башташты. Эртеден бери башкалардан өзгөчөлөнүп, шыпылдап жаткан жигит Аскарга жакын келип, ээк талаштыра берип калды. Күтүүсүздөн тийген муштумдун күчүнө туруштук бере албай, артка кетенчиктеп барып, туруп калды эле:

– Мына сага, акмак, сен болбогондо иш шыр кетет эле-деп, дагы эки -үч ирет муштуму менен бет талаштыра коюп жиберди. Ага жанындагысы кошулду. Анан үчүнчүсү да карап турбастан, буту менен тепкилеп кирди. Кантсе да, жаштары улуу немелерге күчтөрү жетпесин билген Аскардын эки досу караңгыга сиңип, жок болушту. Эңгезердей үч эркек кыйлага чейин аны тепкиге алышты. Аларга канчалык каршылык көрсөтпөсүн, баары бир жалгыздык кылды. Ары ал жаш дагы болчу. Бир кезде Аскардын деми да чыкпай калды. Мурдунан кан кетип, баш жагынан да зирилдеген кан сызылып агып чыгып, топуракка сиңе баштады. Бар ачууларын андан чыгарган тигилер, машинага олтурушту да, жөнөп кетишти. Айыл ичиндеги түнкү тынчтыкты бузган машинанын катуу үнү айылдын тээ башына чейин угулуп турду.

* * *

Аскар оор абалда, өзүн билбей, төшөктө жатты. Бети башы тулуптай болуп шишиген. Дем алуусу да оор. Денеси от менен жалын болуп күйүп турат. Апасы улам бешенесине муздак чүпүрөк басып, дене башын кармалап , маңдайынан кетпей олтурат. Катуу сабап коюшуптур. Аны жолдун боюнда кансырап жаткан жеринен алып келишкен. Тигилер кеткенден кийин, ордунан туруп, жакшы эле басууга аракет кылган. Кыйла жерге басып да келди. Бирок, дарманы келбей, буту жылбай, жерге көмкөрөсүнөн түшкөн. Ырайымсыз немелер экен, дегеле аёну билбей, башы-көзүнө карабай, туш келди тепкилей беришиптир. Табарсык ылдый тебишкенде,

ал түйүлүп жерге жыгылган. Анан улам дүңк этип эле, катуу немелер денесине тийип жаткан. Калганын билбейт. Эстен танган. Үйүнө ким, кантип алып келишкенин да билбейт.

Бир оокумда гана денелери кыймылга келгенсиди. Кулагына тааныш үн угулуп жатты:

– Айланайын каралдым ай, сен кимге жамандык кылдың экен? Мынчалык тепкиге алгыдай, кимдин тузун уурдадың эле каралдым?... ушунчалык да мыкаачылар болобу аа? Кой оозунан чөп албаган баламды ушунчалык уруп-сабагандар кайсы наадандар болду экен аа, кудай бардыр акыры... -деп, эне баласына жалынып жатат. Мунун баарын бала элес-булас гана угуп жатты. Көзүн ачайын десе, негедир каректери кыймылга келбейт. Жакшы эле аракет кылды. Оозун ачып, апасына бирдеме дейин десе, оозу деле ачылбайт. “Бул эмнеси, эмнеге көзүм ачылбайт?” - деп ичинен тынган бала, бар аракетин жасап, колу-буттарын кыймылдатууга аракет жасап жатты. Колдору кыймылга келди, бирок, алсыз. Буттары болсо кыймылдаган жок. Мунун баарын апасы сезип калды да:

– Айнанайыным менин, жаныңдан апаң садага, өзүңө келдиңби каралдым. Мени угуп жатасыңбы? - деди. “Угуп жатам” дегендей, бала башын ийкегилеген болду Анан дагы бир ирет бүт денелерин кыймылга келтиргенге аракет жасады. Эне жүрөгү сыздап, баласын ушул акыбалга алып келгендерге наалат айтып олтурду. Билинбеген менен кыйла убакыт өтүп, түш ооп баратты. Таңга жуук өзүн билбеген баланы алып келишкенде, эненин жүрөгү аз жерден жарылып кетейин деген. Алдастап эмне кыларын билбей калган. Анын кечке маал “азыр келем” деп чыгып кеткен бойдон, ушундай абалда келиши, бир жаман нерседен кабар берип турду. Баласы жаман адамдарга кабылганын туюп жатты. Бирок, алар кимдер, уулун эмне үчүн мынчалык сабап салышты? Ушул кезге чейин уулу бир да жолу шоктук кылып, бироолор менен мушташкан, жаман ишке барган эмес эле. Эненин жүрөгү сыздап да, канап да жатты.

– Каралдым ай, эмне болду сага, ким катылды сага, кимге жамандык кылдың эле? - дейт, улам бир сөзүн кайталап. Бала апасынын көңүлүн жайгаргысы келди, бирок, эч нерсе айта албады. Бир кезде кечээ күнкү достору келишти. Тигил чоочун адамдардан качып, караңгы түнгө сиңип кеткен немелер, акыры намысы козголуп, досунан кабар алганы келишкен белем. Билмексенге салышып:

– Аскарга эмне болду? - дешип, биринен сала экинчиси сурап жатты.

– Билбейм, канкорлор сабап кетишиптир да. Силер билбедиңерби? - деп, маңдайында турган аяш уулдарына суроо салды эне.

– Жок, биз билген жокпуз да... -дешип, айыбы ачылып калган немедей нымтыраштты.

– Кайсы акмактын колунан келди экен аа, кимдин колу барды экен аа? - деп, эне кайрадан дагы жашып кетти.

– Ким кылса да табылат да... тим калмак беле... деген болушту да, Аскардын жанына келе албай, тайсалдап турушту.

– Кечээ күүгүм талаш, “азыр эле келемин, мен келгенче тамак ичпей туруңуз” деп, шыпылдап чыгып кеткен болчу. Тамак жасап жаттым эле, жакшы байкабай калыптырмын. Буга бироолор келдиби, же озу эле чыгып кеттиби, ошону билбей калдым да... -деп, эне кейиштүү сүйлөдү.

– Бироолорго жолугам деген эмес беле? - деп койду досторунун бири.

– Жок, айткан эмес...

– Кейибеңиз, баары бир табылат... ким сабаса, аны ошондой кылып сабайбыз. Жакшы болуп кетет... -деп койду дагы бир досу.

– Ошол бейбактарды тапса, өзүм эле бетин тытып, колуна карматат болчумун. Муну бир адам жасаган жок. Бир адамга уулумдун алы жетет болчу. Топтошкон немелер болсо керек. Топтошуп алып сабашты да... наалаттар, бейбактар, мыкаачылар... кудайга салдым,

кудай бар болсо, аларга оз жазасын берээр... -деген эне, кайрадан эмшиңдеп кирди.

– Милицияга бериш керек аларды... -деп койду досторунун бири.

– Ким берет, эмне деп беребиз? Аларды эч ким көрбөсө, бирөө жарым көрүп калса да, жок дегенде “мындай адамдар эле” деп, айтканга жакшы... Бул ишти өзүбүздүн айылдагылар жасаган жок. Муну сырттан келгендер жасашты, бизде мындай мыкаачылар жок... - деп, эне, улам кол аарчысы менен козүн сүртүп коёт. Аскардын катуу сабалганы айылдагыларга бир заматта таркады. Окуя түн ичинде болгондуктан, аны эч ким билбей калды. Ошол сабаган адамдар, анан Аскар гана билет. А түгүл Азимгүл менен апасы да билген жок. Себеби, алар дарбазаны жаап, ичкери кирип кеткенден кийин болуп жатат. Алар келгендерди ошол замат эле кетип калышты деп ойлошкон.

* * *

Атайы тапшырма менен келгендер түз эле кыздын атасына барышып, болгон окуяны айтып беришти. Кыздын апасы менен Аскар тууралуу ашыкча апыртмаларды да айтып жиберишти. Алардын айтуусунда баланы кыздын апасы чакырды. Анан ал келип, буларга тоскоолдук келтирди. “Милицияга берем деп” бакырынды, айылды түп көтөрдү. Анан алар “жакшылыкча кетип кал, биз кыздын атасынын суранычы менен келдик, эртең таң эртелеп жолго чыгышат, буларга тоскоол болбо” дешти. Бала ага караган жок. “Азимгүл менин сүйгөнүм, мен аны эч жакка кетирбейм, мен ага үйлөнөм... биз экөөбүз шаарга кетебиз... окуйбуз...”- деди. Ал эмес экоонүн буга чейин баш кошуп алышканын да айтты” - дешип, кошумча, алымчаларын биринен сала экинчиси толуктап, ага отчёт беришти. Муну уккан кыздын атасынын кабагынан кар жаап, сары

ireңи кызарып-бозоруп, ордунда тура албай, ары-бери басып, улам столду койгулап жатты.

– Анан эмне кылдыңар, кызды эмне кылдыңар? - деп сурады алардан.

– -Кызды ошол жигит бербей койду, апасы үйгө киргизип кетти, чыкпай койду, калтырдык-дешти алар.

– Туура эмес кылгансыңар, ушунчаңар биригип, чычкандай кызды алып чыгып кете албасаңар... силерге ишенип, мен кудалардын алдында сындым го, аларга эмне дейм? "Бүгүн колуңарга салып беремин" дебедим беле! - деп, үнүнүн барынча кыйкырды.

– Сиз "алдап алып чыккыла, окууга жөнөйсүң, таң эрте жолго чыгасыңар деп алдагыла" дедиңиз го. Биз ошентип айттык да. Болгон аракетибизди жасадык да. Кыз машинага чыгып калган болчу. Чемоданы машинада турат. Анан эле кайдан-жайдан тиги бала чыга калып жатпайбы. Анан бизге бакырынып эле, "мен эч жакка жибербейм, бул менин аялым" деп жатпайбы. "Менин аялым" десе, чоочуп кеттик да. Кызыңыз таза барыш керек эмеспи? - деп, барган аялдардын бири чоюла, көзүн сүзүп сүйлөдү.

– Чын эле ошенттиби?

– Ой, биз калп айткан жокпуз... ошентти...

– Мен ага көрсөтөм аялды, акмак... жетим, кимге өзүн теңеп жатат? Бул сөздү мен эле угайын, кудаларга ооз ача көрбөгүлө?! - деп, алардын алдында өзүн алсыз сезген кыздын атасы, эми бөжүрөй баштады. Булардын айтканы чын болсо, кызы таза эмес болсо, анда эле мунун кадыр-баркы түшүп, бир гана кудалардын алдында эмес, бүтүндөй аны билгендердин алдында катуу сынат, ар-намысы тепселенет.

– Силер эми эс ала бергиле, бүгүн ишке келбей койсоңор да болот... Анан жанагы сөзүңөрдү сыртка чыгарбагыла-деп, алардын ар бирине "кызмат акыңар" дегендей, чөнтөгүнөн алып чыгып, тутам акча карматты. Кымындай түшкөн немелер, "муну колго түшүрдүк, эми биздин гана айтканыбыздай болот" дегендей, жа-

салма кыймылдашып, сыртка чыгып кетишти. Баягы жасалма кат жазган неме каалга түбүнө жеткенде:

– Ии, баса, унутуп баратыптырмын. Биз узай бергенде, арт жагыбызды карасак, бир топ караан келип, топтолуп калышты. Кыязы жаш балдар ошол жерде мушташып кетишти окшойт. Балким ошол жигиттин достору же, дагы бир кызыңызга көз арткан бирөөбү, барсаңыз билесиз да. Биз "артыбызга кайрылбайлы" деп, келе бердик. Анын үстүнө айылдагылардын ишине кийлигишип эмне кылабыз. Эмне сиздердин айылдагылар уктабай, түн безип жүрө беришеби? Чоң мушташ болду окшойт, - деп, арамза жылмайып, чыгып кетти.

– Ээ, бири өлүп, бири калсын… ошол эргулду өлтүрүп салышса кана… -деди да, ал дагы сыртка чыкты. Бул кезде таң агарып бараткан. Ачуулу неме, дароо үйүно жеткенге ашыкты. Машинасын от алдырып, катуу жүрүш менен жүрүп кетти. Артында борпоң топурактын чаңы гана уюлгуп , сапырылып жатты. Ал бир дем менен айдап, үйүно кандай келгенин билбей калды. Дарбаза алдына токтотуп, ылдам кыймылы менен машинадан түшүп, дарбазаны каккылады. Аялы дагы деле уктабай , аны күтүп олтурган. Эми бул үйдо катуу уруш болорун, күйөөсү аны тим койбосун сезип жаткан. Кызы үчүн бардыгына даяр турган. Күйөөсүнүн таягын жебей жүрдү беле? Айрыкча жаш кезинде, эки күндүн биринде көзү көк ала болуп эле жатып калчу. Абысындарынан уялып, "торпок сүзүп алды" десе, кээде "өзүм торпокту сүзүп алдым", "каалганы байкабай сүзүп алдым", "чырпык тийип кетти", "жыгылдым" деген кур шылтоолорду айтчу. Абысындары келесоо эмес да, баарын көрүп-билип турушат. Кайнагаларынын чоң муштум, ачуусу чукул неме экенин да билишет. Бул байкуш болсо билимсиз, мектепти эле бүткөн. Жаш кезинде суйкайган сулуу кыз эле. Эки өрүм чачы артында сеңселип, ак жуумалынан келген, ботокөз кыз болчу. Ага суктанбаган жигит жок эле. Кошуна айылдын кызы болот. Ата-энеси карапайым эле колхозчулар болчу. Жашоолору деле өп-чап. Бирде бар, бирде жок,

беш баланы эптеп багып жүрүшкон. Кыз мектепти бүтөөр жылы жуучулар көп келди. Анан ушул шаардан чоң окууну бүтүп келген, сары чийкил жигит атасына жагып калды. Бул баланын келечеги бар экендигине көзү жетти да, кызынын ой боюна койбой, анын колуна салып берди. Атасы ойлогондой эле, жигит тың чыкты, турмушун тез эле оңдоп, бутка туруп кетти. Бирок, кызы бактылуу жашады деп айтуу кыйын, себеби, дайыма анын билимсиздигин, караңгы, эч нерсеге түшүнбостүгүн, ата-энесинин карапайымдыгын айтып, көп кемсинтет да турат. Анын сөзү бул жерде эч качан өтпөйт. Кызматчы аял катары гана карашкандай. Эки уул, бир кыз тороп эле, андан ары торой албай койду. "Үстүңө аял алам, мага көп бала төрөп берген жоксуң", - деп да, күноөгө батырып жүрдү. Ушуну шылтоолоп, жонуна камчы урган күндору болду. Эми гана эки уулу эс тартып, бой жеткени аялына анча кол көтөрбөй калган. Анын үстүнө кызын эрке өстүрүп, анын алдында айбыгып, апасына катуу сүйлогондон тартынып калчу да болгон. Мунун баары карылыкпы, же акылына кирип баратабы? Кыздын апасы ушуларды ойлоп, уктабай олтурган. Түнү менен кирпик какпады. Кызы болсо, оз бөлмөсүнө кирген бойдон, чыкпады. Балким уктап жатабы? Андан кабар деле алган жок. Бир аз болсо да, кызын эркин калтыргысы келди. Эгерде анын жанына барып, бирдеме десе, кагуу жеп калуусу ыктымал. Ошол жагын ойлоп, кыз өзүнө келип алганча тим койгусу келди. Анан атасы келгенде кандай окуя болуп кетет, аны күтүп жатты. Баары бир күйөөсү келгенде жакшы иш болбойт, сөзсүз уруш болот. Аны жүрөгү сезип жатты. "Карасаң, бардыгын озү кылып коюп, анан тымпыйып, бир жерде күтүп олтурганын кара!" - деп, анын да ачуусу катуу келип, тиштенип олтурган. Дарбаза катуу такылдаганда, күйоосү экенин жазбай таанып, сыртка жүгүрүп чыкты да, тездик менен дарбазаны ачты.

– Канаке кызың, эмне кылдыңар, эмнеге бөйрөктөн шыйрак чыгарып, мен жиберген адамдарды капа кыл-

дыңар? Ушунун баарын сен уюштурдуңбу? - деп, кеп - сөзгө келбей, аялын бет талаштыра уруп калды.

– Мен уюштурган жокмун, ал бала өзү эле пайда боло калды- деп, безилдеп жиберди аялы.

– Түн жарымында ага бул жакта "пок" бар бекен? Аны ким чакырды?

– Мен кайдан билейин?

– Сен чакырыптырсың го?

– Ким айтты? Мен анын кайдан келе калганын байкаганым да жок...

– Арамзаланба... баарын кылган сенсиң... эми кызың окуп бүтүптүр... ушу кылганыңарга дал бүгүн кудаларды чакырып, ушул жерден, оз колум менен салып беремин уктуңбу? Кызың өзүнө - өзү кылды, эми эч жакка барбайт, окубайт... Кайдагыны чыгарышып... мен айтпадым беле, "эки-үч күндо жонойбүз" деп. Кечээ райондон комиссия келип, ошолор менен жүрдүк да... -деп, эми аялын көзү башына карабай ургулап кирди. Аялы чырылдап, мурдагысындай үн чыгарбады. Баарына кайыл болуп, чыдап, туруп берди. Анын бул жоругу күйөөсүнүн кыжырына тийип, ачуусун ого бетер келтирди.

– Эй, сен катын эмне былтыясың ыя? Эмнеге качып кетпейсиң, ушул жерден өлтүрүп салайынбы ыя? - деп, ого бетер ургулап кирди. Атасынын кыйкырган үнүнөн чоочуп ойгонгон кыз, терезеге келип караса, атасы апасын уруп жатат. Чыдап тура албай, сыртка жүгүрүп чыкты да, апасын корголоп кирди. Апасына болушкан болду.

– Болду ата, урбаңызчы, качанкыга чейин эле тепкилеп жатып каласыз, болду урбаңыз, - деп, атасынын алдына келип, аны тик карап туруп алды. Кызынын бул айбатына сестене түшкөн атасы, көтөрүлүп бараткан муштумун жайып, колун ылдый түшүрдү да:

– Эмнеге мен жиберген адамдарга кошулуп барбадың? Эмнеге аларды кайра күнөөлөп, артка кайтардыңар? Кана айтчы сен, ким тоскоол болду бул ишке? - деп, эми кызына ызырына сүйлөдү.

– Аларыңыз мени ала качыш үчүн келишиптир го?

– Ким айтты сага, кимдин чыгарганы бул? - деп, кыйкырына кетти атасы.

– Алардын сүйлөшүп жатканын угушуптур...

– Кимдер, кайсы узун кулак угуптур?

– Угушуптур да... -кыз Аскардын атын атай албай, буйдалактап жатты.

– Ким угуптур кана, мага айтчы, кайсы узун кулак түн жарымында келип, алардын сөзүн угуптур?

– Балдар...

– Кайсы балдар?

– Айылдагы балдар...

– Алардын аты барбы? Кандай балдар, кимдер алар? Жашпы, чоңбу?

– Чоңоюп эле калган балдар...

– Атын айтпайсыңбы, ошолорго баралы, сурайлы, тактайлы...

– Балдар...

– Ошо балдардын атын айтпайсыңбы?

– Аскарлар... достору менен

– Аның ким?

– Класссташым...

– Жанагы жесир катындын баласы эмеспи?

– Ошо...

– Эмнелерди угушуптур, аларга түн жарымында бул жерде эмне бар экен, кайдан чыга калышты алар?

– Билбейм, алар ушул жерде эле жүрүшкөн экен. Анан келген кишилер бизди күтүп турганда, айтышыптыр да "ала качабыз" деп.

– Ошолор ошентип угушуптурбу?

– Ооба... анан алар сиз менен чогуу иштейбиз дешиптир, бирок, андай адамдар сизде иштешпейт го. Мен баарын тааныйм го.

– Таанбасаң, анда эмнеге чыктың, айтпайт белең, "мен силерди таанбайм, атам келсин" дебейт белең?! -деп атасы арамзалана, көзүнүн кыйыгы менен кызын карап койду.

– Мен кийин билдим да... караңгыда эч кимиси жакшы таанылбады, алар дагы караңгы тарапка кача беришти да... -кыз, атасынын азыркы арамза абалына назар салган жок. Атасына жан дили менен ишенип, ага бар билгенин бежиреп жатты. Атасы болсо, бул дили таза кызынын "ушул бойдон эч нерсени билбей эле калсын" деген, ички туюму менен, эми аны алаксытууга, алдоого өттү. Жүзүндө ойноп турган ачуусун билдирбегенге аракет жасады.

– Болуптур кызым, мен ал акмактарды табамын... менин атымды саткан немелер менен өзүм сүйлөшөмүн. Анан жанагы классташыңа да айтып кой, буларды эч кимге айтпасын. Ар ким ар кандай ойлоп жүрбөсүн. Билесиңер, бизге жаман сөз тез жабышат, айыл анан дуу көтөрүп жүрбөсүн-деди да, сыртка чыгып кетти. Дарбазаны жаап жатып:

– Сен эми шашылба кызым, буларды бир жаңсыл кылып коюп, анан барабыз. Мен алардын сазайын гана беремин. Шашпасын, кысталактар... сен эми шашылба, өзүм келемин. Жетишебиз... баарына жетишебиз-деп, койду. Кыз атасына ишенип кала берди.

* * *

Ал күнү атасы үйгө келбеди. Алар аны күтүп жатышкан, "жакшы бир кабар менен келет, жанагы алдамчыларды кармайт, аларды каматат" - деп турушкан. Эртеси күн шашке болуп калган кезде, алардын дарбазасы кагылды. Негедир булардын үйүнө кошуна колоң да аз кирет. Себеби, башкалардын короосу дайыма ачык турса, булардыкы бийик көк темир дарбаза менен тосулуп, эшиги дайыма жабык турат. Ошондон сестенишеби, зарыл жумушу болбосо, бейчээки деле эч ким кире бербейт. Анын үстүнө кызы чоңойгону дарбазаны катуу кайтарып калышпадыбы. Дарбаза катуу кагылды. Атасы дейин дешсе, машинанын доошу угулган жок. "Кошуналардын бири го?" - деп, ылдам басык менен

дарбазаны ачкан апасына, Азимгүлдүн классташ кыздары жарыша үн катышты:

– Эже, Азимгүл барбы? Ал шаарга кете элекпи? -дешти .

– Эмне болду, кете элек... жайынча элеби? Эмне мынча энтигип алгансыңар? - деп, кыздын апасы аларды суракка ала баштады.

– Чакырып койсоңуз, зарыл иштер бар эле. Ушул жерден эле айтабыз-дешет алар дагы деле энтиккендерин баса алышпай.

– Үйгө эле кирбейсиңерби? - кыздарды үйгө киргизүүнү каалабай турса да, анысын билдирбегенге аракет кылып, оoз учунан ушуларды айтты.

– Жок, ушул жерден эле кетебиз... чакырып койсоңуз?

– Мага эле айта бербейсиңерби, эмне жумушуңар бар эле? Айта бергиле мага деле... -апасы бир нерседен шектенгендей, турган калыбында сүйлөдү.

– Жок эже, өзүнө айта турган сөздөр бар эле... чакырып эле коюңузчу?

– Эмне ушунчалык шашылышпы, же жашыруунбу?

– Өзүнө айталы дегенбиз... - кыздар нымтырай жер караштты. Дарбаза катуу кагылганда эле, сыртка кулак түрүп калган Азимгүл, алардын сөзүн чала угуп, апасынын курбуларын үй жакка киргизгиси келбей, аны чакыргысы да келбей жатканынан, алар тарапка басты. Аны көрүп калган бир курбусу:

– Ии, мына өзү да келип калды. Азимгүл, бери келсең, бир сөз бар-деп, аны колу менен өзүнө чакырды.

– Үйгө эле кирбейсиңерби, эмне турасыңар бул жерде, жүргүлө, үйгө-деп, кыз үнүн бийик чыгарып, октом сүйлөп, курбуларынын жанына келди.

– Азимгүл, бери келсең, бир сөз бар-деди жанагы курбусу. Жанына келген кыздын кулагына шыбырады:

– Аскарды бирөөлөр катуу сабап салышыптыр, абалы оор деп жатышат. Ооруканага алып баралы дешсе,

Аскар болбой жатат. Азыр эле ошол жактан келдик. Анан ал сени бир көрсөм дейт-деди.

– Кимдер? Эмнеге? Качан? Кантип? - кыз катуу чоочуп алды да, турган ордунда кыйкыра баштады. Аны карап турган апасы, жанына келди да:

– Эмне болуптур? Атаң тынч бекен? Эмне болду? - деп, ал дагы тынчсыздана кызын жулкулдатып жатты.

– Атам эмес... атам эме-ес, башка. Уктуңузбу башка-а – кыз, апасын жек көрө карап алды да:

– Жүргүлө, ага барабыз, баскыла... -деп, курбуларынын алдына түштү. Апасынын "сен каякка?... кимге барасың?... үйгө кир, атаң урушат, токто-о", - деген сөздөрүнө кулак түргөн да жок. Ал болушунча кадамын чоң-чоң таштап, бирде энтиге жүгүрүп келе жатты. Аскар менен анын үйүнүн аралыгы кыйла бар. Курбулары ага жетип-жетпей, артынан жүгүрүп келе жатышат. Ушундайда жол да арбыбай калат. Алар жүгүрүп эле баратышат, деги барар жерине жетпей коюшту.

Кичинекей үйдүн каалгасын ачып, түз эле Аскар жаткан жерге кирип барды. Апасы маңдайында олтурат. Жигиттин көзү ачылбай, бети дуулдай шишиген. Сыягы уктап жатабы, деми билинбейт.

– Аскарга эмне болду, ким аны?.. - деп, кыз анын жанына олтура кетти.

– Билбейм, айланайындар, бир ниети бузук неме жасады да. Кечээ күүгүм талаш достору келген. Ошолор менен эле чыгып кеткен. Түнү менен күтүп жаттым. Келбеди. Таңга жуук ит үрөт. Сыртка чыксам, эшиктин алдында баламды көтөргөн топ адамдар турат. Ошондон бери жатат. Абалы ушу. Бетинин шишиги бир аз азайып калды. Эч нерсе айткан жок-деди, апасы ыйламсырай.

– Урган адамдарды тааныйт бекен?

– Алар эмнеге урушту экен?

– Чогу кеткен балдардан сурабайсызбы, аларды билесиз да...

– Алар караңгы кире электе эле бөлүнүп кеткенбиз дешет го. Эми алардын колунан келбейт да бул иш. Алар деле бала да. Муну чоң эле адамдар жасаган.

– Таптакыр эч нерсе айткан жокпу?

– Мага эч нерсе айткан жок, өзүнө келип алсын, анан баарын айтып берет. Силердин келгениңерге ырахмат. Ушу жалгыз баламда кимдин өчү бар экен билбейм?! Бул бала кимге жамандык кылды дейм да. Эч кимге жамандыгыбыз жок эле, өз тиричилигибизди кылып жатпадык беле... - аял, дагы да жашыганын койбой, баласынын бешенесине улам суу чүпүрөк коюп жатты.

– Келгениңерге ыраазымын айланайындар, кем болбогула... Баламдын көп максаттары бар эле... эми шаарга жөнөтөйүн деп жатканмын. Мурдараак эле жөнөтүп жиберсем, ушул иш болбой калмакпы? Бир нерсеге кармалып эле жатты өзү да. “Ана жөнөйм, мына жөнөйм... анан эртең чыгайынчы?” эле дейт. Ал күткөн бирөө барбы, билбейм. Негедир сырдуу эле болуп кетти акыркы күндөрү. Ой боюна койбой жөнөтүп жиберсем болмок экен, камданып деле алган... -эне, ушуларды айтып, кыйлага чейин өксөп жатты. Аны карап турган кыздар да ийиндери менен солкулдап, демдерин ичке катып, улам ылдый куюлган көз жаштарын аарчыган болушат. Анан “ушул иш сенин кесепетиңден болуп жүрбөсүн, сен билип жүрбө, экөөңдүн мамилеңе атаң каршы эле, ошонун жасаганы болуп жүрбөсүн?” дешкендей, сырдуу да карап коюшат. Азимгүл алардын ар бир тиктешинен ушуларды сезип жатты. Өзүн ыңгайсыз сезди. Бул иш болду болбоду, баягы кызды алып кетиш үчүн келгендердин колунан келди. “Биз ичкери кирип кеткенде, алар муну сабап салышты бекен?” - деди ички оюу. Аны бирок, сыртка чыгарган жок. Аскардын апасынын жүзүн тик карай албай, бирде кызарып, бирде бозоруп олтура берди. Эч бир сөз кошо албады. Анын ички сезими ага дагы сүйлөп жатты. “Бул иш атаңдын колунан келди. Атайы ушул ишти жасады. Экөөңдүн ортодогу ыйык сезимди жок кылгысы келди... эми бул жигит майып болуп калса не болот? Убалы кимге?..” -

дейт, ички сезими. Кыз ордунан ылдам турду да, сыртка чыкты. Көчө ылдый жүгүрүп эле баратты. Кайда барарын билген жок. Кыйла жүгүрдү. Анын мындай шамал ылдамдык менен бараткaнын көргөндөр да таң кала карап жатышты. Айылдын башына чейин жүгүрдү. "Эми кайда жүгүрөм, эмнеге жүгүрүп жүрөм, эмне болду мага, кайда барам?" Анын оюна ушул суроолор келди. Тык токтоп, чөп үстүнө олтура кетти. Бир топко чейин олтурду. Буулукту, үнүн катуу чыгарып, болушунча кыйкырып ыйлагысы келди. Анте албады. Жерге жатып ыйлайын деди, дагы эле ичтен буулугат, сыртка чыгара албайт. Анан ордунан турду да, кайра Аскардын үйү тарапка басты. Эми анча шашылбады. Өзүнүн үйүнүн дарбазасынын алдына келип, бирок, үйгө кирбеди. Өз үйү ага жек көрүндү, суук көрүндү. Бул ишти атасынын жасаганын сезип эле жатты. Эми Аскардан ачыгын сурайын деди. Келсе, кыздар дагы деле олтурушат. Азимгүлгө караганда алар Аскарга көбүрөөк жан тартышат белем, ордуларынан жылышпаптыр. Апасы болсо, кыздарга дасторкон жайып жатыптыр.

– Кайда кетип калдың, Аскар бирдемелерди айткандай болду, жакшы түшүнбөй калдык-дешти алар жарыша.

– Сыртка эле чыгып келдим - кыз, жер караган абалда ооз учунан сүйлөдү.

– Сенин атыңды атагандай болду окшойт? - деди кыздардын бири.

– Мениnби? Эмнеге? Эмне деди?- Азимгүл чоочуй сурады.

– Ооба, сени чакыргандай болду-деп, кыздардын дагы бири үн кошту. Азимгүл катуу уйкудан чоочуп ойгонгон немедей, ордунан шак турду да:

– Эмнеге муну бул жерде кармап турасыз, доктурга алып барбайлыбы? - деп, энеге кайрылды.

– "Доктурга барбайм..." - деп, безилдебедиби?

– Бул эч нерсе билбей жатса, качан ошентти? - деп, кыз ачуулана сүйлөдү.

– Мен жаткан жеринен тургузайын деп жатканда, “мени доктурга алып барба” дебедиби...

– Коюңуз, абалы бул болсо, алып баралы... антпесек болбойт... машина табалы... -деп, Азимгүл ордунан туруп, сыртка басты.

– Кой балам, убара болбо, кимде машина бар дейсиң, айыл боюнча бир эле силерде бар го. Анын үстүнө сырттан деле машина келбейт да бул жакка... -деген эне, кызды тыйып койду.

– Минтип жата берсе, качан өзүнө келет? Бирдеме кылалы...

– Азыр кечээгиден жакшы... андан көрө келгиле, чай ичкиле, балам уктасын-деп, кыздарды жайылып турган дасторконго чакырды. Ою онго бөлүнгөн кыз алар менен олтуруп, чай иче албады. Аскардын бир үнүн уксам деп, ал тарапка кулак түрүп жатты. Аны сезгендей, бир кезде андан үн чыкты.

– Апа... деди ал акырын.

– “Апа” деген оозуңдан секет кетейин, оо, балам, мен мындамын - деп, апасы мышык секирик менен уулунун жанына жетти.

– “Апа” дегениңден айланайын, бирдеме дечи, үнүңдү чыгарчы, каралдым-деп, баласына жалбарып жатты.

– Апа... мен сөзүңөрдү уктум, мени доктурга алып барбаңыз, мен айыгам... анан өзүм... - үзүп-үзүп, сөздөрүн так айта албаса да, ээринин кыймылдата ушуларды айтты да, онтоп барып, үн катпай калды. Анын мындай абалын көргөн эне, кайрадан тынчсыздана, уулун ушундай абалга алып келгендерге наалат айтып, аялдык ачуу создорун жаадырып жатты.

– Жер алсын ошолорду... каргыш урсун... ылайым балдарынын жүзүн көрбөй калсын... жексурлар... менин балам эмне жамандык кылды аа... -деп, уулунун колу башын кармалап, башын улам өйдө жөөлөп, жаздыгын оңдогулап жатты. Керилген бою, адам суктангыдай кара көзү, кара кашы, кырдачынан кеткен мурду көрүнбөй, жалаң эле тултуйган бет болуп кал-

ган. Анын мындай абалы кызга аянычтуу көрүндү. Аскардын апасы экөөнүн мамилеси тууралуу жакшы деле билбейт болчу. Уулу ага ачылып деле эч нерсе айта элек. "Азыр эртелик кылат, биринчи курсту бүтүп келип, анан айтамын. Анан окууну бүтүп келип үйлөнөбүз, Азимгүл экөөбүз ошентип сүйлөштүк", - деген бир жолу классташ досуна.

– Апаңа бир ооз кабарлап эле кой, анын да айтаар сөзү болсо керек-деген ал досу.

– Жок, апам кандай кабыл алат? Жаш эле туруп, кыз менен сүйлөшкөнгө ким койду десечи? - деген, жер карап уяла, апасы маңдайында тургандай.

– Ой, тескерисинче сүйүнбөйбү, менин уулум чоңоюп калыптыр, мени келиндүү кылат экен деп, тим эле жарылып кетпейби? – деген ал.

– Жок, азыр эрте... апам мени дагы деле кичинекей бала көрөт... анан ошо кичинекейи кыз жандап жатса, чоочуп кетпейби?

– Ии, сен кызык экенсиң, сен айылдын мен деген кыйынынын кызы менен сүйлөшүп жатсаң, апаң кантип сүйүнбөйт. Айта бер, эгер уялсаң, биз айталы... -деп, анысы баланы туңгуюка такаган.

– Силер деле айтпай эле тургула... кези келет, ошондо өзүм эле айтам. Азыр окууга өтүшүм керек. Эгер өтпөй калсам, "мунун оюу жалаң кыз деп жүрүп, окуганды таштаптыр" - деп, апам капа болот, - деп, Аскар көгөрүп туруп алган. Анан айылдагы аялдар менен деле анча кириш-чыгыш кылбаган, алардын аркы-берки сөздөрүнө аралашпаганы үчүн, уулу менен Азимгүл тууралуу эч нерсе деле уккан эмес. Ал эми айылда экөө тууралуу жакшы эле сөз болуп жаткан. Көпчүлүгү "ой, чиренген немелер, ушул бечара жесир немеге кыз бермек беле, булардыкы тим гана балалык сүйүү да..." - дешип, кеп салып жатышкан. Ошол эл арасындагы "уу-дуу сөз" акыры Азимгүлдүн атасына жетип, ал тигинтип жиндеп, "атасы жок, же урук-тууганы жок неме биздин теңибизби?" - деп, чычалап жатпайбы. Анын баарын Асылкан билбейт. Эгер бирдекиде угуп

калган болсо, балким баласына акыл-насаатын айтмак, түшүндүрмөк. "Өз теңиңди эле тап, булар бизге тең эмес, "тең – теңи менен, тезек кабы менен" демек. Эне ошол үчүн да башы маң болуп, баласын кимдер сабаганына, кимдер мынчалык кордоп салганына акылы жетпей жатпайбы. Уулу деле бирөөгө жаман айтпаган, бироогө жамандык кылбаган, дили таза, колдон келсе жалаң гана жакшылык кылайын деген ниети бар бала эмеспи. "Ушундай пенделерди кудай сүйөт" дейт. Анда эмнеге уулун сабап кетишти? Азимгүлдү болсо жакшы деле билбейт. Аскардын кошуна жашаган классташ кыздарын гана тааныйт. Бул кызды биринчи ирет көрүп жатат. Ошондуктан ага анча назар да салбады. Анын тыбырчылап, күйпөлөктөп жатканына да маани берген жок. Ал эми кыздын атасын жакшы эле билет. Сары чийкил, бою жапыз, курсагы чендейген киши эмеспи. Асылкан сындуу бечара зайыптарга назар деле таштабаган, кызматына, байлыгына чиренген неме да. Баласынын мындай абалга түшүп калганына энелик жүрөгү эзилип, өзүн коёрго жер таппай жатты.

– Кудайга койдум буларды, кудай өзү жазаласын-деп коёт. Уулу болсо башын улам ары-бери чулкуп коюп, бирдемени айтайын дейт, эриндери гана диртилдеп барып токтойт, үнү чыкпайт.

– Ананайын балам, кыйналбай эле койчу, бирдемени айткың келип жатат окшойт, унчукпай эле койчу. Мен куруюн балам, сени кечкисин сыртка чыгарбай эле койсом болмок. Досторуңдун минтип кетээрин кайдан билдим, мен куруюн балам... -деп, эненин жүрөгү ансайын эзилет.

– Эже, коп кейий бербеңиз... жакшы болуп кетет. Кечээ күнкүдөн бүгүн жакшы дедиңиз го. Жакшы болуп кетет. Доктурга алып барсаңыз, тез айыгып кетет эле- дейт кыздардын бири.

– Болбой жатпайбы... кечээ канча айтып, канча аракет кылдым... Тиги, Эсендикине машина келип калган экен, ошону менен алып барайын десем, түйүлүп туруп алды-деп, эне безилдеп турду.

– Эмнеге антип жатат? Доктурдан коркобу? - дейт, берки кыз .

– Билбейм... көгөрүп эле жатат... булардын ушул создорүн угуп жатканбы, Аскар дагы үн катты.

– Апа, апа дейм-деди акырын. Аны уккан апасы дароо жанына жетип барды да:

– Апалаган оозуңан сенин, "апа" деген сенден секет кетейин. Мына мен жаныңда турам. Эмне дейсиң каралдым-деди, жалбара.

– Апа, коп кыйналбачы. Мен жакшы болом... баары жакшы болот. Азимгүлдү урушпа... -деди.

– Азимгүлүң ким ботом?-эне таңдана сурады.

– Тигинде турат го, ал күноолүү эмес... -деп, алсыз үн чыгарды да, шишиктен ачылбай турган көздөрүн кыбыраткан болду.

– Ботом, аны неге урушмак элем. Ал эмне кылды эле мага?-деди эне, уулунун бул сөзүнө түшүнө албай. Кыздар болсо бири-бирине карап, табышмактуу ымдашкан болот. Азимгүл жер тиктеп, өзүн ыңгайсыз кармап турду. Азыр ушул жерден баарын айткысы келди. Аскар экөөнүн мамилесин айткысы келди. Бирок, эне анын сөзүн уга турган абалы жок. Анын бар көңүлү баласында. Анын өмүрү кылдын учунда турганын сезип жатат. Уулун сактап калуунун жолун издеп турган кези. Ал алсыздыгын, жалгыздыгын сезип жатты. Ушул айылда анын жакын адамы жоктугун, анын жеңилин жерден, оорун колдон алчуусу бир гана уулу экенин билчү. Эми уулу минтип турган чакта, озүнө таянар тоо издеп турат.Эненин ушул абалына боор ачып, ага кандай жардам берсек деп, айла таппай жаткан кыздарга карады:

– Азимгүл деген ким?

– Мен-деди, ансыз да эртеден бери өзүн коёрго жер таппай турган кыз.

– Кимдин кызысың? Ушул жерликсиңби? –деди, жер карап, араң сүйлөгөн кызга.

– Айылдын башындагы Камыттын.

– Ии, жанагы машина минген, сары кишиби?

– Ооба.

– Аскар менен окуйсуңбу?
– Ооба.
– Эмнеге сени күнөөлүү эмес деп жатат. Бир нерсе болду беле кызым?-деп, ийменип, жер тиктеп, нымтырап турган кызга негедир ичи жылый сүйлөдү.
– Эч нерсе болгон эмес... мен эч нерсе билбейм... кыздар мага барышканда гана... анан өзүн көрүп, билип жатам.
– Эмне балдар кыз талашыштыбы?
– Жок, андай болушу керек эмес. Эч ким кыз талашпайт. Баары бири-бирин билишет да.
– Башка жактан балдар келишкен го дейм.
– Билбейм... - ооз учунан жооп берген кыз өзүн алсыз сезип жатты. Аялдын суроосу анын жүлүнүнөн өтүп, дене боюн калтырак басты. Акыры өзүн бекем кармап, аялга билген чындыгын айткысы келди.
– Эже... биз Аскар экөөбүз сүйлөшүп жүрчүүбүз... бирге шаарга бармакпыз... анан атамдар ага каршы болушкан. Баары бир биз бирге болобуз. Буюрса Аскар айыгат... анан шаарга кетебиз... -деп, сөздөрүн үзүп-үзүп айтып жатты. Бул аралыкта апакай жүзү анардай кызарып да кетти. Тер басты. Улам мурдунун учун колу менен аарчыган болот.
– Жүзүң ысык неме экенсиң. Жакшы жар да боло турган түрүң бар. Эгер Камыттын кызы болсоң, баары бир ал бизге кыз бербейт. Силердин урууңар да кыйын эмеспи. Бизге окшогон жарды-жалчыга кыз беришпейт. Силердин чойроңор башка кызым. Биз эмне... эптеп тиричилигибизди өткөрүп жатабыз да. Балам атасы жок өстү...
– Кеп анда эмес да... биз бири-бирибизди жакшы көрөбүз.
– Жакшы көрүү менен иш бүтпөйт кызым. Ар кимдин өз теңи бар...
– Эгер атамдар каршы болсо качып кетебиз...
– Каякка ботом?
– Алыска...
– А менчи? Мени таштап каякка?

– Убактынча эле да… анан атамдын ачуусу тараганда келебиз…

– Ой, керкейген атаң мени жеп койбойбу? Бул иш да ошонун колунан келген жокпу?- аял кызга суроолу тиктеди.

– Жок, атам эмес… ал мынчалыкка барбаса керек…

– Атаң балам жөнүндө жаман айтчуу эмес беле?

– Жок.

– Анан ким кылды муну?- аял Азимгүлгө катуу сүйлөй баштады.

– Мен билбейм да.

– Мен бир нерсени сезип жатам… силерди атаң билет да ээ?

– Ооба…

– Анан каршы болгон

– Ооба.

– Эмне деген?

– Ар кандай

– Ал бала сага тең эмес деген

– Ооба

– Алар кедей , бечара деген да…

– Жок анткен эмес.

– Ага бербейм деген…

– Ии… -кыз аялдын ачуусу келе баштаганына сестене түштү да, “бекер эле айттым окшойт” деп, башка айтаарга сөз таппай нымтырады.

– Атаң туура айтат кызым, биз бири-бирибизге тең эмеспиз. Сен бардар жерде өстүң. Курсагың ачкан жок, көйнөгүң жыртылбады. Жакшы-жаманды ажырата албайсың. Менин балам кыйынчылыкта чоңойду. Ач калды, ток болду. Кемсинди. Бирок, балам өзүн эч кимге кор кылбайт. Ошондуктан биздейлерди теңине албаган атаң өз билгенин кыла берсин. Бара гой, кызым, балам айыкса, анан муну уруп-сабагандар табылат.

– Жок эже, сиз мени түшүнбөй калдыңыз… атам каршы болсо эле, биз бөлүнүп кетишибиз керекпи? Мен Аскарды мындай абалда таштап кете албаймын.

– Менин жүрөгүм сезип турат… бул иш атаңдын колунан келиптир. Биротоло тынчытайын деп тир да… -деген аял, кимгедир кыжыры кайнап, ачуусу келе, тиштене сүйлөдү.

– Атам жасаган жок бул ишти. Башкалар болушу керек…

– Кимдер?

– Билбейм… бирок, атам эмес да…

– Эми аны көрө жатаарбыз… балам өзүнө келсин… анан билинет. Ал билет да баарын… - аял, негедир кызга жийиркеничтүү карап, бирок, анысын билдирбегенге аракет жасады. Жанындагы кыздардан айбыктыбы, кызга жай гана сүйлөй баштады.

– Өзүң бил кызым, сенин мында турганың балама залакасын тийгизбесе болгону.-деп, аял жайылган дасторконду жыйнай баштаганда, сырттан тапыр-тупур үндөр угулду.

– Асылкан … барсыңбы?-деди сырттан аялын үнү.

Аны уккан аял, сыртка атып чыкты.

– Бармын, бул ким?-деп, басып баратып үн катты. Кыздын апасы экен.

– Аа,кел,-деп аны тосо чыкты.

– Менин кызым ушул жердеби?-деп, негедир Асылканды жактырбаган таризде сүйлөдү ал.

– Ооба, кыздар менен ичкериде олтурат.

– Эмне кылып олтурат мында?

– Аскарды көргөнү келишиптир.

– Эмне болду ага?

– Ээ, бир шүмшүктөр уулумду катуу сабап кетишиптир да…

– Кимдер ботом?- кыздын апасы катуу чоочуган болуп, бирок, анысы чын дитинен айтылбаганы сезилип эле турду.

– Ким билсин, таң эрте эле эшик алдында турат балам. Ушул жерде сабашканбы, же көчөдө сабашканбы, билбейм.

– Ботом, айылда деги мындай нерсе болчу эмес эле, ким сабаптыр деги?

– Азыр аны айтууга баламда дарман жок, жакшы болуп алсын, анан билинет да. Кир үйгө-деп, кыздын апасын үйүнө чакырды.

– Жок, ушул жерден эле кетейин. Кызымды чакырып койчу, үйгө меймандар да келди эле... -деди, сыпайылана.

– Кир эми, эшик алдында турганың болбойт го, кир эми-деп, чын дити менен чакырып жатты.

– Үйгө кирсем көпкө олтуруп калам. Атасы да күтүп жатат кызын. Жайчылыкта келип, уулуңду да көрүп кетээрмин. Азыр барайын-деп, шашылгандай түр көрсөтүп жатты.

– Азыр анда, жок дегенде нан ооз тийип кет-деп, элпек кыймылы менен ичкери кирип:

– Азимгүл кызым, сыртта апаң чакырып жатат... -деди да, жайык идишке эки нан салып, сыртка чыкты. Аны эшик алдында турган Азимгүлдүн апасына сунду. Нандын четинен чымчып оозуна салган ал, кызын көрө калып:

– Бол кызым, үйгө меймандар келди, атаң да күтүп жатат –деп, кызын шаштырган болду.

– Кимдер келди?-деп, койду кыз кайдыгер гана.

– Атаңдын жумушундагылар окшойт, комиссия дейби?

– Комиссиянын бизге кандай тиешеси бар?-кыз, чыгып келе жатып, ушуларды божурады да, апасынын артынан түштү. Курбуларына “мен анан келем” деп койду.

– Бул кезде Аскардын дос балдары да топтолуша келип, үй тарапка кирип кетишти.

– Апа, Аскарды катуу сабап коюшуптур. Ушуну баягы келген кишилер жасабады бекен ыя?-деп, апасына суроо салды.

– Кайсы кишилер?

– Мени ала качабыз дешкендерчи?

– Алар эмнеге сабашмак эле?

– Бироосу катуу жулуна баштаган го. Колунан ары жетелеп, жулкулдатып жатканын көргөмүн. Ошолор

эле кылышты окшойт. Бечаранын бети катуу шишип, ооздору дулдуят. Көздөрү ачылбайт. Анан кыймылдай да албай жатыптыр. Аябай оор абалы. "Доктурга алып барбайсызбы?" десек, апасы ынабай жатат. Аскар да "доктурга барбайм" деп жатыптыр. Эгер бирдеме болсо, ошол кишилер камалат го ээ?

– Ок,андай жаман нерсени айтпачы. Кичине опузалап коюшкандыр.

– Жок, абалы катуу. Тура албайт. Сүйлөй да албай жатат. Биздин барганыбызды билген да жок. Апасына эле бирдемелерди айтып жатты.

– Ошончолук катуу сабашыптырбы?

– Ооба да, айтып жатам го, абалы оор.

– Анда милиция чакырышпайбы, доктурга алып барбайбы?

– Ошону биз деле айттык. Апасы ынабай жатат го?

– Кызык неме го. Баласын ойлобойбу?

– Ошону айтсаңыз, баласы кыйналып жатса да, ыйлактап эле жанында олтурат. Эгер бирдеме болуп кетсе не болот десеңиз?

– Эмне болуп кетмек эле. Эч нерсе болбойт, кудай сактасын. Андан коро озүңдү ойлочу кызым, атаң дагы ачууланып жатат.

– Эмне болуп кетти дагы?

– Билбейм, кечээки жоругун көрдүң. Экооңордун ортоңордо өлмөк болдум го... -деп апасы бышактай баштады.

– Апа, эмне болду сизге? Эмне болуп кетти деги?Дагы урдубу?

– Ээ, атаңдын таягы деле өтпөй калды. Мен сени ойлоп жатам.

– Эмнеге?

– Ушу сенин жолуңду тосуп, бактыңды кыйып салабызбы?-деп чоочулайм.

– Апа, силер эмне эле болуп жатасыңар. Жалгыз кызыңар силерге оор көрүнүп жатабы? Ары-бери эле бирдемелерди айтып. Мени тынч койгулачы деги?!

– Менби? Мен эмне кылып жатам. Мен сен деп эле жатам го. Атаң... атаң баарын кылган...

– Атам эмне эле кылып жатат? Ошо бирге иштеген кишисинин баласына мени берип койсо эле, жаны жай алабы? Эмнеге ал өз кызынын бактысын ойлобойт? Атам ушинтип эле чиренип туулуп калбаса керек? Ал деле кыйналгандыр. Аскарды эмнеге эле кемсинтип жатасыңар?

– Мен кемсинткен жокмун кызым... мага сенин күлкүң керек. Ыйыңдын кереги жок.

– Анда экөөлөп атамды жеңип чыкпайлыбы?

– Кантип жеңебиз? Кантип? Колубуздан келеби?

– Эмнеге келбейт? Айталы...

– Айтканды түшүнүп жатабы? Сен дагы көп нерселерди уга элексиң...

– Атам менден тажап жатат экен ээ? Эптеп эле күйөөгө берип салса, анан кутулуп, жыргап жатып каласыңарбы?

– Ээ, балам, менде кайсы амал... Алар ушинтип сүйлөшүп келе жатышып, кантип келип калгандарын да сезбей калышты. Дарбаза түбүндө кыздын атасы турат. Баягысындай эле каардуу, кызарып алган. Мунусу ачуусу катуу келгендегиси.

– Кайда жүрөсүңөр?-деди, негедир үнүн акырын чыгарып.

– Мына келдик... кыздары менен жүрүптүр.-деди, аялы андан көзүн ала кача.

– Эл күтүп калды... шашып жатабыз. Бол кызым, бүгүн жолго чыгалы-деп, кызына карады.

– Бүгүнбү? –кыз чоочуп кетти.

– Ооба, жумуштан суранып алдым. Билесиң, азыр бизде жумуш кайнап турган убак..

– Эки-үч күн коё турсак эмне болот?-кыз, айбыга ушуларды айтты.

– Эмнеге?

– Мен азыр даяр эмесмин да...

– Эмне кылып даярданышың керек эле. Эбак эле даярмын, качан кетебиз?-дечү элең го?

– Дагы бир нерселер керек болуп жатат?
– Эмне?
– Майда-чүйдөлөр
– Түшүнгөн жокмун... эмне болгон майда-чүйдө?
– Мага керектүү нерселер да.
– Аны шаардан алып берем кызым. Башкысы документтериң даярбы? Калганын шаардан бүтүрөбүз. Буюрса шаарга барганда гүл кылып жасап коём кызым. Апаң тааныбай калсын- деп, калптан эле күлгөн болуп, кызынын далысынан таптап койду. Чогуу үйгө киришти. Атасы менен чамалаш, бойлору да жапыз, курсактары чендейген эки киши туруптур короодо. Алар да бир кызматта иштешет го сыягы. Колдорун шымынын чөнтөгүнөн чыгарышпай, ары-бери басып турушуптур.
– Мына, кызым келди. Азыр жөнөйбүз- деп, аларга ишарат кылды.
– Ата, эртең, же бүрсүгүнү эле жөнөбөйлүбү?- деген кызы, тиги кишилерди жек көрө карап коюп, атасына кайрылды.
– Жок кызым, мен жумуштан уруксат алдым деп жатпаймынбы. Бул агаларың да биз менен чогуу кетишет. Бир машина болуп барабыз. Бол, тез чыга кал-деп, атасы ыйламсырап маңдайында турган кызын шаштыра баштады. Атасынын бул сөзүн уккандан кийин, кыз ого бетер тиги кишилерден шекшинип , алардан коопторо баштады. “Ушулар менен кантип бир машинада алыс жолдо бирге кетем”- деген коркуу сезими да пайда болду.
– Апа, айтыңызчы, эртең жөнөсөк эмне болот эле?- деп, эми апасына кайрылды.
– Мен эмнени билем кызым, атаң айткандан кийин жөнөй бергиле да-деп, апасы ийнин куушуруп, үй ичине кирип кетти. Анысы кызынын чемоданын көтөрүп чыгайын деген белгиси болчу. Кыз ордунда тура берди. Аны көргөн атасы:
– Бол кызым, кийинбейсиңби?-деди.
– Ата, мен бүгүн баргым келбей жатат. Эки үч күн тура турсак болот эле...

– Эмне деп эле жатасың? Мен эмне бекерчи адаммынбы? Иш кайнап турат. Ошого карабай суранып алдым. Сени алып барып жайгаштырышым керек. Анан калганын да бүтүрүшүм керек.

– Мен баргым келбей жатат... -кыз, бултуя түштү.

– Эмнеге?

– Ошого...

– Болду жетишет, эркеликтин да чеги болот кызым. Жаш кыз эмессиң. Чоёңдобой бол тез. Улуу кишилерди күттүрбөй.

– Мен өзүм эле кете берет болчуумун.

– Кайда?

– Шаарга

– Шаардын эмнесин билесиң? Ал деген мобу кыштагың эмес. Эл көп. Адамдар бири-бирине карабайт. Сени жоолоп, түртүп, керек болсо тебелеп да кетишет. Тоноп коюшат. Ууру-кески деген көп.

– Анда андагылар кантип жашап жүрүшөт.?

– Алар деген шаардыктар. Сага окшоп кыштактан баргандарды билишет да. Оозуңду ачып жүргөндө, бир шылууну келип, акчаңды, кийимиңди жөн эле тоноп кетишет.

– Биз классташтар чогуу кетели дегенбиз.

– Ал жакка барганда табышып аласыңар. Болду, мени менен айтышпай. Чык машинага- деп, атасы өктөм сүйлөп, кызын колунан кармап, сыртка жетелеп чыкты. Кыз бир эки ирет колун тартып алууга аракет жасады. Атасы катуу кармап алган экен, анын колунан бошоно албай, аргасыздан машинага олтурду. Апасы анын чемоданын машинанын артына салып коюп, кызынын жанына келип, эки бетинен өптү.

– Жакшы бар, кызым. Жакшы жүр. Жаман кыздарга кошулба. Жолуң ачылсын. Ылайым кыдыр колдоп, окууга өтүп кет... -деп, бата кылган болду. Кочонун чаңын асманга сапырып, тез ылдамдык менен алар түшкөн машина жүрүп кетти.

* * *

Кыз оюн атасына ачык айта албай, демин ичине катып, ичинен буулугуп баратты. Коз алдында Аскардын абалы. Анын онтолоп жатканы. Ага эч нерсе дей албай, " из жашырып" кетип жатканына зээни кейип баратты. Атасына Аскар тууралуу айткысы келди. "Жок дегенде ал өзүнө келгенде анан жөнөйүн, ушундай абалында таштап кеткеним туура болбойт го"-деп, айткысы келди. Бирок, атасы Аскар тууралуу уккусу келбесин билет. Аны айтып, атасынын ачуусуна тийип алуудан коркту.

– Ата, мен кайсы окууга тапшырам?-деди, бир кезде кыз атасына суроо салып.

– Техникумга...

– Ага тааныш болбосо отпойт дешет го?

– Атаң тим жүрөбү, кызым. Мобу акелериңдин жакшы таанышы бар. Ошого барабыз, деп жанындагы кишилерге жылмая карап, кызына мактана, кокүрок көтөрүп койду.

– Мугалим болом да.

– Ооба.

– Экзамен кандай болот?

– Барганда көрөбүз кызым. Азыр районго жеткенде, сен башка машинага олтурасың. Мындайча айтканда, жаштар болуп өзүңөрчө кетесиңер. Биз улуулар өзүбүзчө. Эки машина менен удалаш эле кетебиз-деп, кызына сырдуу тиктеп койду. Атасынын бул айткандары кызга жагып турду. Себеби, курсактуу кишилер менен алыс жолдо чогуу кеткенден кысына баштаган эле.

– Ии, жакшы болот экен-деп койду. Районго да келишти. Ырас эле аларды бир жеңил машина күтүп туруптур. Анда эки жаш аял, эки жаш жигит бар экен. Аялдары элпек кыймылдашып, кыздын атасы менен баш ийкеше учурашкан болду да, кызды өздөрүнүн машинасына салышты. Анан "биз кеттик" дегендей белги беришип, жүрүп кетишти.

– Өтө катуу жүрбөгүлө, бизге каралап айдагыла- деген болду кыздын атасы аларга.

– Ошентебиз, бейкам болгула-деп, алдыңкы орундукта олтурган жигит аларга кол жаңсап койду. Машина ылдам жүрүп баратты. Алар чоң жол менен кыйла жүрүштү да, анан бир чоң кыштакка кирген жолго салышты. Кыз негедир шектене түштү да:

– Шаарга ушул жол менен кетеби?-деп, сурап койду.

– Ооба, эмне бул жол менен жүргөн эмессиңби?-деп, жанында олтурган келин ага сырдуу карап, жылмайып койду.

– Жок...

– Деги шаарга бардың беле?

– Жок.

– Анда жолду деле билбейт экенсиң да.

– Ооба.

– Анда жакшылап билип ал. Ушул жол менен чоң шаарга барат.

– Ии-деп, койду кыз. Кыштактын четки жолунан ичкеридеги шагыл жолго түшүштү. Анан бир чоң үйдүн дарбазасынын алдына келишип, машинанын сигналын катуу басты. Ичкериден кимдир бирөө дарбазаны тез ача салды эле, машина ичкери кирди. Жигиттер тез кыймылдары менен машинадан түшүп, үй ээлерине бирдемелерди айтышты да, ары басып кетишти.

– Мына келдик сенин чоң шаарыңа-деди, жанагы келин.

– Кандайча келдик?... Ушул шаарбы?... Эмне деп жатасыз?... -деп, кыз ага таң калыштуу тиктеди.

– Келдик... мына сенин шаарың. Ушул жерде окуйсуң..."казан аяк" деген университетте... -деп, кекээрдүү сүйлөдү ал келин.

– Бир жолу колго тийбедиң эле. Мына, экинчисинде өзүң эле түшүп бердиң капканга. Жашай бер эми... -деп, машинанын эшигин ачып, сыртка чыкты. Үй ичинен топтолушкан аялдар алар тарапка басып келе жатышат. Кыздын жүрөгү жамандыкты сезди да:

– Апа-а, мени кайда алып келдиңер? Канаке атам?-деп, үнүн катуу чыгарып, берки капталында кыймылдабай олтурган келинге карады.

– Атаң кетти... сенин чемоданыңды көтөрүп. Шаарга барып, документтериңди тапшырып коёт-дейт, анысы да.

– Эмнеге, мени таштаппы?

– Сен өзүң түштүң го бул жакка. Атаң чоң кишилер менен кетти да.

– Биз мында эмнеге келдик?

– Сени алып келдик. Эми ушул үйдө жашайсың.

– Эмнеге?

– Эмнеге дегениң кандай? Келин болосуң. Тигине, аялдар келе жатышат. Азыр сени алар машинадан түшүрүп алышат. Өткөндө биз барганда эле келе берсең, мына азыр олтуруп калмаксың. Бизди да убара кылып...

– Ии, ошо силер белеңер. Чын эле ала качалы деп баргансыңар да ээ. Анан эмнеге бейкүнөө бироону сабап салдыңар?-деп, кыз тим гана божомолдоп айта салды.

– Аның эч нерсе дебегенде, баары жакшы бүтөт болчу. Орто жолдон чыга калып... Чала болот ага.

– Силер мыкаачы турбайсыңарбы, анда?!

– Эмне ага бирдеме болуптурбу?

– "Бирдеме болуптурбу?"- деп, коёт. Анын абалы оор. Кыймылдай албай жатат. Көзү ачылбайт, сүйлөй албайт.

– Ал эмнең болот деги, эмне анча безилдеп жатасың? Өзүңдү ойлосоң... -деп, ал келин да, силкине машинадан түшүп кетти. Топтошкон аялдар кыз тарапка келишип, анын колунан тарта баштышты:

– Түшө гой, келдиң үйүңө-дешет алар.

– Менин үйүм эмес бул, түшпөйм. Атам кана?-деп, кыз аларга баш бербей, колун карматпаганга аракет жасап жатты.

– Атаң азыр келет, түш, түшө гой-дейт, аялдардын улуурагы илбериңки гана.

– Жок, түшпөйм, атам келсин... биз шаарга кетебиз... мен окуйм...

– Азыр түшө бер, кызым, атаң артыңдан келет. Анан чогу кетесиңер. Сага эч ким тийбейт. Атаңды күтүп олтура тур-деди бири.

– Жок, мен ушул жерде эле олтурайын. Атамды ушул жерден эле күтөйүн-дейт кыз көгөрүп.

– Ой, кандай неме деги, машинада да олтурчу беле. Азыр атаң келгенче үйгө эле кирип тур-деген,аялдардын тобу, эми күчкө салып, кызды сыртка чыгарууга аракет жасай башташты.

– Жок чыкпайм, ушул жерде олтурам. Мен таанымаган үйгө кирбейм-деп, безилдейт кыз.

– Ой, бул деген атаңдын досунун үйү, мурда таанымасаң, эми таанийсың. Сени бул жерге олтургузуп коюп... кой, болбойт, үйгө эле кир... -деген аялдар, улам биринен сала экинчиси ажылдап жатышты.

– Атам келсин анда, чогуу киребиз-деп, көгөрөт кыз.

– Ой, кокуй ая, ушу чычкандай кызга алыңар жетпей, эмне болуп жатасыңар деги?-деп, жоон-жолпусунан келген аял аюу басыгы менен машинанын жанына келди да:

– Кой, анчалык кежирленбей түш, кызым. Кичинекей эмессиң да. Эмне эле апаңдай болгон немелерди жалдыратып... түш эми... -деп, кызды шап колдон алды да, күч менен сыртка тартты. Кыз анын мындай аракетине туруштук бере албай, анын үстүнө колу да катуу ооруп кетти көрүнөт, машинадан кандай ыргып түшкөнүн билбей калды. Анан кыздын бутун жерге тийгизбей эле, бирде көтөрүп, бирде жетелеген бойдон үйгө киргизип кетишти. Кыз болушунча аларга каршылык көрсөтүп, жулунуп жатат. Эки жагынан кармашкан олбурлуу аялдар кичинекей немени улам нукуй сала, тартылып турган көшөгөгө алып киришти. Кыз эми баарына түшүндү. “Аталап”, “апалап” кыйкырып жатты. Көз жашы бет ылдый төгүлүп, үнү да заматта кардыга түштү. Болушунча үнүн катуу чыгарганга аракет кылат, бирок, анын ыйын, анын үнүн уккан жан

болбоду. Күчко салып үстүнө гүлдүү көйнок, башына ак жоолук салышты. Жоолукту канча ирет башынан алып ыргытты. Жерге түшкөн жолукту, лып ала коюшуп, кайра башына салышат.

– Башыңа салган жоолукту ыргытпа, ырымы болот. Жоолук деген ыйык. Бактылуу болбой каласың - деген болушат. Кыз буларга туруштук бере албады. Үнү бүтүп калганда, өпколөнүп ыйлады.

– Баары бир кетем... калбайм мен. Мен жашмын... эми он жетиге чыктым. Мен окуйм... атам келсе кетем- дейт. Бирок, бул иштин башында атасы турганын, атасы өз колу менен буларга салып бергенин билген жок. Тээ эбак эле кыздын баасын бычып, булардан көп акча алып койгонун, баарын тымызын гана иштегенин билбеди. Тескерисинче, атасынын келишин күттү. Эми буларга каршылык көрсөтүү пайдасыз экенин сезди да, тим олтуруп калды. Бирок, көз жашы тыйылган жок, ыйлаганын баспады. Өпкөлөнүп, улам "апалап" коюп, ыйлап жатты. Анын жанына "кароол" кылып, үч келинди, кыздарды олтургузуп коюшуп, калгандары сыртка чыгып кетишти.

– Ыйлап, ыйлап басылат да, кайда бармак эле. Атасы алчуусун алган. Артынан келип, алып кетмек беле? Кайда барат, чарчаганда басылат. Мындай жерди кайдан табат экен, тим койгула... ыйласа ыйлап алсын, эртең эле күлүп калат. "Кыз жыргаар жерине ыйлап барат" дейт, ыйлай берсин, тим койгула -дейт, бир аял сыртка чыгып баратып. Аны уккан кыз:

– Неге, атам келбейби, ал артымдан келбейби, ал кайда кетти?-деп, аялдын артынан үн салды.

– Атаң эмнеге келмек эле? Салтта жок атасы кууп келген. Жеңелериң келет... күтүп тур, жеңелериң келет-деп, кызды көзүнүн кыйыгы менен карады да, сыртка чыгып кетти. Сыртта болсо эл көп. Кыз кимдин үйүнө келгенин да билбейт. Мында эмнеге келгенин да жакшы түшүнө албады.

– Баары бир кетем, калбайм бул үйдо..-деп коёт арачолодо өксүгөн кыз.

– Кайда бармак элең? Баарыбыз ошентип эле келгенбиз. Мына жашап эле жатабыз го. Көп эле ыйлай бербедейт, жанында олтурган келиндердин бири.

– Мен деген жашмын... окушум керек. Атамы эле чакырып койгулачы?-деп, безилдейт кыз.

– Булар деле окутуп алышат. Эмне, булар караңгы адамдар бекен? Баары билимдүү. Башы корүнгөн адамдар. Күйөөң да билимдүү. Ээ, андай жигитке жете албай жүргөндөр канча- деп, коёт дагы бири.

– Күйөөң дейсиңерби? Кандайча, ким ал?-деди, кыз, чоочуй ордунан туруп.

– Кызык го мобу неме. Сен эмне, али күнчө күйөөңдү тааныбайсыңбы?-деп, колун шак коюп, келиндердин бири кызга суроолуу тиктеди.

– Тааныбайм... мен эч кандай күйөөнү билбейм. Мени атам окутам деген... мен шаарга кетишим керек. Мен шаарга кетип бараткамын. Силер жолумду тостуңар... мени коё бергиле... -деп, кыз үнүн катуу чыгарып ыйлай баштады.

– Ай кыз ай, болдучу, уулубачы. Тим койсо, кечке эле уулуйсуң да. Болду да... эркелигиңди атаңдын үйүндө көрсот. Бул жерге сен кыз болуп келген жоксуң, келинсиң... -деп, анын жанында олтурган келиндердин бири ачуулана сүйлөдү.

– Мен эч кандай келин болбойм... мен баары бир кетем. Эч качан бул жерде калбайм... менин сүйлөшкөн жигитим бар-дейт, боздогон кыз.

– Ой бир эмес, он жигитиң болбойбу. "Жүгүргон албайт, буюрган алат" деген сөз бар. Жигитиң жүгүрүп кала берди да. Мына биздин балага буюрган экен, ушул үйдүн босогосун аттап жатасың... -деп, дагы бири кызга кекээрлүү карап койду.

– Кетем, баары бир кетем. Калбайм мен. Эч качан калбайм... силер сүйлөй бергиле... -деген кыз, ыйын токтотподу. Ордунан тура калып, сыртка карай атырылды. Элпек келиндер шап колунан кармай, ордуна олтургузуп коюшту.

– Эч качан андай болбойт, мен калбайм бул жерде. Өзүңөр "көзү менен тең айланып", ушундай байлардын жугундусун ичип жүрө бергиле.

– Эмне-е? Эмне дедиң?- ачуусу келген келиндин көзү чанагынан чыгып кетчүүдөй акшырая кызды тиктеп калды.

– Коюңузчу жеңе, эмне болуп жатасыз? Эми ушу жаш кызга теңелесизби?- деп, келиндердин бири анын жанына олтура үн катты.

– Ой, тим койсо, бул сетирейген неме ашынып бараттпайбы. Эмне ушуга жалдырап жатабыз деги? "Ай-уй", "кой-ай", "айланайын", "үргүлөйүн" – деп, жүгүнүп жатабыз буга? Ким экен бул? Сетирейген гана өлүгүңдү көрөйүн. Эртеден бери баарыбызды суй жыкты аа? Баскыла баарыбыз эшикке кеттик. Мунун үстүнө эркектерди эле киргизели. Ошолорго ушинтип быдылдай алар бекен? Мен чыдабайм мындайга. Келгендердин баары эле ыйлайт адегенде, анан ийге келип, олтуруп эле калышчу го? Бул эле асмандан түшконсүп, тең ата болот мага. Мени билбейт экен да..ким деп ойлоп жатат. Сетирейген гана сени... көрөм эртең эле эриңдин таягын жегенде, мышык болуп каласың... -деп, буркан-шаркан түшкөн олбурлуу келин, мында олтургандардын бардыгын тургузду да, сыртка алып чыгып кетти. Каалганы тарс жаап, сырт жактагыларга үн салды:

– Ай, эркектерден кимиңер барсыңар, тиги баланын досторунан бир экөөнү мында жиберип койгулачы. Тиги келинди карап коюшсунчу, дегеле эч кимге баш бербейт го?

– Ошончоңордун алыңар жетпей жатабы?-деп, очок башында жүргөн аялдардын бири үн катты.

– Ээ, бул таптакыр токумун жеген неме го. Кежектенет эле кежектенет. Атасы артынан келип, алып кете тургансып, кайра-кайра "кетем" дегенден башканы айтпайт. Достору да кирип, ийге келтирип көрүшсүнчү.

– Ээ, тим койгула, жалгыз калганы жакшы. Айнек, эшиктерди бекем жаап салгыла. Жалгыз калса, ыйлап-

ыйлап басылат. Жеңелери келгенче, опкосун басып олтурсун-дейт, экинчи аял. Кыз ырасында да кимге, кандай жерге келгенин дагы да так биле албай, мунун баары түшүм деп, эч нерсеге акылы жетпей жатты. Терезе жакка келип, сырт жакты карады. Короо ичинде адамдар көп. Үйдүн бир бурчундагы кыдырекей салынган очоктордо казандар асылып, буусу обого которулуп, анда эт кайнап жаткандыгы байкалат. Кыз-кыркын, келин-кезектер ары-бери жүгүрүп эле жүрүшөт. Аларга назар сала кыйлага карап турду. Арасынан тааныш жүздү издеди. Негедир казан башында жүргөн эки келинди бир жерден көргөндөй болду. Кайдан көрдү эле? Алардын басканы, кыймыл-аракети тааныштай. Ушуларга барып жардам сурагысы келди. Балким ушулар ага жардам беришээр. Кызды бул жерден качырып жиберишээр. Булар кимдер эле, кайдан коргон? Кыз кыйлага ойлонду. Эстей албай койду. Жүзү тааныш болуп жаткан соң, демек аларды тааныйт, бир жерден жолугушкан. Эгер кыз аларга барып жалдыраса, жалынса, аялдык тилектештик менен да ага жардам беришээр. Кыз ушуларды ойлоп, сыртка чыгууну ойлоду. Каалга бек. Терезеден чыгып кетейин десе, кыйла бийик экен. Андан секирип кетсе, жок дегенде эле буту кокустап калышы мүмкүн. Анда кача албай калат? Олтурган болмонүн каалгасын ургулай баштады.

– Мен эшикке чыгам, ачып койгулачы?-дейт. Сырттан эч ким ага жооп берген жок. Бардыгы демин ичине катып алышкандай, же тилдерин жутуп алгандай, "лам" дешпейт. Короо тарапта болсо баягыдай эле адамдар көп. Келип-кетип жатышат. Улам келгендерин башка болмолорго киргизип кетишет, бир аздан кийин алар чыгышат, экинчиси кирет. Кым-куут эле адамдар жүрүшөт. Короо кенен экен. Үй дагы бышкан кыштан, суугуцду арттырчуудай эле курулган. Үйдүн ээси жон адам эместиги көрүнүп эле турат.

– Эшикти ачкыла, мен чыгам... ачкыла эшикти... мени эмнеге камап салдыңар, ачкыла дейм... кимдир бирөө барбы, ачкыла эшикти... -дейт, кыз улам каал-

ганы ургулап. Дагы деле ага эч ким жооп бербейт. Бир кезде каалга ачылып, төрт - беш орто жаштагы эркектер кирип келишти.

– Эмне болду аяш, эмнеге жалгыз олтурасыз?-дейт, алардын бири.

– Кандайча аяш, мен силерге аяш эмесмин, уялбайсыңарбы, кызыңардай немени аяш дегенден?-деп, аларга да катуу тийди. Ушул эркектердин алдында өзүн алсыз көрсөткүсү келбей, өзүнө - өзү дем берип, кайраттуу болууга аракет жасады.

– Эми досубуз сизге үйлөнүп жаткан соң, "аяш" дейбиз да, ал үчүн айып көрбөңүз?-деп, алардын дагы бири сыпаа көрүнгүсү келип, үн катты.

– Ким ал, кана мага көрсөткүлөчү, эгер ал силердин досуңар болсо, анда ал мага ата ордуна болот экен да ээ?

– Жок эй, андай дебеңиз. Досубуз жапжаш. Мына ал-деп, алар менен кошо кирген, ак саргылынан келген, узун бойлуу жигитти көрсөттү. Кыз бул жигитти да көргөндөй, жүзү тааныш көрүндү.

– Мен сизди бир жерден көргөндөй болуп жатамын-деди.

– Балким-деп койду ал жер карай.

– Мурда жолуктук беле?

– Билбейм-дейт ал, нымтырай, бир алдын сыпаалыгын көрсөткүсү келип.

– Кантип билбейсиз, эстеп көрүңүзчү, мурда бир жерден жолуктук беле?-деди, эми анын жанына келип.

– Балким мени бирөөгө окшоштуруп жаткан чыгаарсыз?

– Жок, эч кимге окшоштурган жокмун. Мен эстедим, мындан бир канча күн мурда биздин үйгө баргансыңар. Мени ала качканы. Анан ошол жерде бейкүнөө бир жаш баланы сабап салдыңар. Анын күнөөсү жок болчу. Ал менин классташым эле болчу. Биз бирге шаарга бармакпыз. Ал дагы окууга тапшырмак, мен дагы. Сиз ошол баланы ургандардын бирисиз да ээ?-деп, жер карап турган жигиттин бет маңдайына келди.

– Айтыңызчы, аны эмнеге сабап салдыңар, азыр ал төшөктө жатат. Ага бирдеме болсо, ким жооп берет?-деп, үнүн катуу чыгарып сурады.

– Мен сабаган эмесмин, мен билбейм-дегенге араң жарады жигит.

– Кантип, ал жерде үч эркек, эки аял болчуусуңар да. Аялдар анчалык сабай албайт. Эркектердин колунан келди да. Мени алат экенсиз, эмнеге жүзүңүздү жашырасыз, эмнеге качасыз, эмнеге алдайсыз? Ачык эле айтпайсызбы?-деди, дагы деле үнүн бийик чыгара, тайманбай.

– Жашынган жокмун... атам баарын бүтүрдү да-дейт ал.

– Эмнеге, мени атаңыз алабы?

– Жок... ал барын өзүм бүтүрөм деген да... -жигит кыздын алдында катуу нымтырады. Оозунан сөзү качты.

– Эй, аяш, биринчи күнү эле катуу каарыңызга алдыңыз да. Ансыз да араң турат бул. Коюңуз, анчалык катуу кетпеңиз?-деп, досторунун бири ал жигиттин жанына тура калды да, аны "бир балакеттен кутулттум" дегендей, шердене сүйлөдү.

– Мен азыр бул жерде жалгызмын. Эч кимди тааныбаймын дагы. Ошондуктан мени ар кандай ойго салып жатасыңар. Мен бул досуңарды мурда көрүп, сүйлөшкөн да эмесмин. Мен азыр он жети гана жаштамын. Жашым жете элек. А бул досуңар кыйла эле жашап коюптур. Ошондуктан тынч эле мени үйгө алып барып койгула.

– Эмне деп жатасыз, ошондой да болчу беле? "Бирөөнүн эшигин аттады, бир жерге барып келди" болдуңуз да. Эл ичинде кеп кетет.

– Кетсе кете берсин. Мен коркпойм. Мен досуңар менен жашай да албайм, - кыз, ушуларды өктөм айтты да:

– Эң жакшысы мен айткандай кылгыла. Бардык ишти жакшы жол менен эле чечели, сыртка чыкпасын. Эч ким билбесин. Тууган урук билсе эч нерсе болбойт,

айтылып кала берет. Унутулат баары, -деп, бурчка барып туруп калды.

– Андай болбойт, салт деген бар. Бизге эле жеңил бекен? Ансыз да өткөндө элге уят болдук. Экинчи жолу уят болгубуз келбейт. Билесизби, кандай жерге келдиңиз?-деп, эркектердин дагы бири тыбырчылап кетти.

– Баарыңар эле ушуну айтасыңар да, булардын байлыгы, бийлиги кимге? Силер адам тагдыры менен ойноп жатасыңар. Азыр эки адамдын тагдыры талкаланып жатат. Досуңардын дагы, менин дагы. Мен баары бир бул үйдө калбайм. Күчкө салсаңар да калбайм. Эмне кылсаңар да, баары бир кетип калам.-деп, кыз буркурап ыйлап жиберди.

– Кантип биз сизди коё беребиз? Андай болбойт, азыр жөн гана ачууңуз менен ушинтип айтып жатасыз. Эртең эле башкача болот. Мурдагылар деле... Ал ушуну айтканда, жанындагысы чыканакка бир түрттү эле, анысы тып токтоп калды. Кыз муну байкаган жок. Боздоп ыйлап жатты. Олтура калып, колу менен жүзүн басып ыйлап жатты. Үнүн катуу чыгарып ыйлады.

– Коюңуз эми, ыйлабаңыз-дешкен болот эркектердин тобу. Кыздын ушундай абалын карап турган күйөө жигиттин негедир жаактары кыймылдап кетти. Муштумун түйүп, бирдеме айткысы келди. Аны байкап калган бир досу, колунан кармап, "өзүңдү карма" дегендей, белги берди.

Ушул аралыкта сырттагылар дүрбөп калышты:

– Куугунчулар келишти, куугунчулар келишти, кана чыккыла, тосуп алгыла-дешет, короонун бир бурчунда турушкан аксакалдардын тобу. Салт боюнча качкан кызды кууп келген жеңелерин байбичелер каршы алышат да. Ошол каада менен алдын ала даяр турушкан байбичелер эми гана эки машинадан түшүп жатышкан "куугунчулардын" жанына жетип барышты.

– Кулдугубуз бар, кулдугубуз бар. Силерде кыз болсо, бизде уул бар экен. Экөө табышып калышыптыр. Эми алардын жолун тосо албайт экенбиз. Эки жашка жакшылыкты гана каалагандан башка не чарабыз бар-

дейт, байбичелердин улуусу. Куугунчу топко бир гана орто жаштагы аял кошулуптур. Калгандары жаш келиндер. Аларды каршы алган байбичелердин ызылдай, биринин оозунан экинчиси сөз талаша сүйлөп жаткандарын көрүшүп, ордуларынан жылбай эле туруп калышты. Аларга жооп сөз да таба алышпады.

– Ай, байбичелер, эмне эле ажылдап жатасыңар, меймандарды ичкери тартпайсыңарбы?-деди, аксакалдардын бири. Ошондо гана алар эстерине келгендей:

– Ий, ботом, эмне эле турабыз. Кириңиздер, кана үйгө кириңиздер, жүрүңүздөр...-деп, дагы деле ошол байбичелердин улуусу жол баштады. Келген меймандар ушуну эле күтүп турушкандай, анын артынан басышты. Эми алардын катарында жанатан бери буларга көз салып турушкан жаш келиндер кошулуп, келген меймандардын ар бири менен кол беришип, кучакташып учурашып жатышты. Келгендердин бири да сөз айтпай, улам бири-бирин тиктеп коюшуп, жол баштаган байбиченин соңунан баратышты. Аларды башка бөлмөгө ээрчитип кетишти.

– Кызыбызды көрүп алсак болобу?-деди, жаш келиндердин бири ушу тапта.

– Ооба, көрөсүздөр. Кызыңыздар күйөө балдар менен оюн курушуп, жапжакшынакай болуп эле олтурушат. Эми эки жаш табышып калса, ала качып алабы, “кыңшылатып” каадасын кылып, той менен алабы, баары бир эмеспи... -деп, байбичелердин бири меймандарды ынандырууга аракет жасагандай үн катты.

– Азыр эле көрсөк кандай болот?-деди, дагы жанагы жаш келин. Анын жанында бараткан жамбашына нукуду да, кулагына шыбырады:

– Эй, акем не деди эле. “Керек болсо кызга учурабай эле койгула, тим гана каадасын кылып койгула”-дебеди беле, - деп шыбырады.

– Ошентсе да, бир көрүп алалы да...

– Көрөсүң, шашылба, көрөбүз, азыр булардын айтканындай болуп туралы-деди анысы.

– Кызды корбосок, “булар кызынан кутула албай жатышыптыр” дешпейби?-деп койду.

– Антишпейт, өздөрү көрсөткүлөрү келбей жатат. Кыз не болмок эле, эгер бала жакпаса, бир ыйлайт, эки ыйлайт, анан олтуруп калат да... -деп, алаксыта алдыга кадам таштады. Алдын ала даярдык көрүлүп, кенен жайылган дасторкондун бетине не деген гана даамдар коюлбаган. Меймандар орун алышып, үй ээлери болсо, аларга болушунча сый көрсөтүп жатышты. Келгендер кыз куубай эле, тойго келгендей, шарактап, улам бокалдарга ак да, кызыл да түстөгү ичимдиктер куюлуп, эми эле созулуп олтурган жаш келиндер ачыла-чачыла башташты.Үй кожойкеси олбурлуу келген, ак жүздүү сулуу аял экен. Көздөрүнүн балбылдаган жалыны дагы деле кете элек. Жаш кезинде далай жигиттин суугун арттырган пери болсо керек. Ошонусуна шерденеби, негедир келгендерге анча деле ийиле бербей, алар менен сыпайы гана учурашып, анан сыпайы гана кирип, чыгып жатты. Башында өзүн тааныштырды, күйөө баланын апасы экенин айтып, анан өзүнүн карапайым, мээримдүү жан экенин да кошумчалай кетти. Оозу толгон алтын тиш, колдорунун манжалары кымбат баалуу алтын шакекке толгон. Мойнунда үч-төрт кабат алтын мончок. Үстүндөгүсү да бул чөлкөмдө кездешпеген, болсо да менсинген чоңдордун аялдары гана кийген көйнөк. Кыз кууп келген келиндерге бир сыйра назар салды да, “булар менин теңимби ?”- дегенчелик, билдирбестен мурдун чүйрүй, чыгып кетти. Анан бул бөлмөгө азыраак гана кирип турду. Калптан болсо да, сыпайы сүйлөп:

– Тамактан алып олтуруңуздар... кемчилик жокпу... келиндер нааразы кылышпадыбы?-деп коёт. Бир гана келин тынчсызданып олтурду. Ал кызды көргүсү келди. Эки үч жолу сыртка чыгып да келди. Бир канча бөлмөнүн каалгасын ачып көрдү. Ал жактардан кызды көрө албады. Анан“мага кызды көрсөткүлөчү” деген өтүнүчүн эч ким канааттандырган жок. Болмолорунун көптүгүнөн баш адашкан бул үйдөн кызды таба албады.

Аны кайдадыр алып кетишкендей, бир жерге камап, дымын чыгарбай, байлап олтурушкандай туйду. Ичкери кирип, жанында олтурган келинге эки-үч жолу:

– Жүр, кызга жолугалы-деди.

– Ээ, жолукканда не. Азыр шашпай тур. Көрөсүң. Кызык алдыда-деп, анысы улам толтурулган бокалды бошотуп, сыр бербей олтурат. "Куугунчуларды" катуу сыйлашты. Тамактын биринин артынан экинчиси токтоосуз келет. Жакшы сөздөр айтылып, эки жашка ак тилектер ыроолонуп жатты.

– Ай, кудагыйлар, эртеден бери абдан жакшы олтурабыз, сыйыңыздарды да көрүп жатабыз. Кызыбызды болсо "анан көрөсүңөр" дедиңер. Анда, жок дегенде күйөө баланы көрүп коёлу?-деди, жеңелердин улуурагы

– Ии, ботом, күйөө баланы деле, кийинчерээк көрсөңөр кантет?-деп, койду аларга чай куюп жаткан келин.

– Ооба да, эртеден бери күйөө баланы жакшы эле мактадыңар, эми өзүн көрүп коёлу?-деп, ага кошулду куугунчу келиндердин бири.

– Азыр айтып көрөйүн... жаштар өздөрүнчө олтурушат эле да... азыр мен айтып көрөйүн-деп, чай сунган келин, колундагы чайнекти дасторкон четине коюп, сыртка жөнөдү.

– Ии, ошенткиле, күйөө баланы көрүп койгонубуз жакшы да, анан башка бироону тиги жакка киргизип алып, уят болуп жүрбөйлү, хи-хи-деп, келиндердин бири калптан эле күлүп алды. Ага калгандары да кошулуп, "ха-ха", "хи-хи" лер, заматта үй ичин каптап кетти. Улам бири-биринин жамбашына, далысына ургулап коюшат

Бир кезде бул үйдөгү келиндердин тобу күйөө баланы ээрчитип киришти. Калпагын көзүнө чейин ылдыйлата кийген, узун бойлуу жигит, аларга салам сала, босого тарапка туруп калды. Анын артынан достору да киришти. Меймандар аларга орун бошотуп, ушул жерде бир аз олтурууларын сураныштты. Эми уялынкы жер карап олтурган күйөө балага жакшы сөздөр айтыла баштады. Анын билимдүүлүгүн, маданияттуулугун,

жөнөкөйлүгүн, тайманбаган баатырдыгын, кичинесинен эле зирек өсүп, атасына жөлөк-таяк болуп келгендигин, боорукерлигин айтып өз жеңелери мактаса, келгендер "ушундай күйөөгө жолуккан кызыбыздын бактысы тоодой экен, мындай баланы ааламды алты айлансаң да таба албай тургандыгын", эми мындан аркы жашоолору өз колдорунда экендигин айтып, кыздын жеңелери биринен сала экинчиси бежиреп жатышты. Алар кыйлага ушундай күү-шаа менен олтурушту. Ал арада ырдап да жатышты. "Ыр кесе" уюштурушуп, улам кезектеше обон созо башташты. Күйөө бала да, анын достору да жанагыдай тартынбай, жаш жеңелерге тең ата боло, аларга тийишип, тамаша сөздөн ыргыта коюп, шаңдуу олтурушту. Бир кезде байбичелердин бири кирип:

– Ой, баракелде, аябай шаңдуусуңар го. Мунуңар го жакшы. Түн ортосу болуп калды. Тиги жакта жасай турган ишиңерди унуткан жоксуңарбы?-деди, "куугунчу" келиндерге карап.

– Жок эже, аны кантип унуталы, ошол үчүн келдик да... күйөө даяр болсо эле, биз даяр-деди, ушул олтуруштун коркүн ачып жаткан келиндердин бири.

– Анда ошол ишиңерди аткарып коюп, анан отурушуңарды улай бергиле. Түн бакырдыкы дейт, болгула, даярдангыла-деп, ал байбиче сыртка чыгып кетти. "Биз менен бир аз олтурбайсызбы, жаштыгыңызды эскерип, ошол кездеги ырлардан созолонтуп жибербейсизби?"-дешип, күйөө балдардын бири сөз ыргытты эле,"ал да болот, биз тиги жакта өзүбүзчө ырдап жатабыз. Силер өзүңөрчө сайрандагыла. "Тең теңи менен, тезек кабы менен"дейт го. Ансыңары, ар ким теңи менен болгону жакшы да"-деп, койду ал байбиче. Анын артынан күйөө бала менен анын достору да сыртка чыгышты.

– Эң башкы ишти унуткан турбайбызбы, бу балакетти анан деле ичсек болбойт беле?- деген кыз куугунчу келиндер, заматта соолуга түшүштү. Эгер ушул милдетти так аткарбай, майда нерсени да коздон кыя кетиришсе, анда иштин бүткөнү. Буларды тиги жакта

чоң "сюрприз" күтүп жатат. Бул маселеге келгенде салт катуу эмеспи. Бала тараптагылар ар кандай амал менен кыз намысын тебелеп салышы мүмкүн. Ошол эле учурда күйөө бала да бул жагынан тажрыйбалуу болсо, ар амал менен кыз абийирине шек келтирип коюшу да ыктымал. Андай окуялар бул тарапта көп эле кездешип келе жатпайбы. Аны угуп-билип жүргөн жеңелер, ото сак болууга аракет жасашат. Кыз кууп келген жеңелерден эң тыңын тандап үчөөнү шайлашып, кыз-күйөө жатуучу бөлмөгө жөнөтүштү. Күйөө тараптан да үч келин тандалды. Мындай өтө опурталдуу жана жоопту ишке жөнөтүлүп жаткан келиндердин "алласы" оозунан качып, денелерине кумурска жүгүрүп, бир сыйра кара терге да түшүп алышты. Кантсе да, милдетти аткарыш керек. Кыз олтурган бөлмө бул чоң үйдүн бир башында экен. Аны оңойлук менен да табуу кыйын тура. Ушул үйдө жашагандар деле, бөлмөлөрдөн адашып калышса керек. Келиндер демдерин басып, ал тарапка жөнөп калышты. Ошол кезде, үйдүн бир бурчунан аялдардын ызылдаган, кокуйлаган үндөрү чыкты:

– Кокуй күн, кара көзүбүз кашайды, кара көзүбүз кашайды го?-деп, жатышат. Бул үйдө эч ким уктабаптыр, бардыгы күндүзгүдөй эле короо ичинде ары-бери жүгүрүп жүрүшөт. Бири чай ташып жатат, экинчиси тамак, дагы бири бошогон идишти жууп-тазалап, дагы бирлери казан башында. Аялдардын кыйкырыгынан бардыгы топтолушуп, ошол тарапка жүгүрүштү.

– Эмне болду, эмне болуп кетти?-дешет баары.

– Келин жок... келин качып кетиптир... терезеден качыптыр-дейт, алдастаган аялдардын бири.

– Мен эки жолу келдим. Эшик ачылбай койду. Анан күйөө балдар ушул жакта дешкенинен, жаштар өздөрүнчө олтурушкан экен да-деп, кете бердим эле. Анан дагы келип, тыңшасам, ичинен эч бир добуш угулбайт. Тыптынч, анан эшикти күч менен ачсак, ичинде эч ким жок. Терезеде көшөгөнүн айрындылары калыптыр. Көшөгөдөн жип кылып, ошо менен түшкөн окшойт.-деп, тиги аял демиге айтып жатты.

– Катыгүн, бул эмне шумдук? Эмнеге аны жалгыз калтырдыңар эле? Кана күйөө балдар, достору кана? Ошолорду карап тургула дебедик беле?-деп, дагы бир аял алыстан эле безилдеп кирди. Күйөө бала эми эсине келгенсип, кыз олтурган бөлмөгө жүгүрүп кирди да, жер тепкилеп жиберди.

– Бизди неге чакырдыңар эле тиги жакка? Ушул жерде эле олтурат элек го? Баарын өзүңөр уюштурдуңар, баарын өзүңөр жасадыңар. Атайы жасадыңар. Биздин ал жакта керегибиз бар беле? Тим эле "жеңелери көрөбүз деп жатышат, сени көргүлөрү келишет экен"-дейсиңер. Муну өзүңөр уюштурдуңар. Бизди көрө албагандар кылды. Ага жардам беришти. Эми тапкыла, кана тапкыла-деп, жигит жиндене жер тепкилеп кирди. Анын мындай албууттанган кыялын апасы жакшы билеби, жанына келе алган жок. Алыстан эле:

– Балам, ачууңду келтирбе, табылат кыз, кайда качмак эле, алыс кете албайт, ал жолду деле билбейт, айланып эле өзү келет... көрөсүң, азыр эле өзү келет. Демиңерди басып, ызы-чуу салбай олтуруп тургула. Айылдагылар угушпасын. Дагы сөз болобуз-деди. Уулу болсо дагы деле бир жерде тура албай, ого бетер буркан-шаркан түшүп, ансыз да айлалары куруп , көздөрү жалдырап, эмне кылар айлаларын таппай жаткан мындагыларга улам акшырая карап алат да, ары - бери тыбырчылап, баса берди. Атасы болсо "алар кызды алып алдык, эшигимди аттагандан кийин кайда бармак эле?"-деп, конторунда достору, анан эми чындап куда болгон кыздын атасы менен стакан кагыштырып, келиндүү болгонун "белгилеп" жатышкан. Алар бул жердеги окуяны угуша элек. Баланын апасы "ага эч нерсе айтпай туралы" деп, табыштады баарына. Себеби, башкарманын ачуусу да жаман. Эң биринчи аялын күнөөлөйт. Ага жаман сөзү тийип калуусу мүмкүн. Анан кыз да качып, эч жакка кете албасына көзү жетип жатты. Болгону анын артынан жети сегиз ыкчам балдарды жиберишти. Алар бул айылдын кычыгына чейин карап чыгышат. Керек болсо ар бир үйгө киришет,

бирок, элге билдиришпейт. Алар ишеничтүү эле адамдар. Түн оокуму болгондуктан ушул үйгө караштуулардан сырткары айылдагылар дээрлик уйкуда жатышат. Айыл чоң, кочолору да коп. Узун-кыска, чолок жана туюк көчөлөр көп. Ушул айылда көп жыл жашашса да, ошондой көчөлөрдү таппай, билбей, адашкандар бар. Кыз болсо айыл тууралуу эч нерсе билбейт, демек, ал сөзсүз адашат, анан жол таппай, кайра бул үйгө келет, ал алыс кете албайт.

– Ушунун баарын озүңор жасадыңар. Эмнеге бизди ал жакка чакырдыңар? Ырас чакыргандан кийин жанына бирөөлөрдү олтургузуп койбойт белеңер? Канаке жанагы шагыраган келиндер? Алар эмне кылып жүрүшөт, бир сетер кызды кайтара албай? Анын көзүн агызып, ыйлатып коюшуп, карап турушат. Бир айласын табышпайт беле?-деп, кыйкырынат. Уулунун мындагы абалына жаны кейиген, жүрөгү эзилген апасы эми эсине келгенсип:

– Ошону айтпайсыңбы, баары жүрүшөт жугундуга тоюп алышып, куурсактарын чандайтышып. Бир чычкандай немеге алдары жетпей. Шерменде болдукпу эми?-деп, баласынан аша тыбырчылай баштады. Башкалары эмне деп айтышаарын билбей, нымтырай, жер карашат. Эч бирисинде үн жок.

– Силер эмне кылып жүрөсүңөр, ары-бери баскандан башка эмне жумуш бүтүрдүңөр деги?-деп, жигит эми четте турган эки-үч балага атырылды.

– Биз отун, суу ташып жүрдүк.

– Эмне силер көрбөдүңөрбү эч кимди? Ушул үйдөн качып чыгып бараткан немени көрө албадыңарбы?

– Жок, кудай акы биз эч кимди көрбөдүк. Корсөк дароо айтат болчуубуз. Көрбөдүк... -деп, жарыша сүйлөштү алар.

– Ылайым козүңор кашайып калсын. Эч нерсени көрбөй калгыла... -деп, аларды каарып өттү да:

– Бар жоголгула, ишиңерди кылгыла. Нымтыраган энеңди урайындар. Бул үйдөгүлөрдүн баары торпок, баары бечелдер, тим эле нымтырашат. Кылган иште-

ринин бир мааниси жок. Курсактары тойсо болду. Аңдыгандары эле тамак, энеңди урайындар... эгер ошол кыз табылбасын, баарыңар ушул үйдөн жоголосуңар. Эч кимиңер турбайсыңар, уктуңарбы!!!-деп, жалдырап аны тиктеп тургандарга кыйкырды. Анан:

– Эй,дос сөрөйлөр, силер эмне кылып турасыңар? Силер мага доссуңарбы, же душмансыңарбы?-деп, короонун караңгы жеринде топтолуп турушкан жигиттерге кайрылды. Алар бул сөздү угушуп, баары лыпылдай жүгүрүп келе калышты.

– Силер эмнени карап турдуңар? Кана, кимиңер мага кан доссуңар? Кимиңердин тилегиңер ак мага?-деди аларга.

– Баарыбыз эле доспуз да-дешет алар.

– Мен көрбөй турам достугуңарды. Силер мага душман экенсиңер. Ушунун абийири төгүлсүн дедиңер да. Силерге эмне бар эле жеңелердин арасында. Алар мени гана чакырышкан да. Баарыңар артымдан лепилдеп жетип бардыңар. Муну атайы кылдыңар да ээ?-деп, досторунун ар биринин жүзүнө тикирейе тигилип, аларды каарып жатты.

– Кой антпе дос. Биздин тилек ак сага. Бизде андай жаман ой жок. Өзүң бизди ээрчитип алдың го? “Аяштын жанында бир экөөбүз калалы” десек, өзүң, “келиндер карайт” дебедиңби?

– Кана анда келиндер, канаке жанагы шагыраган келиндер? Бири да жок го? Баарын жер соруп кеттиби? Канаке? Алардын күйөө сөрөйлөрү канаке?-деп, жигит үнүн катуу чыгарып, ары-бери ойдолоктоп жатты.

– Болду уулум, анчалык ачууланбачы? Табылат аялың? Кайда качат? Артынан кетишти. Ал бул жерди билбейт. Адашат, кайра келет. Чоң жолго чыкса эле колго түшөт-деген апасы, аны жоотткотуп жатты.

– Эгер табылбай калсачы?

– Табылат, кайда барат?!

– Эми ушул жолу мен аны кечирбейм. Өткөндө кылганы да жетишет мага. Азыр келсе, керек болсо, атасынын колуна салып беремин. Андай канчыктын мага

кереги жок.-деп, албууттанган жигит, колун силке ары басып кетти. Көздөрүн алайтып, мында топтолуп турушкандар, ичтеринен тына, бир үшкүрүнүп алышты да, анын артынан акырындан кадам таштаішты. Алар ушуга көнүп бүтүшкөн.Бул үйдүн эрке баласынын көзүнүн агы менен тең айлангандар.Анын үстүнө ушул үйдөн тиричилик кылышат. Эртели кеч ушул короодо жүрүшүп, малын багышып, жерин айдап,эгин себишет. Кылган жумуштарынын акысына бекер тамактанышат, ашкандарын үйлөрүнө алып кетип, бала-чакаларын багышат. Анан капчыктарына кээде тыйын да түшүп калат. Кийим-кечелерине да каралашып турушат. Ошондуктан эрке бала алардын көз алдында чоңоюп, анын ар бир кыял жоругун билишет, баарын көтөрүшөт. Бул ирет эрке бала мастыгына салып да, аларды катуу каарып жатты. Эч кимисин аяган жок. Баарына ачуу тил тийгизди. Бирок, алар аны көтөрбөскө арга жок. Эгер бул короодон куулуп кетишсе, анда ачка калышат. Себеби, ушул чөлкөмдөн жумуш да таба алышпайт. Каарына алса, эрке баланын атасы ар бирин түп орду менен жок кылып жибериши да күмөн эмес. Себеби, андай окуялар бир нече жолу жүз бергендигин билишет. Аны эч кимге ачыктап айта алышпайт. Үй-бүлөсү менен бир түндө дайынсыз жоголгондор тууралуу канча иликтенди. Айылды милиция, прокуратурадагылар басып кетти. Ар бирин сурап чыгышты. Айрыкча ушул короодон даам таткандарды катуу сурашкан. Эч кимиси ачыгын айткан эмес. Ийиндерин куушуруп “билбейм, көргөн жокмундан” башканы айтышпаган. Ал үй-бүлөнүн сулуу кызы дал ушул эрке жигитти чанып кеткен эле. Ошондуктан бул айылдан бой жеткен, өңдүү-түстүү кыздарды эрке баладан оолак кармаганга, ага көрсөтпөгөнгө аракет кылышат. Дайынсыз кеткен үй-бүлөнүн кызы канча жолу жуучу жиберсе да кашайып, “сүйлөшкөн жигитим бар”деп, макул болбой койгон да. Эми алардын жер үстүндө тирүү экендигинен күмөн санап жүрүшөт. Андан кийин кошуна айылдан бир кызды ортомчулар аркылуу эле

үйүнө киргизип алганда, ал кыз да жигитке ык бербей, кача берип, акыры эки айга жетпей кетип калды. Ал кыздын да азыр дайны жок. Өзү качтыбы, же булар жок кылдыбы, анын ачыгын да эч ким билбейт. Эми "бул кызга зыян кылышпаса экен?" деген түпөйүл ой да турду мындагыларда. Кыздын артынан кеткендерден али дайын жок. Алардын артынан дагы эки-үч топту жөнөтүшкөн. Алардан деле дайын боло элек. А бул үйдүн короосу заматта сумсайып, эртеден берки шарактаган жеңелердин, айрыкча кыз кууп келген жеңелердин деми сууп, шайлары ооп калды. Кыз кууп келген жеңелер заматта соолуга түшүп, бөжүрөп эле олтуруп калышты. Анын үстүнө күйөө баланын жанагы жоругун көргөндөн кийин аларда жан жок. "Эми бизди каарына албаса болду?"-деп, ичтеринен тына, үн катпай тура беришти. Тамак-ашка тирелген дасторконго жакын жолошподу. Эртеден берки каткырык, шарактаган үндөр, обологон ырлар жалп өчтү.

– Ий, кудай ай, тез эле табылса экен? Таң атып кетсе, элдин баарына жайылат. Анан тиги жактагылар да билип калышса эмне болот? Чайнап берген тамакты да жута албадыңбы?"деп, мен шордууну каарыйт го!?-деп, эрке баланын апасы эми чындап тыбырчылай баштады. "Таң агарып келе жатат" дегендей, туш-туштан короздор кыйкырып, жымыңдаган жылдыздардын да нуру өчө баштагансыды. Ушул арада түнү менен эле ачык турган дарбаза тараптан үндөр угула баштады. Адамдардын кобураганы жакындап, анан беш-алты жигит кирип келишти.

– Эч жакта жок, бүт кыдырып, кычык көчөлөргө чейин бардык-дешти, алар. Ансыз да жаны жай алып, тим олтура албай, ары -бери басып, элдин баарын каарып жаткан эрке бала аларга турган жеринен кыйкырды.

– Эмне жер жутуп кетиптирби, кантип жок? Аны айылдагы карышкырлар жеп кетти да анда? Ар үйгө кирбейт белеңер?

– Дарбазасы бек тургандарга кире албадык. Анан эшигинде свети күйгөндөрдү ойготуп, алардан сурадык.

– Сыртта туруп алып сурадыңар да?

– Ооба

– Ичине кирсеңер болбойбу?

– Алар уйкудан эми ойгонушса, үйүнө кантип кирет элек?-дешип, башка сөз таба албай алдастап турушту ал жигиттер.

– Акмактар... акмактар... баарыңар келесоосуңар... ал балким мобу эле жерде, ушул эле короонун ичинде жашынып жатат. Карап чыктыңарбы, ушул өзүбүздүн эле короону?-деп, баарына кайрылды.

– Карап чыктык...

– Бөлмөлөрдүчү?

– Ар бирин карадык... сарайларды, ал эмес отундун арасын, жер төлөөнү карап чыктык.

– Башкалары кайда жүрүшөт?

– Билбейбиз... эми таң атканда дагы бир сыйра издештиребиз да... -дей салды бири.

– Эмне? Эми таң атканын күтөлүбү? Эй, башы жоктор, таң атып кетсе, элдин баарына жайылат. Атам келет, ал билип калса, эмне болоруңарды билесиңерби?-деди, кыйкырыгын токтотпогон эрке бала.

Ырас эле, таң супаа сала баштады. Эл уйкудан ойгонот. Үйдүн короосу бийик дубал менен тосмолонгон, чычкан да кире алгыс болуп, бекитилген чоң короонун ичиндеги окуя заматта айыл ичине таркап кетиши күмөн деле эмес. Себеби, айылда буларды аңдыгандар коп. Жактырганынан, жактырбаганы арбын. Анткени, бул үйдүн ээси кыйла жылдан бери жетекчи болуп, өзү дандайып, курсак байлап, семиздигинен баса албай калса, аялынын да айылдагыларга кылбаганы жок. Уулу болсо, отуздан эми жашы ашса да, беш аялды ачык алды. Окуп жүргөндө да атасына айтпай эки аял менен жашап, атасынын бар тапканын аларга ташып жүрдү. Экинчи аялы эрке бала окуган окуу жайда иштейт эле, анын этегине эрмешип жүрүп, окуусун бү-

түп алды да, аны таштап баса берди. Жакшы жери, эки аялынан тең балалуу болбоду. Ал эми элге билдирип алган аялдарынын экөөнөн эки баласы бар. Үчөө төрөгөн жок, ага жетишпей эле кетип калышты да, ачуусу чукул, чоң муштум күйөөдөн аман-эсен кутулушканына сүйүнүп, кете беришти. Эки баласына алимент деле толөбойт, болгону апасы алардан кабар алып, кээде акчадан жардам берип турат.

* * *

Азимгүл бул жигиттин алтынчы алган жары болмок. Аны ал билбейт, бирок, бул жигиттин жакшы эместигин бир көрүп эле сезди. Анын үстүнө жашы да кыйла чоң болуп жатпайбы. Ушул жигит менен турмуш куруп, аны менен жашагандан көрө, өлүм артык деген чечимге келген кыз, болгон күчү менен айыл аралап качып бараткан. Ал эл баскан жол менен жүргөн жок. Жарык күйүп турган тарапка да баспады. Жалаң караңгы жерде, анан үйлөрдүн дубалдарынын түбү менен кетип баратты. Бул айылды билбесе да, бет алды кете берди. Ушул арада арт жагынан кобураган үндөрдү укту. Кыязы аны издеп чыккандар го. Кыз дароо түшүндү да, караңгылык уюган тарапка жашынды. Ырас эле, кыздын артынан түшкөндөр экен. Беш алтоо бар. Алар кызга жакындап келе жатышат. Эгер жакшылап, караңгыдагы кычыктарга көз салышса, кызды оңой эле таап алышат. Бирок, алар жолдун эки тарабын карабай эле, түз жол менен жогору жакка кетип баратышты. Кыздын жанынан да өтүп кетишти. Демин ичине алып, аба жуутуга да батына албай турган кыз, эми кенен дем алды да, оор үшкүрүп, турган ордунан жылбады. Тигилер кайра артка келишет. Эгер кыз жол улаган болсо, анда оңой эле колуна түшүп берет. Ал эми кайрылып тиги үйгө бара турган болсо, ал жакта аны жакшылык күтүп жаткан жок. Сөзсүз бирдеме болот. Ушул караңгылык аны өзүнө катып, кыздын абалын

түшүнүп жаткандай болду. Акырын шыбыш чыгарбай, айланасына көз жүгүрттү. Караңгылыкка көзү каныга түштүбү, же таң агарып келе жатабы, айтор, алдыдагы нерселер аздап кызга көрүнө баштады. Анан ал турган жерге жакын эле бир үй турат. Жапыз эле там экен. Негедир айланасы да тосулбаган. Дарбазасы жок. Үйдүн бир ыптасында сарай бар өңдөнөт. Кыз ошол сарайдын дубалындагы караңгылык менен улам алга жыла жөнөдү. Ушул сарай ичине жашынгысы келди. Кашайып сарайга кирчү эшик таппай, убара болду. Жылып баратып, дубалдын чоң оюгуна колу кирип кетти. Аны сыйпалап кармаласа, чоң оюк экен. Кыз ага батчуудай. Адегенде колу менен ал оюктун ичин текшерип көрдү. Эч нерсе урунган жок. Анан алгач бутун салып, анан акырындап денесин киргизди. Ушул оюкту атайы кыз үчүн жасап койгондой, акырындап башын салып, анан толук сарай ичине кирип кетти. Азыр жай мезгили да, кышкысын бул сарайга мал багылат көрүнөт. Малдын кыгы жыттанат. Дагы деле дубал менен жылып олтуруп, сарайдын башына жетти. Койдун кыгын кынаптап чаап, тизип коюшуптур. Кыз ошол жерге жашырынды. Кыйлага чейин олтурду. Жүрөгү дүпүл согуп, денесин майда калтырак басып , айланадан коркуп турду. Ал канча жол басты, кайда келип калды, ажыратып биле алган жок. Кантсе да, ага туш-туштан ажылдаган аялдардан алыс. Айлана тыптынч. Эмилеки болуп өткөн окуялар ага түш сымал көрүнгөнү менен, аны кыйла чыйралтып салгандай болду. Апасынын болор –болбос сөздөрүнө таарынып, ага каяша айта койгон кыз, азыр өзүн чоң адамдай сезип турду.

Анан короздордун кыйкырыгы туш тараптан угула баштады. Айлана да жарык тартып баратат. "Бул үйдө ким жашайт болду экен? Жакшы адамдар жашаса, мен алардан жардам сурайт болчуумун. Эгер жаман адамдар болсочу? Алар мени тигилерге кармап беришсе эмне болот?" Кыздын оюу алда кайда учуп, улам жарык түшө баштаган сайын сестенип, ага коркунуч да келе баштады. Бул үйдө жалгыз аял жашайт экен. Ал

таң агара электе сыртка чыкты. Колунда чөгүн, кыязы даарат алганы чыкты. Аял үйдүн аркы тарабына басты да, караңгылыкка сиңип кетти. Кыз бул аялды жакшы адам деп сезди. Эми таң атышын күтүп, анан ага барып, жардам сураганга камынып олтурду. Жашоосу өп-чап экени үйүнөн эле көрүнүп турат. Бала-чакасы деле жок оңдонот. Түнү менен ыйлай берип, көзү шишиген, топ-толушкан олбурлуу аялдардын ары-бери жулкулдата бергенинен улам колдору ооруп, денеси да оор тартып турган кыздын эми уйкусу келе баштады. Артынан издеп жүргөн куугунчулар бул тарапка келбесе керек деди. "Эгер келип калышып, мени ушул жерден табышса, эмне болот? Алып барышып, жанагылардын колуна салып беришет да? Менин артымдан эч ким келбей койдубу? Атам кайда жүрөт? Эмне мен ага керек эмесминби? Эмнеге атам мени буларга салып берди? Өзү кайда жүрөт? Атам айтып жүргөн досу ушулар болду бекен, же башкасыбы? Эмне болсо, ошо болсун, эми артка жол жок. Мен эмне кылсам да Аскарга барышым керек. Анын абалын көрүшүм керек. Эми мен эч качан атамдын тилин албаймын. Атам атайы мени ушуларга салып берди. Апам болсо бирдемени билет. Мен жөноп бараткaнда ар сөздүн башын айтып, табышмактатып эле жаткан. Кабагын ачпай, үшкүрүнүп жаткан. Ал баарын билет. Артымдан эч кимди жибербей да коюшту. Мени эч кимиси жок, сурай турган адамы жоктой көрсөтүштү. Эми мен аларга кайрылып барбаймын. Аскарды көрүп, ал жакшы болуп калса, качып кетебиз. Эч ким таба албай турган жакка качабыз... сөзсүз качабыз..."-кыз ушундай ойдун кучагында, сыртка кулак түрүп коюп, олтура берди. Уйкусу келе баштайт, кайра артынан жүргөн куугунчуларды эстегенде, көзү умачтай ачыла түшөт.. Таң да аппак атты. Жанагы аялдын качан ичкери кирип кеткенин байкабай калыптыр. Бир кезде ал аял эми кайра сыртка чыгып, сарай тарапка басты. Кара торусунан келген узун бойлуу аял ага жакын адамындай туюлду да, акырын ордунан туруп,

аны чоочутуп албайын деп, анын артына келди. Алыстан эле акырын добуш салып:

– Эже, эжеке-деди. Анысын тиги аял уккан жок. Эми үнүн бир аз катуурак чыгарды.

– Эже, эже, мен жакка караңызчы?-деди. Аял эми гана уккандай, эки жакка кулак түрүп калды.

– Мен жакты карасаңыз. Чоочубаңыз, мен эле. Мен Азимгүлмүн. Мени угуңузчу? - деди. Аял чоочуркай, арт жагына бурулуп, жакын эле жерде, бет алдында турган, жүдөңкү кызды көрүп, сестейе түштү.

– Менден чоочубаңыз эже. Мен баарын айтып берем. Мени угуп эле койсоңуз-деди. Аял аны бүшүркөй карап, жанына келгенден чоочуркап, анан акырын сүйлөдү.

– Кайдан чыга калдың сен? Кайдан келдиң?-деди.

– Эже, мени ала качып келишти. Бул айылды мен билбейм. Мени тиги Кызыл-Жар айылынан алып качып келишти. Кимдер алып качып келгенин да билбейм. Мен эптеп, түндө качып чыктым. Акыры сиздин сарайыңызга жашындым. Апамдай экенсиз, сизден мээримдүүлүктү көрүп турам. Мага жардам бериңиз? Мен үйгө кетейин. Айылыма кантип кетеримди да билбейм. Жанымда акчам деле жок.-деп, кыз шолоктоп ыйлап жиберди. Кыз күткөндөй эле, бул аял боорукер экен. Кыздын айткандарына ишенди. Жол жакты карап:

– Артыңдан эч ким издеген жокпу?-деди.

– Издеп жатышат окшойт. Бир топ эркектер жогору кетишкен. Мен караңгы жерлер менен качып келдим. Сарайда жашындым.

– Кайсы айылдан дедиң?

– Кызыл-Жардан, тиги тоо тараптан.

– Кимдер алып качканын билбедиңби? Балдарды да тааныбайсыңбы? Кантип ала качышты?-деп, кыздын жанына келип, шолоктоп жаткан earlier неменин жүзүн сүртүп, ордунан тургузуп, үй тарабына жетеледи.

– Эч кимисин тааныбайм. Аябай бай адамдар окшойт. Мени бир үйгө камап салышты. Күйөө болчу

неме менин атамдай киши окшойт. Алар мени алдап алып келишти. Мен шаарга окууга кетип жаткамын. Жаңы эле аттестат алгамын-деп, дагы деле ыйын токтотпой жатты кыз.

– Баланын атын билдиңби жок дегенде?-деп койду аял, кызды үйүнө киргизип жатып.

– Жок, атын сураган деле жокмун. Чоң-чоң аялдар мени аябай кыйнашты. Олтурасың-дешип.

– Бай немелер дедиңби?

– Ошондой окшойт, үйлөрү чоң, бийик экен.

– Тиги башкарманын уулу эмес бекен?-деди, аял бир нерсе эсине түшө калгандай.

– Ошондой болушу да мүмкүн. Атам бир жолу башкарманын баласына кудалап жатабыз деген болчу. Ошолор болсо керек да. Кайра-кайра аялдар "мунун баарын атаң билет, атаң өзү табыштады..."дешип эле, мени уруп-согуп атышты.

– Алда байкуш кыз аа, эми сен алардын торуна түшкөн турбайсыңбы. Эмне атаң булардын ким экенин билбейби?

– Билбейм.

– Атаң да чоң болуп иштейби?

– Жок, мындай эле иште..

– Бая күнү ушул жердеги аялдар кеп кылып жатышат эле "башкарманын кем акыл баласы дагы катын алат экен"дешип.

– Кем акыл?

– Эми ошентип коюшат, чоң окууда окуган. Бирок, атасынын байлыгына көпкөн неме да. Апасы кандай неме экен?

– Жакшы деле көргөн жокмун. Бир семиз аял, улам кирип эле, аялдарды урушуп жатты го. Ошол аял болсо керек.

– Аябай семиз бекен, аппагынан келген гана.

– Ооба

– Аа, ошол, башкарманын баласына алып келишкен экен да. Бул айылда андай семиз аял жок. Анысы да күйөөсүнүн акчасына көпкөн неме. Сенин да убалыңдан

коркушпайт экен да булар. Ээ, бул акмактардын кылбаганы жок.

– Жаман адамдар экени көрүнүп турат.

– Сени алып келишкенден кийин, ата-энеңе чабарман жиберишсе керек.

– Билбейм… - кыз дагы деле ыйлап жатты.

– Канчага чыктың?

– Он жетиге эми толгомун.

– Ай, катыгүн ай. Сенин убалыңды ойлошпоптур да. Ал баласы мен билгенден үч катын кетирген. Арактты көп ичкен неме. Жашы деле бир топко барып калган.

– Ооба, мен деле байкадым. Чоң киши экен.

– Ырас качыптырсың кызым, эми артка кайтпа. Ата-энеңдин алдына барып, алтын төшөп койсо да, буларга келе көрбө. Алардын элге кылган жамандыгы толтура. Аларга эч кимдин алы жетпейт.

– Мага жардам бере аласызбы? Мен эми кантип үйүмө кете алам?-деп, кыз жалдырап жиберди.

– Сен азыр эч жакка кете албайсың. Үйдө олтур. Менин үйүмө алар келишпейт , мендейди тоготуп деле коюшпайт. Сени бул жерде деп ойлошпойт дагы. Бүгүн үйдө олтурасың. Мен бир аздан кийин көчөгө чыгып, ошол тарапка басып көрөйүнчү. Сени сыртыңдан бекитип кетемин.-деп, аял чечкиндүү сүйлөп, кыздын чачы-башын сылап койду. Аялдын колу кызга ушунчалык жагымдуу, жумшак сезилди. Кыз ошого эркеп кеттиби, же ушундай жакшы адамга кез болгонуна жетине албадыбы, эми мындан аркы күнү эмне болооруна башы маң боло, тизесин кучактап, олтуруп калды.

– Эми эмне болот эже? Алар атамды кыйнашат да эми ээ?- деген кыз, аялды жалдырай карады.

– Эми аны мен кайдан билейин. Адегенде сени издешет. Сени ала качып жатышса, анан жоготуп жиберишсе, тескерисинче атаң милицияга кайрылышы керек. "Кызымды таап бергиле" деп, керек болсо сотко кайрылса да жарашат. Бирок, атаң бул ишти билген болсо, сени ошол жанкечти немелерге ыраа көрүп жатса, анда билбейм… -деп, аял, кызды ордунан тургузду да:

– Көп ыйлай бербе. Эми болор иш болду. Мен сага жардам берем. Менин да кыздарым бар. Эки кызым бар, шаарда турушат. Күйөөгө тийишкен. “Жалгыз жашабай, шаарга эле кел”-дешет. Мен кантип ушул короону таштап кетейин. “Үңкүр да болсо, өз үйүм” деген кеп да. Анын үстүнө отуз эки жыл бир өмүр сүргөн жолдошум ушул жерге коюлган да. Аны кантип таштайын. “Менин бараар жерим да ошол тарап, койгула, мени бир орундан жылдырбагыла. Мени кудай албайт. Андан көрө таптакыр унутуп калбай, ара-чолодо келип-кетип турсаңар болду”-дейм аларга. Күйөө балдарым жакшы немелер. Айткандай эле тез-тез келип турушат. Тапкандарын беришет. Мага алардан жардам деле кереги жок. Жалгыз башыма эмне, бир кап ун алсам, бир жылга деле жетет. Пенсиям бар. Дегеле кетким келбейт.-деп койду. Өз ою менен алектенип жаткан кыз, анын айткандарына назар деле салбады. Муну байкаган аял:

– Кел, кызым. Бети -башыңды жууп ал. Анан мен чай кайнатам. Экөөбүз олтуруп, чай ичебиз. Анан мен айыл аралап, тигилер тарапка басып келейинчи, эмне сөз болуп жатты экен? Азыр алар жанталашып, тыбырчылап жатышат да. Менимче айылдагы ар бир үйгө кирип чыгышат го... - деп, кызга мээримдүү карады. Жупуну гана жашаган бул аял кызга периштедей эле көрүндү. Үнү жагымдуу. Колдору да аябай эле жумшак. Бир алдын бул аялды Аскардын апасына да окшотуруп алды. Ал дагы ушундай мээримдүү зайып эмеспи. Эми гана демин басып бараткан кыз, ордунан туруп, бою башын оңдоп кирди. Анан жуунуп алууга суу издеди.

– Сыртка чыга көрбө, бирөө жарым көрүп калбасын. Азыр мен суу алып келемин-деп, аял элпек кыймылы менен сыртка чыкты да, заматта темир чөгүн менен чылапчынын көтөрүп кирди.

– Кел, келе гой, кызым, жуунуп ал-деп, кыздын алдына койду. Бышып турган алчадай мөлтүрөгөн, карагат көз, апакай кызды аяп турду аял. Оор улутунуп алды да:

– Кантип ушулардын козуно түшүп калдың экен аа? Тоо башындагы айылдан болсоң, сени кайдан көрүп калышкан ?-деп, дагы суроо узатты.

– Билбейм... -деп койду кыз, бетин суу менен чайып жатып.

– Буларда адамды аео деген болбойт да. Мурдагы алган аялдарын уруп атып кетирген дешет. Аларга адам чыдабайт да. Короосунда кармаган малайлары да бар дешет. Мен го алардын босогосун деле аттап көргөн эмесмин. Мендейлерди алар жанына деле жолотушпайт да. Жакшылык-жамандыкта өздөрүнүн айланасындагылар менен гана катташат. Алардын тааныш тамырлары жалаң чоңдор. Райондон, тиги борбор жактан келишет дешет.-деп, аял кызды алаксытуунун далаласын жасап жатты. Ыйлай берип көзү шишиген, бети-башы чаң болгон кыз, жуунгандан кийин татынакай болуп чыга келди.

– Сулуу экенсиң кызым. Апаң дагы сулуу болсо керек?-деп койду.

– Апам жаш кезинде аябай сулуу болгон экен. Азыр андай эмес.

– Эми карыган сайын көздүн , беттин нуру кетет. Бырыш басат. Ии, баса, кызым, сен алардан кантип качып чыктың? Алардын короосунан чычкан чыга албайт эле го?-деди, аял эртеден бери бушайман болуп жаткан суроосун берип.

– Семиз-семиз аялдар мени аябай кыйнашты. “Олтурасың, ыйлабагын, каякка барасың?”-дешип эле, нукушат, чымчылашат. Башыма улам жоолук салышат. Салган жоолуктарын салынбай койсом, колумдан катуу кармашып, кыйнап башыма салып коюшат. Бир чоң аял бар экен, ошонусу катуу урушту. Мен аны менен айтыша бердим, тилимди тартпай койдум. Анан ал бардык аялдарды ээрчитип, сыртка алып чыгып кетип, эркектерди киргизип коюшту. Арасында күйөө болчу киши да бар экен. Бардыгы чоң-чоң кишилер экен. Ар нерсени сүйлөп олтурушкан. Бардыгы мас окшойт. Анан бир убакта “жеңелер чакырып жатат силерди”-

деп, бирөө кирди эле, бардыгы сүрүлүп чыгып кетишти. Алар чыгары менен эшикти бекиттим да, тартылып турган көшөгөнү айрып, улаштырып жип кылып, терезесинен түшүп, качып кеттим. Дарбазасы ачык экен. Бардыгы ары-бери жүгүрүп эле жүрүшөт. Эч кимиси мени байкаган жок. Сыртка чыгып эле, жол менен жүгүрүп кете бердим. Бир топ баргандан кийин, караңгы жерлер менен качтым. Артымдан куугунчулар келе жатышкан экен, алардан жашынып калдым. Анан сиздин сарайыңызга кирип, ошол жерден таң аттырдым-деп, кыз кыска аралыкта башынан өткөргөн окуясын челип-чолуп айтып берди.

– Туура кылгансың кызым. Эгер сен качып чыкпаганда, билбейм, азыркыга чейин алар сени эмне кылышмак? Бактың бар экен. Эми алардын колуна түшө көрбө. Кор болосуң. Сени бешенеңден сылабайт эми колго түшсөң. Анын үстүнө көшөгөнү да айрып салыптырсың, жакшы болбойт-деп, дагы деле жүзүнөн коркунучтун илеби сезилип турган кызга кайрат айткан болду. Аял сыртка чыгып, чай, нанын көтөрө кирди да, дасторкон салды. Ысык чайдан чыныга куюп, кызга узатты. Табити эч нерсени тартпай, денесиндеги калтырак, коркунучтар дагы деле таркай элек кыз, чыныны колго алганы менен, аны эринине жакындата албай, кыйналып турду.

– Ич, иче гой, курсагың деле ачкандыр. Азыр сезбегениң менен, ашказаның кыйналып калат. Бир аз жылуулук барса, анан өзүңө келесиң. Иче гой-деп, кызга мээримдүү карады.

– Азыр ичем, ысык экен. Бир аз муздай түшсүнчүдеген болду кыз.

– Тескерисинче ысыгында ууртап алсаң, ашказанга жылуулук барат да.

– Макул, азыр- деп, чыныны оозуна жакындатты.. Бирок, дагы деле чайдан ууртай албады. Колдорунун калтыраганы басыла элек экен. Кармап турган чыныны түшүрүп ийүүдөн коркуп, акырын дасторкон четине койду.

– Ич, иче гой-дейт аял.

– Азыр эже... - Кызды дагы деле коркунуч каптап турган. Ал ушулардан кутулуп кетээрине эч бир ишене албай турду. “Балким бул аял, мени алдап, үйүнө олтургузуп коюп, анан аларды чакырып келээр?” деген ой пайда болду.

– Эже, сиз алар тарапка барбай эл койсоңуз не болот?

– Неге?

– Сизден шектенип калышсачы?

– Ой, мен алардын үйүнө кирбейм да. Сырттан эле байкап койбоймунбу?

– Сиз жокто мени таап алышсачы?

– Сыртыңдан бекитип кетем.

– Баары бир коркуп жатам. Кулпуңузду бузуп киришсечи?

– Алар сенин мында экениңди билишпейт да?

– Сиз айтпайсызбы?

– Ии, ботом, менден шектенип жатасыңбы?

– Билбейм...

– Кой, кызым, менден эч шек санаба. Мен эмне, ошондой жаман аял көрүнүп жатамбы?

– Билбейм... мен сизди өз энеме окшоштуруп, анан жардам сурап жатам да

– Түшүндүм... эч жакка барбай эле турайын. Баары бир сен бүгүн кетпейсиң. Алар бүгүн катуу издешет- деген аял, кыздын кабатырланып жатканын туура эле түшүндү. Өзү бир эки чыны чай уурттаган болду да, кызды да эми кыйнабай, дасторконун жыйнай баштады.

– Анда сага орун камдап берейин, бир аз уктап ал-деди.

– Уктагандан деле коркуп жатам, эже?

– Эмнеге?

– Баары бир алар таап алышат го?

– Табышпайт дейм, алар менин үйүмө келишпейт. Шектенип, бирөө жарым айтып койбосо эле . Азыр сени эч ким көргөн жок да. Ошондуктан, төркү үйгө жай салып берем, уктай бер. Мен сыртка чыгып, тиричилигимди кыла берейин. Айылдагылардан бирөө жарым

келип калса, алардан кыйытып сурайм да-деп, ичкерки бөлмөгө кирип кетти. Кыз бул аялга деле толук ишене алган жок. Аял ички бөлмөдөн тез эле чыкты да:

– Тиги бөлмөгө жай салып койдум, кирип уктай бер. Эч нерседен чоочуба. Мен кантип сага жамандык кылайын. Айттым го, менин да кыздарым бар. Сага жамандык кылган болсом, аларга залакасы тийбейби. Кир, кирип эс алып ал.-деди, ордунда былк этпей олтурган кызга карап. Эми гана эсине келгендей, кыз селт этип алды да, ордунан туруп, аял корсоткон тарапка жөнөдү. Ал бөлмөдө эки адам уктоочу диван бар экен. Орунду ошого даядаптыр. Кыз ага бой таштады да, тез эле уктап калганга аракет жасады. "Азыркылардын баары түшүм болсо экен. Уйкудан турсам эле, кадимкидей, мурдагыдай, өз үйүмдө жүрсөм гана. Окууга деле барбай, апамдын маңдайында жүрсом болду..." дейт ал кыялында. Анан үйүнөн чыккандан берки, апасынын абалы жана аны узатып жаткандагы учурлар, бейтааныш адамдар менен жолдо келе жаткандары, дарбазасы бийик үйгө келгендеги, жоон топ аялдардын курчоосунда калганы, алардын мамилеси, ызы-чуулар, чоң кишилердин кызды шакаба чеккен учурлары, анан караңгы көчө менен качып бараткань, сарай ичиндеги абалы... баары көз алдынан өтүп жатты. Аларды эстеген сайын денесин калтырак басып, жүрогү дүпүл согот. Көзүн жумса эле, артынан чыккан куугунчулар келип, аны чыңырткан боюнча алып кетчүүдөй туюлат. Антсе да, ушул аялга ишенгенсип баратты. Себеби, анын жүзүнөн жылуулукту, мээримдүүлүктү көрүп жатты. Ал эч кимге жамандык жасай тургандай эмес. Ушундай ойдун кучагында уйкуга кетти. Кыз катуу уктады.

Аял болсо ага берген убадасы менен эч жакка чыккан жок. Күнүмдүк тиричилигин жасап жатты. Сарай ичин тазалап, малдын кыгын иреттеп жыйды. Анан огородго чыгып, өз колу менен өстүрүп жаткан помидор, бадыраңдарына суу берип, тооктoруна жем чачты. Үй ичин да бир сыйра иретке келтирди. Эшик алдын шыпырып жатканда, башкаларга караганда тез-тез мында келип

турчу Арзыкан деген курбусу келе калды. Аны тамашалап "сагызган" деп атап коёт. Анткени, өтө тез сүйлөйт. Анан уккандарына дагы көптү кошуп, көбүртүп-жабыртып жиберчү жайы бар. Аялдын издегени жерден табылып, эми бул курбусунан баарын уга тургандыгына ишенип жатты. Бирок, сыр бербей, күндөгүсүндөй эле аны жылуу тосуп алды.

– Үйгө кир-деди.

– Тиги сөөрүгө эле олтуралычы. Кудайдын күнү бүгүн катуу ысыйт белем. Шашке болбой жатып, акактатып жатат го-деп, желпине кетти ал.

– Күндөгүдөй эле ысыйт да.-деп, койду аял.

– Ай, сен жаңылык уктуңбу?-деди, курбусу дароо эле.

– Кандай жаңылык?

– Тиги башкарманыны үйүндогүнүчү?

– Башкарманынбы? Эмне болуптур?-деп, койду аял эч нерседен кабары жоктой түр көрсөтүп.

– Түндө кыз качырып келген экен баласы. Анан аныcы отурбай, кыйла чыр салган дешет. Анан кызды кыйнап койгонбу, таң атпай доктурга алып кетишиптир дешет. Бир даары "кызды баласы сабап салыптыр" деп, жатышат.

– Ай, эмнеге урат. Биринчи күнү эле урат бекен?-деп, койду аял, дагы деле эч нерсе билбеген болуп.

– Билесиң да, чоң муштум неме чыдай албаса керек. Эрке бала билгенин жасаса керек да.

– Кызды кайдан алып келиптир?

– Тоо тараптан дешет го.

– Алып качып келиптирби, же сүйлөшүп элеби?

– Кудалап коюшкан экен мурдатан. Кыздын атасы да контурда иштейт имиш. Анан башкарма менен ич алды сүйлөшүп коюшса керек да. Кыз ага макул болбой жүргөн экен. Атасы өзү булардын колуна салып бериптир. Биздин колхоздун малы багылган тоодо бир айыл бар экен. Ал киши ошол жакта жашап, иштейт экен. Жаш кыз имиш. Быйыл эле мектепти бүттү дешеби?

– Ии, кокуй, анда кызга убал го. Баласы отуздан ашса керек эле.

– Эй, кайдагы отуз. Кыркка жетип калса керек. Качанкы неме. Андан кийинкилердин балдары мектепте окуп жатат го.

– Анан башкарманын үйүндө тынччылык элеби, дүрбөп жатышкандыр?

– Билбейм, түндө ошол жерде болгон келиндер айтышыптыр. Азыр баары кыздын артынан жүгүрүп, больница тарапта жүрүшөт имиш.

– Эгер чындап уруп салса, анда иш чатагына айланат го дейм.

– Ээ, аларга кимдин алы жетет дейсиң... оо,кокуй мен сага чара сурап келбедим беле. Чоң чараңды бере турчу. Эртең балдарым шаардан келишет экен. Көбүрөөк эле нан жаап коёюн-деген, курбусу, ордунан тура, ушуларды айтты.

– Кир үйгө, чай ич. Жаңы эле чай ичип, анан сыртка чыктым эле-деди аял.

– Ичпей жүргөн чай беле... ушул жерден эле кетейин. Чараңды бере сал-деди, шашыла. Аял курбусу сураган чоң ак чарасын алып чыгып берди.

– Келинин алып келсе, көргөнү баралыбы?-деди курбусу узап баратып.

– Көрөбүз да-деп, койду аял. Анан ичкери кирип, алгачкы уккан ушакты кызга айтайын деди. Бирок, кыз таттуу уйкуда жатыптыр, аны ойготуудан айбыкты. "Уктап алсын, кыйналып калыптыр бечара кыз"-деп, кыздын үстүндөгү жука шейшепти кымтылаган болду да, сыртка чыкты. Аялдын азыр анча деле жасай турган жумуштары жок. Бирин-экин кармаган малын жайлоого берип жиберген. Короосу деле чакан. Ага өзүнө жетээр кылып, жашылчаларды эгип алган. Жупуну жашаганы менен аялдын үй күтүүсү, жасаган тамагы, кышка камдаган азыктары башкалардан айырмаланып турат. Ага суктангандар көп. Айылдан ага жуучу келе берет. Аялы өтүп кеткен чоң кишилер жуучу жиберишип, "жалгыз жашагандан көрө, эрмектешели"

дегендер бар. Алардын бирине да макулдук бербейт. Жолдошу да момун жан эле. Колхоздун тракторун айдоочу. Ак пейил, боорукер адам болчу. Экөө жакшы жашашты. Эки момун урушканды деле билишкен жок. Үч кыздуу болушту. "Уулум жок" деп, аялын күнөөлөгөн жок. Кыздарын эркектен да артык көрүп, чоңойтту. Анан күтүүсүздөн эле кырсыктап, ошонун арты менен келбес жакка кете берди. Убакыт өтө берет экен. Билинбей жылдар агылып жатат. Аял жалгыздыкка көнүп калды. Кыздары жогорку билим алышып, жакшы кызматтарда иштешкени менен өз тиричиликтеринен аша алышпайт. Апаларын шаарга алып кетебиз деген аракеттери ишке ашпай келет. Ушул тырнактай татынакай кызды өз кыздарындай кабыл алып, ага жан оту менен жардам бергиси келип турду. Бирок, кантип? Кызды кайда алып барат? Кыздарына жиберсеби? Кантип? Бул жактан кеткен машиналардын бардыгын азыр тосуп жатышса керек. Шаарга бара турган машиналар да бул жерден кетпейт. Райборборго барыш керек. Кызды үйүндө да көпкө кармай албайт. Билинип калуусу мүмкүн. Кыздын атасы деле тим туруп албаса керек? Ошондуктан бир амалын кылып, кызды бул жерден алыстатуу керек. Аны башка жакка качырыштын амалын ойлоп жатты. Жанагы курбусу айткан сыяктуу ар түрдүү ушактар чыгат. Дегинкиси башкарманын үй-бүлөсү бул окуяны туура айтпай, ар кандай амал ойлонуп жатышканы, эл арасына ар башка сөз таркатып жатышканы байкалат. "Кызды качырып жиберишиптир" дегенден көрө, "ооруканага алып кетиптир" деген ойдо турат да. Анан кыз тууралу ар түрдүү ушак-айыңдарды чыгарышып, "кыз таза чыкпай калды эле, атасыныкына жеткирип салышыптыр..." деген сыяктуу кепти да таркатуудан тартынышпайт. Эгер андай сөз айыл араласа, анда алардын аброю артуусу турган иш. Себеби, мындай нерсеге бул жакта өтө аяр мамиле жасалат, салт да катуу.

Кыз бешим ченге барып ойгонду. Көзүн ачса, бөтөн үй. Жана уктаар алдында бир сыйра көз жүгүртүп чык-

кан болмодо эле жатат. Демек, түшү эмес экен. Мунун баары чындык. Ордунда ойгоо кыйлага жатты. Сыртка кулак түрдү. Сырт жак тыптынч. “Эже кайда кетти экен? Тигилерди баштап келбес бекен? Эгер аларга барып, мени салып берсе, анда мен бул аялдын бетине түкүрөм”-деди, ички туюму. Ушул ой келгенде, кыз кайрадан корко баштады. Жүрөгү дүпүлдөп, тез-тез сого баштады. Таанибаган аялдын ошентиши да ыктымал. Башкармага жакшы көрүнүш үчүн жасап коюшу мүмкүн да. Анын үстүнө бир айылда турушса, таптакыр таанибаган, тоодон келген секелек кызга караганда, таанып-билген адамга жакшылык кылган жакшы эмеспи. Ордунан лып турган кыздын көкүрөгүн ушул ойлор каптап, сыртка атып чыккысы келди. Ал жаткан бөлмөнүн терезеси бак жакты карайт экен. Ал жол тарапты көргүсү келди да, сырт тарапты тыңшап туруп калды. Чымындын учканы угулуп жатат. Акырын туруп, каалганы ачып, кийинки бөлмөгө чыкты. Аял жок ал жерде. Ушул бөлмодон көчө тарапты көрсө болот экен. Терезе тоскучту акырын жылдыра ачып, сырт тарапка көз жүгүрттү. Көчөдө эч ким жок. Күндүн ысыгынан эч ким сыртта жүрбөсө керек. Бирок, күндүн табы эми кайта баштагандай. Бир кезде, сырт жактан добуш угула баштады. Буттун кадамы го. Тыңшап калды. Сыягы аял келе жатат. Эркектин басканына окшобойт. Сырткы каалга ачылып, бирөө кирди. Болду болбоду, үй ээси эле. Башка бирөөлөр кирсе, үн салат болчу. Кыз ойлогондой эле аял кирди да, кызды көрүп:

– Турдуңбу? Жакшы уктадыңбы?-деди.

– Жакшы уктаптырмын го.

– Тиги тарапта сөз башка экен. Сени больницага алып кетти-деген сөз тараптыр.

– Эмнеге?

– Эми качырып жибердик дегенден коро, ошентип элди алаксытып турушканы да.

– Анда мени издешкен жок да ээ?-кыз сүйүнүп кетти.

– Кантип издебейт. Ал элди алаксытуу эле. Өздөрү катуу издеп жатышат да. Айылды тытып жатышса керек.

– Бул жакка келишпедиби?

– Көчөдөн машиналар ары-бери тынбай эле өтүп жатты го. Адамдар деле. Эми менден шектенишпейт да. Анын үстүнө сен ылдыйга качпай, жогору качканың кызык болуп жатат. Бул көчө айылдын башына барып түгөнөт. Андан ары жол жок, машина да жүрбөйт. Ылдый качсаң, машиналар көп өтүп, бири болбосо, бири алып кетет да. Алар ошентип ойлошуп, сени ылдый тараптан издеп, ар өткөн машиналарды аңтарып жатышса керек.

– Мен жолду билбейм да?-деди кыз, аянычтуу үн менен.

– Ошо билбегениң жакшы болду. Бул жактан издешпейт деле. Анткен менен чоочун машиналар көп жүрөт. Атаң балким милицияга берип салгандыр?

– Менимче атам буларды милицияга бербейт. Жанагинтип элди алдашып, анан "жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын" дешип, мени тымызын издеп жатышкандыр анда.

– Ошентип жатышса керек. Мен ойлондум. Сен менин кыздарыма барсаң кантет?

– Алар шаарда турушат да?

– Ооба.

– Аларга кантип жетем?

– Ошо жагы кыйын болуп жатат... эч акылым жетпей жатат. Кантип сени машинага салам? Азыр алар ар бир машинаны аңтарып карап жатышса керек.

– Тоо аралап жолго чыкса болобу?

– Көчөнүн башы бүтөт. Анан тоолор башталат. Кыйла басыш керек. Азыр ал тарапта чөп чабык жүрүп жатат. Эл көп. Бири болбосо, бири көрөт.

– Чөпчүлөргө машина барбайбы?

– Бул жактан барбайт, тоонун наркы бетинде жол бар, ошол тарап менен жүрөт. Ал жолго жетиш кыйын.

– Эже, бир айласын кылалы. Мен кетпесем болбойт. Алар баары бир кармап алышат?-деп, кыз жалдырап жиберди.

– Мен да ошону ойлоп жатам. Кеч кирсин бир айласын кылабыз. Ылдыйкы айылда бир тууганым жашайт. Ошого жетип алсаң, андан ары жардам берет эле?-деди, аял . Анан оюна бир жакшы нерсе кылт эте түштү белем, шашыла:

– Ии, баса, мындай кылсак кантет. Мен азыр тез арада үкөмдүкүнө барып келе калайын. Ошого айтайын. Анын тоого баруучу машинасы бар. Ошо менен эптеп тиги тоодон ашырып жиберсе болот. Чөпчүлөргө бараткан болот да. Сен коркпой олтуруп тур. Эгер жолум болуп калса, тез эле келебиз. Ал дагы мендей боорукер, жок дебейт-деп, ишеничтүү сүйлөдү да, ичкери кирип кетти. Анан заматта башка көйнок кийип, чыга келди.

– Сен коркпой олтуруп тур. Караңгы киргенче эле келип калабыз. Жолум болуп, үйүндө эле болсо, сөзсүз келет. Ал да үйүндө турбаган неме да. Кудай жолубузду ачсын.- деп, колуна чакан баштыкты алып, чыгып кетти.

– Каалганы сыртыңдан бекитип коём. Коркпой олтура бер. Корксоң да айла жок кызым, чыдап кой... үйдүн сырткы эшигине чоң кулпу салып жатып ал ушуларды айтты. Анан шыбыш билгизбей гана, көчө тарапка басты. Мындайда кыз эч нерседен корккон деле жок. Корккону эле аны алып качып келген немелер таап албаса болду. Башка эч нерседен коркпойт. Тоонун кызы эмеспи, коркуу сезими анда жок. Караңгыда деле жүрө берчү адаты бар болчу.Ушундай азаптан тез эле кутулса, кыска аралыкта башынан өткөргөн окуяларды апасына айтып берсе, апасы кубанат беле, же кызды урушат беле? Апасы сөзсүз кыздын барганына кубанат. Анткени, эне да. Кызын кантип эле мындай адамдардын колуна салып берсин? Кыз кайрадан ойго чөмүлүп, апасы аны узатып жаткан ирмем көз алдына тартылды. Ошол учурда апасынын кабагы салыңкы болчу. Бирдемеден кабатырланып турган. Кызына эзилип деле сүйлөй ал-

ган эмес. Бир нерседен кыжаалат эле. Балким баарын билген. Билип туруп кызына айтпаган. "Эгер апам да баарын билген болсо, анда аны да эч качан кечирбейм. Эгер аялдардын айткандары чын болсо, анда атамдын жүзүн карабайм, аны кечире да албайм. Экинчи аны ата дебейм..." деген кыз, муштумун түйө, азыр маңдайында кимдир-бирөө болсо, аны чаап жиберчүүдөй, ызырына баштады. Ушундай абалда кыйлага чейин турду да, анан акырын ордунан туруп, терезе тарапка келди. Анын кыялында сыртта баары аңдып тургандай туюлуп кетти да, парданын четин акырын гана ачып, сыртка көз жүгүрттү. Айлана тыптынч. Жай саратаны бул айылда күчтүү белем, айлана үп тартып, көчөдө кыбыр экен жан жок. Бул тапта күн табынан кайтып, кеч күүгүм кирип келе жатса да, көчөдө ары-бери өткөндөр корүнбөйт. Кыштак чоң окшойт. Терезеден алыс жакка да көз жүгүрттү. Көккө карай бой керген теректер, калың бак менен курчалган үйлөр.

– Тигилердин үйү кай тарапта болду экен?-деп койду. Анан аларды эстегенде денесине кумурска жүгүрүп, ичиркенип алды. Ага күйөө болуучу жигитти көз алдына келтирди.

– Уяты жок неме экен. Кызы менен тең немени аял кылам деп. Мындай кишилердин балдары мени менен тең болсо керек. Уяты жок, акмак десе. Эптеп булардан кутулуп кетсем, сөзсүз милицияга беремин. Мени кыйнашкан аялдарды соттотом, шашпасын, - деп койду, муштумун түйө. "Көчө тараптан кимдир бирөө көрүп калбасын, же аңдыгандар болсо, билип калышпасын"-деген ой кыялына келе калды эле, терезе парданы жаба салып, эртең менен уктаган бөлмөгө кирди.

Керебетке бой таштап, эми эч нерсени ойлобой, кайрадан уктап калууну самады. Ушул жолу катуу уктаса, буга чейинкилердин бардыгы түшү болуп, анан ойгонсо эле, үйүндө, апасынын жанында жүргөн болсо, кандай керемет болоор эле. Кыз ушуларды ойлоп, дагы деле түшүм деп эсептеди. Көзүн бекем жумуп, анан уктап калууга аракет жасады. Эч нерсени ойлонбой, баарын

– Мына мен даяр эже, камдана турган деле эч нерсем жок да-деди, кубанган кыз, аялды кучактап, эки бетинен өөп жатып.

– Башкарманын үйү тополоң. Эл коп. Кыздын ата-энеси да келиптир –деп жатышат.

– Атам келиптирби?

– Билбейм… ата-энеси дешти го. Мен жолго чыксам эле, кудай жалгап, бир машина келип калбадыбы. Ошого түшсөм, ичинде эки аял, бир эркек бар экен. Ошолор кеп кылып калышты. Башкармага тууган болуп кетишет да. "Түнү менен ошонун үйүндө болдук. Кызды ооруканага алып кетишкен эле. Анан эмне болуп кетти деп, кыздын ата-энеси келишиптир. Алар менен башкарма кайра ооруканага кетиптир"-дешти.

– Кызык, чоңдор да калп айтышабы? "Качырып жибердик" дешсе эмне болот? Эгер атамдар келишсе, алар мени ооруканадан издешеби?

– Ким билсин…башкарма бир амалын жасап жатат да. Сени баары бир табылат-деп жатышат да.

– Бизди жолдон кармап алышса эмне болот?

– Кармай албай турган кылабыз. Үкөмө баарын айттым. Ал дагы башкарманын баласын жек көрот. Анын алган экинчи аялы, үкөмдүн досунун карындашы болгон экен. Аны да он сегизге толтурбай эле, ала качып алышып, бечараны эки жылга жеткирбей, арбагын чыгарып, кордоп жиберишиптир да. Башкарма болсо бийлигине салып, тиги келиндин туугандарына да жакшылык көрсөтпөй келет экен. Келин оорукчан болуп калыптыр. Бир жылда бир жолу жанагы психбольницага да жатып чыгат имиш. Бир жакшына кызды ошентип оорукчан кылып койгон немелердин атын укканда эле, так секирип кетти үкөм. "Аны сөзсүз куткаруу керек"деп, бараткан ишин да таштап келди. Ал сени өйдөкү жол менен алып барып, тиги ашуудан өткөрүп, анан айылыңа бара турган машинага салып коёт-деди, кызга аялуу карап.

– Жардамыңызга ырахмат эже. Бул жакшылыгыңызды эч качан унутпаймын. Ушул балээден кутулуп,

үйүмө жетип алсам, буларды милицияга беремин. Башкарма эмес, Кудаярхан болуп кетсин. Акыры чындык чыгат да-деп, кыз чечкиндүү сүйлөп, аялдын бетинен өптү.

– Ылайым жолуң ачылсын кызым, ушулардан кутулуп, бактылуу бол, максатыңа жет-деген аял, көзү жашылдана, кыздын жүзүнөн сүйдү. Алар кыйлага чейин коштошо албай жатышты. Машинада олтурган киши, башын кабинадан чыгарып:

– Ой, болгула, эрте жарыкта ашуудан өтүп кетелидеди.

– Мына азыр-деген аял, эми гана эсине келгендей, кызды кучагынан чыгарып, машина тарапка басты. Анын артынан ээрчиген кыз, башын жерге сала үн катты:

– Эже, менин бул жерде болгонумду эч ким билбесин ээ? Башкарма билип калып, сизге зыян кылып жүрбөсүн-деди.

– Ээ, билсе билет да... эми алардан коркуп, корунуп жашашым керекпи? Менин андан корко турган эч нерсем жок. Мага алар эч нерсе да кыла алышпайт. Сенин бул жерде болгонуңду эч ким деле көргөн, билген жок. Эч кабатыр алба, кызым. Бар, бара гой-деген аял, кыздын колунан жетелеп, машинага отургузду. Алаканын жайып, батасын берди да,"ушу тырнактай кызда не жазык... жолун ача көр, жараткан..." деп, дагы бирдемелерди божурап, үйүнө кирип кетти.

* * *

Бул кезде башкарманын үйүндө чаң-будуң. Кызга күйөө болуучу жигит жинденгенин токтотподу. Күчөгөндөн-күчөп, улам жер тепкилеп, муштуму менен дубалдарды ургулап алат.

– Силердин бардыгыңарды чекеден атыш керек. Кымындай немени кармап тура албай, качырасыңар. Силердин бардыгыңардын оюңар жаман бизге. Көрө ал-

байсыңар. Жугундуга тоюп алып, эми бизге жамандык жасап жатасыңар-деп, короодо жүргөндөрдүн бардыгын туш-тушка кубалай баштады.

– Жоголгула, жогогула баарыңар. Көзүмө көрүнбөгүлө. Тез арада чыгып кеткиле-дейт аларга. Байкуштар эмне кылаар айлаларын таппай, алар деле алдастап жатышат. Жигиттин айтуусу менен чыгып кетишсе, кайра артынан чакыртып алаары бышык. Бул үйгө таптакыр байланып, андан алыс кете албагандар толтура. Жигит айткандай, башкарманын короосун шыпырып, үйүн жыйнап, тамагын жасап, кирин жууп тиричилик өткөрүп, бала-чакасын багып жүргөндөр да. Эми жинденген неменин сөзү менен кетип калышса, кайда барышат? "Баарына чыдаш керек" дешип, баштарын шылкыйткан бойдон тура беришти. Айрымдарын ургулап да жатты жигит. Анысына да чыдашты. Бир кезде башкарманын аялы, мурдагы калыбынан жазбай, кериле басып, баласынын жанына келди да:

– Уулум, анчалык ачуулана бербечи? Табылат кыз, кайда качмак эле? Кете албайт эч жакка. Ушул эле жерде жүрөт да, балким бизди карап, шылдыңдап тургандыр. Келет, балам-деп, көзү чанагынан чыгып кетчүүдөй болуп, апасын тиктеп турган уулунун желкесинен таптаган болду. Анысы жигитке жакпады көрүнөт, боюн бир силкип алды да:

– Кана келсе, канаке? Эмне жердин түбүнө кирип кеттиби, таба албай жатышат го?-деди.

– Тигилериң издей турган жерди издебей, ары жүгүрүп, бери жүгүрүп келишти да. Балким ушу короодо эле олтурат. Бир жерге жашынып алгандыр. Эч кайда кача албайт-деп, ишеничтүү сүйлөдү.

– Жок, ал качып кетти. Тың кыз көрүнөт. Ал эч нерседен коркпогон кыз экен. Жаш дейсиңер, жаш болгону менен баарыбызды "сууга алып барып, сугарбай келе турган" неме экен. Азыр качып барып, милицияга берсе, эмне кылабыз?-деди, апасына суроолу тиктеп.

– Барса, бара берсин, ага эч ким эч нерсе кылган жок. Анын мышыгын "пыш" деген эч ким жок. Эмне деп барат? Милиция эле бир салпаяк барса, уга бермек беле?

– Салпаяк эме-ес, ал бардыгыбызды ойното турган неме экен. Көрөсүз, ал ушуну менен тим туруп калбаса керек.

– Кой, балам ар нерсени ойлоп, башыңды оорута бербечи. Анын колунан эч нерсе келбейт. Эң башкысы атасы биздин колдо. Эгер кызы ага каршы иштесе, анда атасына күн жок. Билесиңби, атасы канча акча карыз бизге?

– Билбейм, билгим да келбейт. Ал өз ишиңер. Силер мага "жакшы кыз экен, акылдуу кыз экен"-деп, мактай берип, анан ушу чычкандай немени таңуулаганыңарды гана билемин. Эми бирдеме болсо, өзүңөр жооп бересиңер. Мен эч кимге, эч качан жооп берип, алдында шүмүрөйгүм келбейт, уктуңузбу-деп, апасына тике карады.

– Кой балам, эми кичине демиңди бас. Атаң келип калса да эмне дейт, андан көрө элдин баарын ызылдата бербей, үйүнө кетчүүлөргө уруксат берели. Таң атсын, табылат. Тиги жеңелерин эч жакка чыгарбай, камап койдук. Качан кызды таап, колубузга салып беришет, анан аларды чыгарабыз. Ага чейин камалып олтура беришет. Акыры булардын да эри бар немелер болсо керек, жок дегенде ушулардын күйөөлөрү бир аракетин кылып, тигини таап беришээр-деп, бир чоң эрдик жасагандай, мактанычтуу сүйлөп жатты апасы.

– Ии, ооба, аябай жакшы иш жасапсыңар? Аларыңызды өмүр бою камап койсоңуз да, олтура беришет. Аларга эмне, курсактары тойгон жердин кулу да-деп, жигит жийиркеничтүү түрдө үй тарапка карап койду.

– Койчу, алардын да бала-чакасы бар . Күйөөлөрү да мында калтырып коймок беле? Кудалар да бир айласын кылышат. Эгер кызды алып келип беришпесе, буларды биз да чыгарбайбыз-деп, тапкан мындай акылына кубангандай сүйлөдү.

– Ээ, коюңузчу, апа. Болбогон нерсени айтасыз. Элге уят болобуз. Биздин ушул жорук элге билинсе барбы, шерменде эле болобуз.

– Эч кандай шерменде болбойбуз, баары жакшы болот. Көрө албагандар ушак чыгара беришсин. Баары жакшы болот- деген, аял баласынын бул сөзүнө териге түштү. Ушул тапта сырт жактан машинанын жарыгы көрүнүп, ал улам жакындай берди. Болду болбоду, бул башкарма болуусу ыктымал. Ага кабар жеткен көрүнөт, же өзү эле келе жаткандыр. Айткандай эле, ээрчише эки машина ачык турган дарбазанын алдына токтоду. Бири башкарманыкы экен. Сыягы алар бул жактагы окуяны угушкан белем, башкарма тездик менен машинадан түштү да, бери карай басты.

– Эмне болду? Дагы эмне кылып жибердиңер?-деп, тургандарга жалпы карады. Эч кимиси үн катпады. Баласынан кандай коркушса, башкармадан андан ашып коркушат. Башкарма өтө сүрдүү адам. Ал оңойлук менен кабагын ачпайт. Күлгөнүн да мындагылар көрүшкөн эмес. "Эми эмне болуп кетээр экен?" деп, кооптонуп турушту баарысы. Башкарма эч кимден жооп уга албаган соң, аялына кайрылды:

– Кана, эмне болуп жатат бул жерде, тойдун шаңы жок го?-деди.

– Эми ушундай болуп кетти, биз да түшүнбөй турабыз-деп, аялы бир аз басыңкы үн менен сүйлөдү.

– Эмнеге ушундай болуп кетти?

– Билбей калдык?

– Эмнеге?- деп, башкарма аялына ачуулу тиктеди.

– Көз ачып жумганча эле жок. Баары өз жайында эле болуп жаткан.

– Ал эмне кайып болуп кеттиби? Жерге кирип кеттиби? Эмнеге аны таппай жатасыңар? Кайда кетти?

– Издеп жатышат. Балдар жүрүшөт артынан.

– Түшүнгөн жокмун. Кайда кеткенин билбей туруп, анан артынан кетти дегениңер кандай?

– Беш алты топ издештирип жатат да. Туш тарапка кетишкен.

– Кызды карабай эмне кылып жаттыңар?

– Күйөө балдарды киргиздик эле. Анан аларды тиги кыздын жеңелери көрөлү дешкенинен, алардын үстүнө киришкен. Бир заматта эле качып кетиптир.

– Эмне, анын жанына эч ким калган эмеспи?

– Күйөө балдар жеңелерине ишенишиптир, келиндер болсо күйөө балдар бар деп, сыртта жүрө беришиптир.

– Үйдүн ээси катары, ушу кезде эмне жумуш жасап жаттыңар,силер?

– Мен эми баарына баш көз болуп жаттым да.

– Анда келин тарапты деле карап коюш керек болчу.

– Караштырып эле жатканбыз, билбейм, кандайча болуп кетти?- аял, күйөөсүнүн жүзүнө карай албай, алдастай сүйлөдү.

– Болуптур, болор иш болуптур, артынан кеткендер таап келишсе жакшы. Эгер таба албай турган болсо, башка амалын ойлонуштурушубуз керек. Кыздын жеңелери кайда, алар келишкен беле?

– Келишишкен. Тиги үйдө олтурушат.

– Аларды караган бирөө жарым барбы?

– Караштырып жатабыз.

– Сый көрсөтүп жатасыңарбы?

– Ооба-деген болду аял. Бирок, аларды бир бөлмөгө камап койгонун айтпады.

– Кызы качып кетти деп эле, аларга көңүл бурбай койбой, жакшылап сыйлагыла. Кыз табылат, кайда кетмек эле-деп, койду да, башкарма ичкери тарапка басты. Артынан түшкөн аялы, нымтырай жанына келди да:

– Эгер табылбай кетсе, эмне болот?-деп, акырын сурады.

– Табылбай калуусу мүмкүн эмес. Жер үстүндө тирүү болсо табылат. А бирок, анын качып кеткенин эл билбеш керек. Башка бир амалын табалы.-деп, аялына суроолу карады. Мунусу “сен кандай акыл кошосуң, мындайда кыйла амалдуу элең го” деген белгиси эле.

– Билбей калдым. Менимче элге деле кеп кетти болуш керек. Ушунчанын бирөө жарымы айпай койбойт.

– Ээ, коюңузчу, апа. Болбогон нерсени айтасыз. Элге уят болобуз. Биздин ушул жорук элге билинсе барбы, шерменде эле болобуз.

– Эч кандай шерменде болбойбуз, баары жакшы болот. Көрө албагандар ушак чыгара беришсин. Баары жакшы болот- деген, аял баласынын бул сөзүнө териге түштү. Ушул тапта сырт жактан машинанын жарыгы көрүнүп, ал улам жакындай берди. Болду болбоду, бул башкарма болуусу ыктымал. Ага кабар жеткен көрүнөт, же өзү эле келе жаткандыр. Айткандай эле, ээрчише эки машина ачык турган дарбазанын алдына токтоду. Бири башкарманыкы экен. Сыягы алар бул жактагы окуяны угушкан белем, башкарма тездик менен машинадан түштү да, бери карай басты.

– Эмне болду? Дагы эмне кылып жибердиңер?-деп, тургандарга жалпы карады. Эч кимиси үн катпады. Баласынан кандай коркушса, башкармадан андан ашып коркушат. Башкарма өтө сүрдүү адам. Ал оңойлук менен кабагын ачпайт. Күлгөнүн да мындагылар көрүшкөн эмес. “Эми эмне болуп кетээр экен?” деп, кооптонуп турушту баарысы. Башкарма эч кимден жооп уга албаган соң, аялына кайрылды:

– Кана, эмне болуп жатат бул жерде, тойдун шаңы жок го?-деди.

– Эми ушундай болуп кетти, биз да түшүнбөй турабыз-деп, аялы бир аз басыңкы үн менен сүйлөдү.

– Эмнеге ушундай болуп кетти?

– Билбей калдык?

– Эмнеге?- деп, башкарма аялына ачуулу тиктеди.

– Көз ачып жумганча эле жок. Баары өз жайында эле болуп жаткан.

– Ал эмне кайып болуп кеттиби? Жерге кирип кеттиби? Эмнеге аны таппай жатасыңар? Кайда кетти?

– Издеп жатышат. Балдар жүрүшөт артынан.

– Түшүнгөн жокмун. Кайда кеткенин билбей туруп, анан артынан кетти дегениңер кандай?

– Беш алты топ издештирип жатат да. Туш тарапка кетишкен.

– Кызды карабай эмне кылып жаттыңар?

– Күйөө балдарды киргиздик эле. Анан аларды тиги кыздын жеңелери көрөлү дешкенинен, алардын үстүнө киришкен. Бир заматта эле качып кетиптир.

– Эмне, анын жанына эч ким калган эмеспи?

– Күйөө балдар жеңелерине ишенишиптир, келиндер болсо күйөө балдар бар деп, сыртта жүрө беришиптир.

– Үйдүн ээси катары, ушу кезде эмне жумуш жасап жаттыңар,силер?

– Мен эми баарына баш көз болуп жаттым да.

– Анда келин тарапты деле карап коюш керек болчу.

– Караштырып эле жатканбыз, билбейм, кандайча болуп кетти?- аял, күйөөсүнүн жүзүнө карай албай, алдастай сүйлөдү.

– Болуптур, болор иш болуптур, артынан кеткендер таап келишсе жакшы. Эгер таба албай турган болсо, башка амалын ойлонуштурушубуз керек. Кыздын жеңелери кайда, алар келишкен беле?

– Келишишкен. Тиги үйдө олтурушат.

– Аларды караган бирөө жарым барбы?

– Караштырып жатабыз.

– Сый көрсөтүп жатасыңарбы?

– Ооба-деген болду аял. Бирок, аларды бир бөлмөгө камап койгонун айтпады.

– Кызы качып кетти деп эле, аларга көңүл бурбай койбой, жакшылап сыйлагыла. Кыз табылат, кайда кетмек эле-деп, койду да, башкарма ичкери тарапка басты. Артынан түшкөн аялы, нымтырай жанына келди да:

– Эгер табылбай кетсе, эмне болот?-деп, акырын сурады.

– Табылбай калуусу мүмкүн эмес. Жер үстүндө тирүү болсо табылат. А бирок, анын качып кеткенин эл билбеш керек. Башка бир амалын табалы.-деп, аялына суроолу карады. Мунусу “сен кандай акыл кошосуң, мындайда кыйла амалдуу элең го” деген белгиси эле.

– Билбей калдым. Менимче элге деле кеп кетти болуш керек. Ушунчанын бирөө жарымы айпай койбойт.

Ошондуктан качып кеткенин ачык эле айтканыбыз оң го?

– Эмне деп жатасың сен? Элге ачык айтсак, башкарманын абийири төгүлөт го. Башкарманын кадыр-баркы кетет го? “Бир келинди кармай албай, качырып жиберишиптир-деп, итибай менен битибайы да күлбөйбү?

– Анда эмне дейбиз?

– Башка бир амалын табуу керек? Балаң экөөң киргилечи, сүйлөшөлү-деп, жумуш ордундагы кызматкерлери менен кезектеги жыйын өткөрүп жаткандай түр менен алдыга басты. Алар башкарманын үйүнө келгенде эс алуучу бөлмөсүнө киришти. Кыркалекей тизилген кичинекей орундуктардын четиндегисине көчүк баса олтуруп жатып:

– Мындай кылалы, менин сөзүмдү уккула. “Кыз оорукчан экен. Түндө талмасы кармап калып, орукanага алып кетти” деп айткыла элге. Район тарапка ким барып, аны териштирет. “Оорукчан немени билбей качырып алышыптыр да”-деп, эл тескерисинче бизди аяйт.

– Жакшы ой экен. Эгер кызды таап келип калышсачы?

– Таң атканча күтөлү, эгер ошого чейин таба алышпаса, ошондой сөз таркаткыла.

– Ушул да туура, ошентели. Эми табылып эле калса жакшы болот эле-деп, аял кейип алды.

– Табылып калса канаке. Атасы укпаса экен.

– Балким атасынын үйүнө кетти?

– Ал жакка кете албайт, жолду деле билбесе керек.

– Машинага олтурса, кетти да.

– Бардык жолду тостуруп койдук. ГАИлерге дайындап койдум. Ар бир машинаны текшеришет.

– Ошону ырас кылыпсыңар. Жөө кайда качып бара алмак.

– Бирок, ата, эгер сиз айткандай сөз тарткатсак, мага кыйын болот го?-деп, баласы эми гана алардын сөзүнө аралашты.

– Эмнеге?- апасы бул сөзүнө түшүнө албагандай, баласына суроолуу карады.

– Талмасы кармап калды десек, “башкарманын баласына жалаң оорукчан немелер туш келет экен да” дешет да. Силер кыйнап алып берген баягы кызыңар да, аягында оорулуу болуп чыкты го. Азыр өлгөнү жатыптыр дешет. Анан мунун да талмасы бар экен десек, эмне деп ойлошот болду экен?

– Эми ага сен күнөөлүү эмессиң да, балам-деп койду апасы,

– Мен күнөөлүү эмес болгонум менен, мени күнөөгө жыгып коюп жатышпайбы?

– Эл айта берет да, - деген атасы да, баласына аялуу карады.

– Эл айта берет дегенибиз менен, “башкарманын баласы зөөкүр, акылы жок, чоң муштум, келесоо...”дегенди таркатып жаткандар ошол эл да. Ага ишенгендер көп экен да.Сизге таарынганы да, көрө албаганы да, мага асылат. Алдары мага жетет. Угуп алып, жаның кашаят.

– Ээ, балам, жашсың да. Турмушка башың быша элек. Азыр кызуу кансың, ачууң тез келет. Ошонуңа карап да, жанагыдай сөздү айтып жатышкандыр. Баарына башың бышканда, анан элдин сага карата айткан туура эмес сөзүнө териксең болот. Азыр эмне, эл дагы бирдемеңди негиз кылып айтат да.

– Ошондуктан, башкача эле иш кылалы.

– Кандай?

– Эми ал кызды жаманатты кылбай эле, башка бир жолун табалы.

– Эмне аны аяп жатасыңбы?

– Аяган деле жерим жок. Эгер таап алып келишсе, анан шашпай туруп, аны менен эсептешип аламын.

– Мына ушинткениң да туура эмес балам. Сабырдуу бол. “Сабырдуу, токтоо бол”-деп, канча айтам. Баарын акыл менен бүтүрүш керек. Эгер ачууга алдырсаң, баары тескери бүтөт-деп, баласынын бул турушун жактырбагандай сүйлөдү.

– Ата, сабырдуулуктун да чеги болот. Ушундай килейген колхоздун башкармасынын башын аттап, качып кеткен чычкандай кызды биз аяшыбыз керекпи? Ал ким өзү? "Ушу кызды гана аласың, атасы жакшы адам, бул кызды албасаң, анда биз кечип кетебиз..." – деп, бежирей бердиңер да. Элден артыкчылык деле эч нерсесин көрө албадым. Ырас жаштыгы бар. Тайманбайт экен. Анын келечегин көрө албадым.

– Анда эмне кылалы?Кете берсинби? Эч нерсе болбогондой, момоюп кала берелиби?- апасы эми ачуулана сүйлөдү.

– Момоюп олтурбасак да, бизди момойтуп койду ал кыз. Мен таң калам да, кантип качырып жибердик эй? Баары жүрүшөт ушул жерде салбырашып. Эмне аны көрбөй, көздөрү кашайып калдыбы? Эй, салбыраган-дар эле көп,баарынын мээси иштебейт. Ушуларды эмнеге багып жүрөбүз деги?- жигит, эми databaseородо жүргөндөргө жиндене баштады.

– Аларга асылба, күнөө аларда эмес. Кудага шүгүр, биздин короодо жүргөндөрдүн бардгы өз милдетин билишет. Алар таап жеп жаткан тамактары адал, чыныгы мээнет. Ошолордун бир ишин апаң экооңор жасайсыңарбы? Даяр тамакка көнүп алып, анан бечаралардын күнөөсүн көтөрөсүң. Биздин адамдардай алтын адамдарды эч жерден таба албайсың. Болор иш болду, эми артка кайрып келе албайбыз. Оозуңарды ачып олтурсаңар, андан да жаман иш болуп кетмек. Эми кыз аман табылса болгону. Караңгыда бирнеме болуп кетсе, анда ким жооп берет?-деп, аялына суроолу карады.

– Мен жооп беремби?

– Анан ким?

– Ким качырса?

– Качырган кишини айта албай жатасыңар го. Кайтарбай, ээн эркин коюп койсоңор, ким да болсун качат.

– Аны жакшы эле кайтарып жатканбыз.

– Каршылык көрсөтпөй эле, ыйлап-сыктабай эле олтурду беле?

– Каякта, башындагы жоолугун ыргытып, "кетем эле кетем, мен жашмын, окуймун, атама барам" деп, дегеле келиндерге сөз бербей койду да.

– Анан ошондой немени ээн калтырдыңарбы?

– Ээн калтырбай эле, күйөө балдарды киргизгенбиз. Анан аларды кыздын жеңелери "күйөө баланы көрүп алалы, антпесек болбойт" дешип, өздөрүнө чакыртышыптыр да. Анан бул башы жоктор, бардыгы алардын үстүнө киришиптир. Келинди болсо жалгыз калтырышыптыр.

– Ой, башы жоктор, чыныгы келесоолор турбайсыңарбы? Эй,кантип, аны жалгыз калтырдыңар? Эгер ал тынчып, ыйлабай олтуруп калса да бир жөн. Анан ыйлап жаткан немени жаогыз калтырып... ой,бой, силерге сөз жок. Эмне дээримди да билбей калдым. Биринчи жолу кыз качырып келип жатасңарбы? Ай балам, сен канча жолу ал алдың, баарын качырып келбедиң беле? Бул жагынан сенде тажрыйба чоң эмес беле? Алардын баары ыйлап-сыктап олтуруп калышкан. Бу кыз эмне, таптакыр эле сөзгө келбеген неме бекен? -деген башкарма, силкине ордунан турду да:

– Азыр тиги короодогуларды "жатып, эс алгыла" деп, бошоткула. Таң атсын, анан калганын сүйлөшөбүз, мен да катуу чарчадым-деп, аялына бурк эте, башка бөлмөгө кирип кетти. Башкарманын сөзү эч качан эки болбойт. Баласы менен апасы, сыртта короодо топтолуп тургандарга:

– Эс алгыла, таң атсын, анан калганын көрө жатаарбыз-дешип, анан өздөрү да өз бөлмөлөрүнө кирип кетишти.Бул кезде таң деле кылайып, атайын деп калган. Күн чыгыш тарап агарып, айылдагы бирин-экин короздор дагы бир таңдын атканын жарнама кылгандай, үн сала башташкан.Бул короодо кызмат кылгандар дээрлик укташпады деле. Себеби, бир аздан кийин таң атса, баары бир турушка туура келет. Эгер уктап калышса, анда кожоюндан сөз угушат. Ошондуктан башка жумуштарды жасашып, көздөрү дарбаза тарапта болду. Анткени, кыздын артынан кеткендер, кызды алып

келип калышаар бекен деген үмүттө турушкан. Таң аппак атканда да кызды таап келе алышпады. Айыл ойгонуп, тирүүлүктүн дагы бир таңы атып, эл күндөгү жашоосун улай башташты. Айыл чоң болгондуктан, бири-бирин тааныбагандар да бар. Көчөлөр көп болгондуктан, сырттан келгендер кимдир бирөөнү сураса, дароо эле "кайсы көчөдө жашайт?" деп, суроого суроо менен кайрылышат. А бирок, башкарманы жакшы билишет жана анын үй-бүлөсү, короосундагы тиричиликтен элдин баардыгынын кабары бар. Ошол чоң короодо да кыймыл башталды. Кожойке да жакшы уктай албаганбы, биринчилерден болуп короо тарапка чыкты да:

– Тиги кеткендерден кабар жокпу?-деп, короо шыпырып жүргөн келинге кайрылды.

– Жок, эч кимиси келбеди го. Таба албай жүрүшөт белем-деп койду.

– Атаны балакет ай, кайдагы немеге жолуктук эле? Эми элге шерменде болбосок эле болду? Кожоюнга кеп кетет го... - деп, оор үшкүрүнп алды да, атайын даярдалып коюлган кумганды көтөрүп, дааратканa тарапка басты.Ошол кезде башкарма да сыртка чыгып келе жаткан.

– Эй, жакшы кабарыңар барбы?-деп үн салды, короо тарапта жүргөндөргө. Эч кимден жооп болгон жок. Бул жакшы кабардын жоктугунун белгиси. Эгер келинди алып келип калышса, анда баары сүйүнчүлөшүп, керек болсо, башкарма жаткан бөлмөгө кирип да барышмак.

– Эмне, аны жер алып кетти бекен? Тооббо, башкарманын үйүнөн адам качат деген не шумдук? Башкарманын да баркы кетиптир да, күчү кетиптир да. Башкарма менен эч ким эсептешпей калыптыр да... -деп, өзүнө күбүрөнүп, дене боюн жаза, ал да бак тарапка басты. Башкарма сүрдүү көрүнгөнү менен ачууга алдырбаган, токтоо адам. Кыйла жылдан бери чоң колхозду башкарат. Ошол оор басырыктуу мүнөзү менен элди башкарып, тиги анын үстүнөн турган чоңдорго жагып келе жатат да. Кыздын атасы анын кол алдындагы бир жетекчилердин бири. Талаа иштерин башкарат. Ал дагы

иштерман, өз милдетин билет. Экөөнүн мамилеси жакшы. Бири-бирин сыйлашкан санаалаштардан. Куда болуш ойлорунда жок эле,капыстан эле башкарманын баласы бир ирет конторго келип, анан кыздын атасы менен таанышып, аркы-беркилерди сүйлөшүп олтурушуп, баланын маданияттуулугу, сыпаалыгы жагып калган эле кыздын атасына. Анан бир ирет башкарма менен чай үстүндө сүйлөшүп олтурушуп, кызынын бой жетип кеел жатканын кеп к ылган. Ошондо башкарма:

– Менин уулум да эр жетип калды. Окууну бүттү. Эми үйлөшүм гана керек. Акыреттик куда болсок кантет-деп, сөздүн башн кылтыйткан.

– Ой, сиздей адамдар менен куда болбогондо, анан ким менен болмок элем. Кызым быйыл мектепти бүтөт. Окуймун-дейт, деген.

– Ээ, окуу кеп бекен, өзүм окутуп аламын. Уулум билимдүү адам, ага да билимдүү, баары жокту түшүнгөн колукту болсо. Шаардан үйлөнөм дегенинен, биз макул болбодук. "шаар коргон эчкиден түңүл"дегендей, шаарда жүргөн кыздар да башкача болушат экен. Көрүп, билип жүргөн, тектүү жерден куда күтсөң жакшы да, -деп, башкарма түз эле айткан. Бирок, баласынын буга чейин үйлөнгөнүн жашырып койгон. Кыздын атасы буга жетине албай, кудуңдап, сүйүнүп да алган. Дароо эле үйгө келгенде, башкарма менен болгон сөздү аялына айткан. Анысы сүйүнөт деп ойлогон, бирок, ал сүйүнмөк түгүл, карамансча каршы чыкты:

– Биз башкармага тең эмеспиз да. Анын чойросу башка. Эгер кызыңды ага бере турган болсоң, өмүр бою аны кемсинтип өтүшөт-деген.

– Эмнеге кемсинтет, мен деле аны менен тең тайлаша иштеп жатам го?

– Сенин кызматың убактылуу, а тигил башкарма алчуусун алып, салчуусун салып, жыйчуусун жыйып алды. Балдарына эмес, небере-чеберелерине жете турган байлыгы болсо керек. Биз эмне, "ушул жаман кыштактын алдыбыз"-деп, корсоюп коюп жүробүз-деп,

башкарманын жашоосун ийне жибине чейин билгендей түр менен айткан.

– Кеп байлыкта эмес, башкарма жакшы адам. Жакшы адамдын баласы да жакшы болот. Андан коро кызыңдын кулагын бышыра бер-деген күйөөсү. Анан көп өтпөй башкарма аны дагы чайканага чакырып, экөө койдун думбасына басылган палоо менен кок чайдан катыра ичишип, сөздү бышыкташкан. Ошондо башкарма кыздын атасынын колуна калың конвертти карматкан. Аны албай коюуга мүмкүн эмес эле. Ушундан көп өтпөй башкарма аялы, бир эки жакын туугандары менен биргеликте кыздын атасынын үйүндө мейманда болду. Жакшы сый көрүштү. Ушул учурда кызды да көрүшүп, мөлтүрөп сабагында бышып турган бүлдүркөндү көрдү. Апакай жүздүү, бой келбети келишкен, татынакай кыз, башкарманын аялына деле жакты. Болгону кыздын апасына ичи чыкпады. Анткени, кыздын апасы аларга көп кошомат кылбады, тим гана жупуну мамиле жасап койду. Болочок кудайгыйдын мындай мамилесине теригишкен деле жок. Болгону кызды эптеп үйгө киргизип алышса, калганын убагында көрүшөт. Бул сыйдан кийин башкарма биротоло ага жабышып, улам калың конвертти узата берген. Кыздын атасы анын ичин ачып да көрбөстөн, иш бөлмөсүндөгү кара сейфке сала берген. Эки санаалаш адамдардын ич ара сүйлөшүүсү менен алдын ала пландаштырылган иш минтип чатагына айланып кетишин ойлошпоптур. Эгер чындап эле кыз табылбаса эмне болот? Эми башкарманы ой басты. Элге уят болгону бул жакта эле калып, кыз табылбаса, жоопкерчилигин ким алат? Кыздын атасы милицияга кайрылса эмне болот? Бирок, ал антпейт, себеби, башкарманы кудайындай эле көрөт. Кыздын атасына кабар жибериш керек деген ойго келди да, баласын чакырды.

– Кыздын атасына кабар бергиле, акырын айтышсын. Билким алигиче кыз атасынын үйүнө барып калгандыр. Андай болсо, акырын гана машинага салып берсин. Анан эгер бара элек болсо, лучше бул жакка эле

чакырып келишсин, бул жактан сүйлөшөбүз-деди. Баласы анын айткандарын дароо башкаларга жеткирип, тиешелүүлөрүнө тапшырма берди. Жигит да кызды жактырып калган эле,ошондуктан кандай кылганда да, кызды букл жакка аман эсен алып келүүлөрүн катуу буюрду. Эми үч-төрт адам дароо кыздын атасыныкына жөнөп кетишти. Ал эми кызды бул жактан здегендердин баары келишти. Бирок,эч кимиси кыды тапкан жок, жекабарын да айтып келишпеди. Башкарма буга катуу капа болду. Ушул жолу катуу ачуусу келип, эми үнүн катуу чыгарып, баарын четинен кууруп жатты.

– Акмаксыңар-деди аларды. Айбансыңар, эшек мээлер. Кантип колдон чыгарып жибердиңер? Эми элдин бетин кантип караймын. Мени тирүүлөй сойдуңар го?-деп, жер тепкиледи. Аялын каарыды, баласын урушту. Анан өзүн токтотуп, жанына аялын чакырды да:

– Кечээки сүйлөшкөндөй, короодогуларга айтып кой, “кыз оорулуу экен, доктурга алып кетишти”-деп, кеп таркатышсын-деди.

– Сиз айткандай болот. Деги, тирүү болгуудай эле. Бир жерге барып, бирдеме болуп алса,канттик аа?-деп, алды аялы.

– Кайдагыны бежиребей, бул жагын ойлонуштургула. Эми кыз табылганда да, кайра үйгө киргизгенге болбойт –деди башкарма.

– Эмнеге?-деп,аялы катуу чоочуп кетти.

– Элге тигинтип сөз кетсе, анан оорулуу кзды кайра үйгө киргизмек лбелек. Ата-энесиникине алып барып беребиз. Атасы менен өзүм сүйлөшүп аламын. Менин үйүмдүн босогосун аттагандан кийин, минтип акаарат келтирбеш керек эле. Көшөгөсүн тыткан имиш го?

– Ооба, өзүм тандап жүрүп, эң кымбатынан алдым эле. Тилегиң каткыр, ошону айрып, жип кылып байлап, анан терезеден түшкөн тура.

– Кара, амалын, жөн эле секирип түшпөйт беле? Жанынын бышыгын тим эле –деп, башкарма ачуусун тыя албай, кызды каарып алды. Анан:

– Азыр мен жумушка кеттим. Эрте барбасам болбойт, райондон комиссия келет деп жатышкан. Кыздан кабар болсо, мага билдирип кой. Эгер бүгүн табылбаса, анда милицияга кабарлайбыз. Атасы келе турган болсо, түз эле жумушка алып баргыла. Өзү деле ишке келет го, балким ошол жактан жолугабыз-деди да, нар албастан, машинасына олтуруп, жүрүп кетти.

Кыздын жеңелерин сыртка чыгарышпады. Алар түнү менен уктабай чыгышты. Жаңы келгендеги жайылган дасторкон ошол бойдон турат. Эч кимиси эми анын четине олтуруп, даам татышкан жок. Алар жаңы келгенде “”алгыла, жегиле, алсаңар, тамакка карасаңар, ой, бул тамактан алсаңар”, - деп, чимирилип жүргөн эч ким жок. Өздөрү менен өздөрү, сууга түшкөн мышыктай шүмүрөйүшүп, бири-бирине жакпай, биринин сөзү экинчисине жаман угулуп, сиркелери суу көтөрбөй олтурушту. Улам үргүлөп бараткапын жанындагысы ойготот:

– Ай, уктаба, кайсы арыңа уктайсың? Ойго жат, уктап калсаң, дагы бир жаман иш болуп кетпесин-дейт.

– Кайсы арыма кыз кууп келдим аа?-деп, дагы бири бышактайт.

– Эми күйөөм өлтүрөт, ал жакшы эле “барбай эле кой, башкалары деле жетишет” десе, болбой, оолугуп келдим эле. Мына сага, эми коро бер да.

– Ай, жеңелер, булар бизге жамандык кылышпайбы ыя?-дейт бириси.

– Кандай жамандык кылмак эле?

– Кызыңарды өзүңөр эле качырдыңар, эми кызыңардын ордуна бириңерди алып калабыз-дешсе, эмне дейбиз?

– Кайдагыны айтпачы, ошондой да болчу беле?

– Буларыңдын түрү жаман. “Башкарманын баласы экен” дегенде эле, менин журогүм бир жамандыкты сезген. Эч бутум тарткан эмес-деп, дагы бири оор үшкүрүнөт.

– Ой, мен болсо, тескерисинче сүйүндүм да, “кызыбыз бактысын тааптыр” деп-дейт дагы бири.

– Кайдан да күйөө балдарды чакыра койдук. Ошолор ал кезде кыздын жанында экен да, биз "кокуй күйөө баланы көрөбүз, көрбөсөк болбойт" деп, оштолоңдогондо, ал жерде олтургандардын бардыгы келишиптир да.

– Биз эмне, алардын бардыгын чакырдыкпы, күйөө баланы эле көрөлү дебедикпи?

– Ооба десең, оздору жакшылап кайтарып алышпайт да, бизди минтип... бул эмне кылгандары? Башкарма болмоктон, кудай болсо да, ушул жерден аман- эсен чыгып кетсек, мен мунун баарын айтчу жерге айтамын-деп, "күйөө баланы көрүү" идеясын баштаган шайыр келин өзүнчө жулунуп коёт.

– Кимге айтасың, сени ким угат?-дейт, жанындагысы.

– Эмнеге эч ким укпайт бекен, толтура. Керек болсо прокурорго барамын.

– Кантип далилдейсиң?

– Эмне деп айтасың?

– Жашы жетпеген кызды ала качышты, анан артынан барган бизди бир үйгө камап, түнү менен кыйнашты-дейм да.

– Эмне кылып кыйнап жатат? Алдыбызда тамак турат. Уктайын десек, тигине төшөк турат.-деп, эртеден бери үн катпай турган бир келин, сөзгө кошулду.

– Ушундан артык кордук барбы эй, деги мындайды көргөн эмесмин.Канча жолу кыз кууп бардым, сый-урмат менен эле кайтчуубуз.

– Бул жерде башкача болуп жатат да. Эгер кызыбыз качып кетпегенде, ошондой эле сый менен кетет элек. Бизден артык сыйлуу адам болбойт эле-деди, жанагы келин.

– Ай, катындар, мен коркуп жатам. Бирөөдөн бир жолу уктум эле, биздей болуп, бир топ келиндер кыз кууп барышыптыр да, анан алар дагы биздей болуп, гуулдөп, аракты баса-баса ичишип, ырдап-чордоп жатышканда кызы качып кетип калыптыр. Анын сүйлөшкон жигити бар экен, анысы терезеден алып чыгып , экөө качып кетип калышкан экен. Ошондо кыз барган

жердегилер кууп баргандарды үйүнөн чыгарбай, алардын арасынан жашыраагын алып калышып, көпкө чейин бербей, анан соттошуп жатып алып кетишиптир. Бизди да ошентишпейби ыя?-деп, сулууча келген, көздөрү бакыракай келин, корккон түр менен сүйлөдү.

– Ошентиши да мүмкүн, булардан күтсө болот. Анда кимибизди алып калышат? Ылайыктуубуз бар бекен деги?-деп, булардын улуулары делген келин үн катты.

– Болду болбоду сени алып калуусу мүмкүн, себеби сулуубуз да сен экенсиң, жашыраагыбыз да сенсиң-деп, жаңы эле ушул ойду баштаган бакыракай көз келинге карады.

– Койгула эй, менин эрим бар, өлтүрөт ал буларды. Антпегиле, мен калбайм, өлсөм да калбайм, буларга калганча, өлүп алганым жакшы-деп, ал келин ордунан тура калып, азыр эле аны алып калып жатышкандай, коркуп алды.

– Эй, менин табарсыгым толуп кетти, силердикичи?-деп, эртеден бери тыбырчылап жаткан келин ордунан тура калды.

– Барыбыздыкы эле толуп кетти, айла жок олтурабыз.

– Эмне, ушул жерден эле коё берелиби ыя?-деди, жакшы ой тапкансып, четте олтурган келин.

– Эгер эшикти ачышпаса, айла жок, ушул жерге эле коё беребиз. Тиги идиштерин толтуруп салабыз- деп, шайыр келин, кымыз куюлган чуңкур идишти колуна алды. Анын түбүндө азыраак кымыз калган экен. Аны бош турган чыныга куюп койду. Анан ичилбей муздап калган чайды куюп, идишти тазалап кирди.

– Эй, сен чындап эле ушул жерден... убал болбойбу?-деди дагы бири.

– Убал болсо не кылабыз? Айла жок, бир амалын табалы, менин чыдамым кетип бүттү.-деген келин, ал идишти тазалап туруп, бөлмөнүн бир бурчуна барып, мындагылардан тартынып койбостон, ырахаттанып гана бошонуп алды. Аны карап тургандардын ээси оогону менен, бул аргасыздыктын иши экенин баары

түшүнүп турушту. Ал бүткөндөн кийин, экинчиси, анан үчүнчүсү...баары жеңилденип алышты.

– Эй, келиндер, тиги чоңуна чыдап тургула, сыртка чыкканда-деп, ушул ишти баштаган келин, эскертип койду.

– Эгер чыдабай баратсакчы?-деп, бириси тамаша аралаш сүйлөдү.

– Кой, эй, чыда, үйдүн ичин сасытып, ансыз да бышып кеттик. Аба бузулуп, биротоло тумчугуп калбайлы-деп, келиндер каткыра күлүп алышты. А сырттагылар болсо, булар менен иши жок, сыягы унутуп да калышты белем.

– Ай, келиндер, булар бизди унутуп калышты окшойт, келгиле, эшикти каккылап көрөлү-деди, бир келин.

– Ии, ошентели ,булар бизди унутушту.

– Кызыбызды таба алышпаса, биз ушул жерде олтура беребизби ыя?-деп, дагы деле булардын ичинен эң коркогу тынчсызданып жатты.

– Койчу, коё беришет, кантип эле. Тиги жактан деле адамдар келишсе керек. Кызды табышат да, кайда кетмек эле?-деп койду, бир келин кимгедир ишенгендей.

– Эй, ошо кыз табылбай эле, алыс жакка качып кетсе жакшы болот эле-деди, бир келин.

– Эмнеге?-келиндер, жапырт суроо узатышты.

– Мага булар жакпады. Биздин кыз буларга чыдабайт. Ал дагы бирдемени билип качып кетти да. Акылдуу жан эмеспи.

– Күйөө бала чоң го ээ? -дейт бириси.

– Ооба да, жашы кыйла эле чоң окшойт. Мен көрүп эле чоочуп кеттим. Анан сүрдүү да көрүнөт экен. Биздин кызга тең эмес да.

– Шаарда окуптур, анан иштептир, ошентип жүрүп жашы кыйлага барса керек да?

– Жок, бул мурда үйлөнгөн немедей көрүнөт. Көздөрү адамды кытмыр тиктеп, кыйланы көрүп калган неме го?

– Ий, келиндер, ичим ооруй баштады, эмне кылам ыя?-деп, жаздыкты ичине басып олтурган келин, тыбырчылай баштады.

– Келгиле эшикти такылдаталы. Таң атып деле калыптыр го. Эки үч келин, каалга алдына келишти да, ургулай башташты:

– Эшикти ачкыла.

– Ачкыла эшикти, биз сыртка чыгалы.

– Ай, деги кандай адамсыңар, табарсыгыбыз толуп кетти го?

– Болду жетишет, ушунчалык кордогонуңар. Бизде не күнөө?

– Ай, ачкыла эшикти, бул жер эмне түрмөбү, кандай акыңар бар, бизди камап койгонго?

– Биз эмне силерге мал көрүнүп жатабызбы?

– Ушундай да адамдар болот экен ээ?

– Кызды өздөрү качырып жиберишет да, бизди күнөлөшөт. Ошончо алып келгенден кийин, жакшылап кайтарып албайт белеңер?-деп, ар кимиси оозуна келгенди айтып жатты. Алардын сөзү толук кожойкеге угулбаса да, каалганын тарсылдагы даана угулуп жатты.

– Ай, тигилерди тынчтандырып койгулачы-деп, короо тарапта жүргөн бир аялга буйрук берди. Анысы элпек гана кыймылы менен каалга түбүнө келип:

– Ай, кудагыйлар, тынчтанып олтургула, силерди баары бир сыртка чыгарбайт. Качан кызыңардан бир кабар болот, ошондо гана чыгасыңар-деди.

– Ай, биздин табарсык толуп кетти го, эмне үйдүн ичине эле коё берелиби?-дешти, ичкериден.

– Аны мен билбейм, мага ушуну гана айтышты-деп, ал аял, кайра артка кетти. Анан кожойкеге келип:

– Тигилер табарсыгыбыз толуп кетти, үйдүн ичине эле коё берелиби-деп жатышат-деди.

– Өлүп кетишсин, сыйды билбеген немелер, эмне болсо, ошо болсун-деп, бурк этип алды.

– Башкарма акем, куда келиндерге сый көрсөткүлө-деп кеткендей болду го-деди, ал аял, үнүн араң чыгарып.

– Сый ушу да, каалагандай олтурушат. Бар балакетти ушулар кылды да. Чоёңдошуп, "күйөө баланы көрөлү, көрбөсөк болбойт" деп, жыланча соймоңдошот. Ошентип, биздин башты айлантышып, анан кызын оздөрү качырышты да. Бирөө жардам берди ага, антпесе, көшөгөнү жалгыз айрый албайт эле. Култуңдап бириси жетип барып, дароо качырды да. Эми сазайыңарды тартып олтура бергиле, ичиңер өтүп кетсин мага демектен-деп, кожойке бир силкинип алды да, ары басып кетти. Келиндер болсо кыйлага чейин каалганы ургулап, ургулап, акыры чарчашты белем, анан тынчып калышты.

* * *

Кызды салган машина айыл четинен чыгып, тоо таяна кеткен ичке жолго түштү. Бир гана машина сыя турган төтө жолдун чаңы асманга чыгып, машинанын ичин да каптап кетти. Аялдын иниси жашы кыркка чамалап калган, жылдыздуу киши экен. Кыз андан эч чоочулаган жок. Бул адамдын колунан жамандык келбеси жүзүнөн көрүнүп турду. Анын үстүнө тиги аялдын иниси болуп жатса, анын тапшырмасын аткарып жаткан соң, кызга жамандык жасабайт. Колунан келген жардамын корсотот. Кыз буга толук эле ишенип турду. Кызды кепке тартайын дедиби:

– Машина эски да, айла жок чыдайбыз кызым-деп, койду. Анан кайра тынчтык, машинанын гана ойдолүш жолго кыйналып чыгып бараткандагы доошу угулат. Айдоочу болушунча катуу айдап баратат.

– Артыбыздан эч ким түшпос бекен?-деген кыз, улам арт жакты карап, тынчсыздныp жатты.

– Кабатырланба кызым, алар билишпейт сенин бул жакта экениңди. Алар башка жактан издеп жатышат. Силердин үйүңөргө барышса керек. Атаң кандай киши?-деп, кызга карады.

– Билбейм, атам жонүндо азыр эч нерсе дей албайм. Алардын айтуусунда, мунун баарын кылган атам экен.

Ал булардан калың алыптыр, мени сатыптыр. Эгер алардын айтканы чын болсо, анда мен эч качан атамды кечирбейм-деп, кыз муңкана кетти.

– Ошентип айтыштыбы?

– Ооба, баары эле ошентип айтышты, "атаң калыңын алып койгон, атаң билет"дешти.

– Алдап жатышкандыр... атаң кантип эле өз кызын жамандыкка кыйсын. Мына менде да кыз бар. Үч кызым бар, алды чоңоюп калды. Кантип мен аларды бирөөнүн колуна салып берейин.

– Билбейм, атам чын эле ... -кыз мукактана түштү.

– Буларды элдин баары билет да. Атаң деле жакшы билсе керек, башкарманын жоругу элге белгилүү да... -деп, машина айдап бараткан киши кызды көз кыйыгы менен карап койду.

– Билбейм... балким атам билет... билип туруп жасап жатса керек да..."башкарма менен кудалашып жатам" –деп, элге мактангысы келгендир... -деген кыз кимгедир кыжырлана, кекенип сүйлөдү.

– Балким... -деп койду айдоочу. Машина дагы деле тик жол менен өйдөлөп эле кетип баратты.

– Ай-ий, асманга чыгып бараткандай эле болуп жатат-деди кыз бир кезде.

– Ашуу да, ашуу бийик болот.

– Ашуудан ары эмне бар?

– Чокуга чыгып, кайра ылдыйлайбыз. Анан күнгөй беттеринде чөп чапкандар бар. Тескейине малчылар чыгышат. Чөпчүлөрдөн өткөндөн кийин, кыйла жүрөбүз, анан чоң жол чыгат. Ошол жерден машина тособуз-деп, койду тиги киши.

– Мен сиздерге ыраазымын, айрыкча эжеге, жакшы аял экен. Мени мурда билбесе да, мага жардам берди деген кыз, чын ыкласынан сүйлөп жатты.

– Анын да кыздары бар да... сени ошолорго окшоштурса керек ...

– Баары бир жакшы аял экен. Боорукер. Ушу эжеге туш келгенимди карасаңыз. Эгер бул эже болбогондо, мен аларга кармалып калат болчуумун.

– Бешенең бар экен.

– Эми мындан аркысы жакшы болсо экен… - кыз оор улутунуп алды.

– Жакшы болот, баары өзүңдөн. Үйүңө барганда, катуу тур. Буларга барбаймын дегин. Азыр сени күчкө салып бере албайт. Эгер күчкө салышса, милицияга бер. Эмнеден коркосуң. Апаң кандай аял?

– Апамбы? Апам атамдын айтканынан чыга албайт… жоош аял… чечкиндүү эмес.

– Аа, анда кыйыныраак болот. Апаң тың аял болгондо, балким…

– Ошо, апам бош болуп жатпайбы? Атамдын эле көзүн карап, жалдырап… бир кызынын тагдырын ойлобойт. Эгер ушул ишти атам өзү кылса, анда апамдын да катышы бар. Ал дагы билет… экөө биригип жасашкан… аларга акча керек болгон… -кыз, эми чындап бултуюп, кимгедир катуу таарынып, буулугуп жатты.

– Ии, баса, сени машинага салам деп жатам да, кайда барасың деги?- тиги киши чоочуп алды.

– Билбейм, кайда барышты өзүм да билбейм. Үйгө барыштан да коркуп жатам. Бирок, баары бир алар мени издеп жатышат да.

– Ооба, издеп жатышкандыр. Бирок, үйүңө барсаң, ал жактан кайра алып кетишсечи?

– Мен да ошону ойлоп жатам. Мен бир адамды эле көрүп алсам, анан эч кимге көрүнбөй алыска качып кетет элек.

– Ким ал?

– Менин классташым. Экөөбүз чогуу окууга барабыз деп жүрчүүбүз. Ошого эле жолугуп алсам болду эле… -кыз, катуу муңканып ийди.

– Кыз балабы, же…

– Эркек бала.

– Аа.

– Мына аз калды, азыр ашуунун чокусуна чыгабыз, анан ылдыйлай баштайбыз. Мен сенин абалыңды түшүнүп турам. Азыр байкаштырып көрөм, эгер ишеничтүү машина чыкпаса, ошол балага жеткирип коёюн.

– Ии, ошентсениз сонун болот эле. Караңгыда мен каякка барам?

– Ал жигиттин үйү кайда?

– Биздин айылдын баш тарабында.

– Анда мындай кылабыз. Мен сени биротоло эле айылыңа алып барайын. Деги, кудай сактасын, бирок, “жаман айтпай, жакшы жок” дейт, баары бир сак болушубуз керек.

– Сиз жакшы ата экенсиз. Балдарыңызды ойлоп жатасыз. Менин атам деле жакшы киши болчу. Ал мени жакшы көрчү. Кичинемде эркелетип, эмне айтсам барын жасачу. Анан чоңойгонумдан кийин эле, менден алыстап кетти го. Азыр эркелетпейт деле. А түгүл урушуп да жиберет.

– Чоңоюп калды десе керек да.

– Билбейм... атам катуу озгорүп кетти.

– Жалгыз кызсыңбы?

– Ооба, эки агам бар.

– Алар кайда?

– Шаарда окушат.

– Ошолорго барбайсыңбы?

– Кайда окушарын да билбейм да.

– Айтышкан эмеспи?

– Айтышкан... анан ал кандай окуу экенин сураган эмесмин.

– Аа, кокуй десе. Шаардагы адрестерин да билбейсиңби?

– Жок.

– Эгер билгениңде, туура ошол жакка кетип калсаң, алар сени калкалап калышат болуучу.

– Мен да ошону ойлоп жатам...

– Мына, эңкейишке түштүк. Эми мындан ары тез эле чоң жолго чыгабыз. Айттым го, бизди эч ким билбейт. Бул тарапка башкарманын машинасы дегеле келбейт. Алар жалаң асфальт жол менен жүрүшөт да.

– Башкарма жаман адамбы?-деп, суроо салды кыз.

– Аны билгенге азыр сен жашсың кызым. Бирок, жакшы адам эмес экенин өзүң деле көрдүң да. Эгер жак-

шы адам болсо, жашы жете элек кызды ала качышабы? Менин жакын досумдун карындашын да алган. Ал кыз жаш болуучу. Бир сулуу кыз эле. Мен досума жакшы эле айттым. "ээ,карындашыңды алып кеткиниң, булар аны жок кылышат" деп. Укпай койду да. Ана мен айткандай эле болду. Бечара кыз, акылынан адашып калгандай. Оорукчан болуп калды. Таптакыр жараксыз кылып салышты. Башкарманын келесоо баласы, аны башка-көзгө ургулай бергенби, ким билсин. Сени да ошондой кылышмак да. Эжем айтканда эле, мен баарын түшүндүм. Сен эр жүрөк кыз экенсиң. Качып чыгып, туура кылгансың. Эми керек болсо, аларды сотко бериш керек. Жашы жете элек кызды ала качышканы үчүн... -деп, кимгедир кекенип жатты ал киши.

– Же, түз эле милицияга баралыбы?

– Мени угушабы? Мага ишенишеби? Башкарма чоң киши, анын сөзүн угушуп, мени эч ким укпай койсочу?

– Ошонусу да бар...сен жалгыз болуп каласың. Себеби, сенин сөзүңдү сүйлөй турган адам табылбайт го. Баары башкарманын сөзүн сүйлөшөт...анысы да бар. Азыр "бири кем дүйнө" деген ушул, кызым. Башкарманын айланасындагылар "бул кызды коргонубуз жок, билбейбиз, биз эч кимди качырып алып келген жокпуз"-дешсе, сен аларга жөн гана доомат артып жаткан болосуң. Азыр баары акчанын күчү менен бүтүп калган. Же болбосо, башкарма акча менен эле баарын басып коёт, анда байлык, акча көп да -деп, ал оор улутунуп да койду. Дагы деле чаңы асманга көтөрүлгөн жол менен баратышты. Кыйла жүргөндөн кийин, чоң, асфальт жолго чыгышты. Айдоочу катуу дем тартып алды да:

– Мына, буюрса жолго чыктык. Мындан ары айылыңа жакын эле калат. Кеттик анда. "Эрдик кылсаң, сүрө кыл" деген сөз бар эмеспи, биротоло үйүңө алып барып коёюн-деди, кызга жылмая карап. Эртеден бери бул кишини өз атасынан да артык көрүп, ага ишенип, таянып бара жаткан кыз, анын бул сөзүнө сүйүнүп кетти. Себеби, "чоң жолго алып келип, таштап койсо, кай-

да барам? Караңгыда мага машина токтойбу? ...” деген сыяктуу түпөйүл суроонун кучагында келе жаткан эле.

– Үйүңө баралыбы, же тиги жигитке баралыбы?-деп сурап койду, кыйла жүрүшкөндөн кийин.

– Билбейм.

– Жок, сен бир жагын айт. Эгер үйүңө десең, үйүңө, жок, десең жок.

– Баары бир үйдүн жанынан өтөбүз да. Эгер үй тарап тынч болсо, үйгө эле кирип кетсем кандай болот?

– Карап көр.

– Атамдар эмне кылып жатышты экен? Мен кирип барсам, кандай кабыл алышат? Туура кылдың дешеби, же урушушат бекен?

– Эми мен аны айта албайм.

– Бара берели чи, үйгө жакындаганда билинет да..-дегени менен кыздын оюу бир жерде эмес. Чоочулоо, коркуу сезими көкүрөктө турду. Аны жанындагы кишиге сездирбегенге аракет жасап жатты. Алар ушуларды сүйлөшүп, дагы бирдемелерди айтып, тиги киши кызды күлдүрүп келе жатышты. Кыязы “кыз уктап калбасын” деди белем, тиги киши улам күлкүлүү бир нерселерди айткан болот. Алар көпкө жол жүрүштү . Түн да бир оокум болуп калды. Кыздын айылына жакындап, дарыяга да келип калышты. Азыр дарыяга көпүрө салынып, машина өтүп калган. Мындан бир топ мурдагы жылдарга караганда, ары-бери каттам жүрүп да турат. Көпүрөдөн өткөндөн кийин:

– Кайсы тарапка айдайын?-деди айдоочу.

– Түз эле айдай бериңиз-деген кыз бир алдын чоочуп алды. Жүрөгү дүкө-дүк согуп, бир нерседен түпөйүл боло, тынчсыздана баштады.

– Мен коркуп жатам-деди кыз.

– Эмнеге коркосуң, өз үйүңө келдиң да.

– Атамдар кандай кабыл алышаар экен?- кыздын үнү каргылдана чыкты. Тамагы буулуп, азыр ушу тапта ал ата-энесин көргүсү келбей турганын сезди. Аны байкаган тиги киши:

– Анда мындай кылалы, сен айткан жанагы класс-ташыңдын үйүнө баралы. Анан бул жакты байкаштырып, эгер баары жакшы болсо, үйүңө келээрсиң. Мен сени ошо жерге алып барып таштайын. Менин да бул жакта көпкө жүргөнүм болбойт го. Мени кармап алышып, анан “баарын кылган ушу” дешип, каматып салышпасын. Башкарманын колунан келет бул иш. Ал адамдарды аяганды билбейт. Элди эзип эле келе жатат го. Менимче атаң анын торуна түшүп калган го. Же болбосо, баласын билсе керек эле. Атасынын байлыгына көпкөн неменин кылбаганы жок го. Атаң ошонун баарын билип туруп, анан аларга салып берген болсо, атаң аларга карыз, же бир аралашып калган жамаш иштери бар-деп, кызга суроолуу карап койду.

– Билбейм… сиз айткандар да туура болушу мүмкүн. Билесизби, мен ушул бир күн ичинде көптү түшүндүм. Карып да кеттим окшойт. Мен деги туура кылып жатамбы?-деп, тиги кишиге тигилди.

– Туура кылдың кызым, эми мындан аркысы жакшы болсун. Сен ал жерден жок болуп кетмексиң. Көрдүңбү, үйүнүн коргону тосулуп, ал жерден чычкан да сыртка чыга албайт. Ал жердеги адамдарды кулдай гана иштетишет. Азыркы заманда баары бирдей укукта жашаш керек да. Булар андайды билишпейт. Адамдарды фацисттей гана эзип, иштетишет. Сен ошо чоң короонун ичинде жүрүп эле жок болуп кетмексиң. Баласы чоң муштум неме. Сени аяп коймок беле?-деп, кимгедир кыжырланып алды. Алар айыл ичине да кирип барышты. Кыз үйүнө жакындаган сайын жүрөгү дүкүлдөп, аны кимдир бирөө көрүп коё тургандай, машинанын ичине боюн жашырганга аракет жасады.

– Коркпо кызым, эч ким бизди тосо албайт. Сени мындай машина менен келет-деп, эч ким ойлобойт-деп, кыздын мындай абалын байкаган киши, аны жооткотууга аракет кылды.

– Билбейм, корко баштадым. Эгер бизди тосушсачы?

– Анда алыстан байкаштыралы, мен четирээк токтотоюн да, жөө басып барып, силердин үйүңөр тарапка

көз салып көрөйүн, үйүң кайсы, кызым?-деп, кызга тигилди.

– Келип деле калдык. Анда ошентели. Мен да машинанын ичинде эмес, караңгы жерге туруп-турайын. Бирөө жарым келип калышы да мүмкүн-деген кыз, шашыла ушуларды айтты.

– Эмне, анда токтотоюнбу?

– Ошентиңиз. Келип деле калдык. Биздин үй тарапта адамдар көп жүрүшөт окшойт-деп, дагы деле тынчсызданып жатты.

– Азыр анда, жолдон четке алып токтотоюн-деген, айдоочу, машинанын жарыгын өчүрдү да, жолдон кыйла четке барып, токтотту.

– Эми мындай кылалы, сен тигиндейрээк барып, бирдеменин түбүнө жашына тур. Мен сенин үйүң тарапка басып, ал жактагы абалды көрүп келейин-деп, машинанын кабинасын ачып, жерге түштү.

– Этият болуңуз, сиздин бөтөн адам экениңизди билип калышып, кармап алышпасын?-деп, ал кишиге акыл айткан болду.

– Бейкам бол, андан көрө өзүң жакшылап жашынып тур-деп, кызга бир карап койду да, жол менен алдыга карай басты. Кишинин караңгыдагы карааны көрүнбөй калганга чейин, анын артынан карап турган кыз, эми өзү далдоо жерге жашынганга кам урду. Айыл узатасынан кеткен бир гана көчөдөн турат. Жолу сары топурак, таш, же шагал төгүлгөн эмес. Айылга кандай машина келсе да, жаз-жай, күз айларында айылды чаң каптап, жол тарапка жакынкы үйлөрдүн ичине чейин кирет. Жаңыдан жууган кирлерин чаң каптап, аппак буюмдары ботала болуп, кайрадан кир жуугандар көп эле болот. Анан жол жээгин бойлото тал-теректин бутак, чырпыктарынан тосмо-кашаа жасашып, тосмолоп алышкан. Бир гана кыздын атасынын короосу кам кыш менен тосмолонуп, сырты коюздолуп шыбалган. Андай үйлөр тиги райборбор жакта көп. Кыздын атасы ошол тарапка каттап иштегендиктен, ал жактан көрүп келип, анан короосун тосуп, чоң темир дарбаза коюп ал-

ган. Анын үстүнө айылдан чыккан жалгыз кызматкер болсо, акчасы да көп болсо, антпегенде не кылмак. Башкалардан айырмаланып турушу керек да. Кыз ошондой тал-теректин жыгачы менен тосулган кашаага жашынып олтурду. Мүмкүн болсо, ошол кашаанын ичине кирип алса, сырттан издегендер болсо да таба алышпас эле. Ошондой ой менен кашаанын чоң ачылган жерин издеп жатты. Тилекке каршы, бул үйдүн ээси кашаасын өтө бекемдеп алыптыр. Сырттан мал-жандык кирбесин деген го. Анткен менен кыз ыңгайлуу жер таап, ошол жерде жашынып, тиги кишини күтүп жатты. Жүрөгү болсо дүк-дүк согот. Кантсе да коркунуч бар. Мында турган ботон машинаны көрүп, туш-туштан жүгүрүп келишип, анан кызды кармап алыша тургандай эле сезиле берди. Караңгылыкка кыйла көзканыгып, айлана ага жарыктай эле туюлуп турду. Киши кеткен тарапка көз салып, айланага кулак түрүп, демин ичине катып, кыз ошол ордуна кыйлага олтурду. Машина болсо андан ыраак жерде турат. Бир кезде бир караан келе жатты. Аны жазбай тааныды. Ал жол чети менен шашыла басып келе жатат. Кыздын турган жерин билбегендиктен, анын жанынан өтүп баратты. Кыз акырын доошун чыгарган болду:

– Мен мындамын, тынч эле бекен?-деп, шыбырады. Жакын эле жерден чыккан добуш кыздыкы экенин жазбай билген ал киши, жанына келди да, чөгөлөй отура калып:

– Үйүңдо адам көп. Ичкери тарапта топурап эле жүрүшөт. Анан бири-бирине кыйкырып эле жатышат. Айтор тынч эмес. Сенин барганың туура болбой калабы дейм. Себеби, атаңдын ачуусу катуу келип жатса керек. Кыйкырып жаткан ошол кишиби дейм да. Эгер анын ачуусу катуу келген болсо, сени көрүп кубана койбос, айтканыңа караганда ал сенин үстүңдон калың алып койсо, анан башкармага уят болуп жатканына да күйүнүп жатса керек.

– Алар мени "тирүү бекен?"деп ойлонушпайбы?

– Антип деле ойлоп жатышат болуш керек. Азырынча сенин ошол үйдөн чыгып кеткениң, булар үчүн чоң трагедия болуп жатат да. Сени "өлүүбү, же тирүүбү? "Эмне болду?" деп, эч ким ойлой элек. Менимче азыр атаң бар күчүн апаңдан чыгарып жатат. "Сенин тарбиясыз кызың, сен чоңойткон кыз, сен күнөөлүүсүң" деп, апаңды айыптап жатат. Эртеңден тартып, "кызым тирүүбү?" деген ой келе баштайт. Эгер ушундай ызычуунун үстүнө кирип барсаң, дароо машинага салып, кайра башкарманын үйүнө алып барып ташташат. Анан алардан кутулуп көр. Сенин баркыңды билишсин, сагынышсын. Сенин же өлүү, же тирүү экениңди билбей, сарсанаа болушсун, ошондо гана келгениң оң. Ошондуктан жана айткан баланын үйүнө барганың оңбу дейм да?

– Анын үйүнон таап алышса, анан ал баланы дагы уруп салышат да. Ансыз да ал азыр өлүү менен тирүүнүн ортосунда жатат.

– Анан кайда барасың? Кйра артка алып кетейинби, анда?

– Жок, артка болбойт. Ушул жерде эле калганым оң. Жүрүңүз анда, ошол баланын үйүно барабыз. Апасы жакшы аял. Ал мени бир жерге бекитe турар.

– Анын үйү кайда?

– Айылдын баш жагында.

– Анда ушул жол менен барабызбы?

– Ооба.

– Силердин үйүңөрдүн жанынан кантип отобүз?

– Токтотпой, катуу айдап өтүп кетсекчи?

– Ошентебиз го.

– Жүр, анда машинага олтур-деген киши, кыздын алдына түштү. Айткандай эле көчөдөн катуу ылдамдык менен өтүп баратышты. Аларды эч ким токтоткон жок. Аскардын үйүнө жакындаганда:

– Тээтиги четтеги үйгө барабыз. Сиз берегирээктен эле токтото бериңиз. Анын үйүнүн алдына барсак, дагы бирөөлор көрүп, же шекшип калбасын. Мен өзүм кирип кетемин-деди, кыз.

– Мен үйгө киргизип коёмун. Ушунча алып келип, анан талаага таштап кетмек белем? Баланын апасына табыштап кетем да-деп, киши кыздын айтканына ынабаган түр менен сүйлөдү.

– Макул анда, машинаны ушул жерге токтотуп, өзүбүз караңгы жер менен басалы-деди, кыз токтолуп калган адамдай, үнүн ишеничтүү чыгарып. Кыздын айтканын туура көргөн айдоочу, машинаны жолдун четине токтотту да, дароо жарыгын өчүрүп, кабинанын эшигин акырын ачып, экөө жерге түшүштү. Айылдын четиндеги үйлөрдүн бардыгынын жарыгы өчүрүлгөн. Эл кызуу уйкуда сыягы. Бирок, Аскардын үйүнүн бир бөлмөсүнүн жарыгы күйүп турат.

– Аскар уктабай жатат окшойт, жарыгы күйүп турат да-деди, кыз акырын гана.

– Жарык жакка барбайлы, каалгасын акырын тыкылдатып көрөйүн. Сен ушул жерде туруп тур. Балким булардын да үйүн аңдып жаткандар бардыр?-деген айдоочу, кызды караңгы жерге калтырып, өзү үй тарапка басты. Үйдүн эшигинин алдына келип, өзү караңгы жерге туруп, акырын каалганы такылдатты. Үй тараптан кыйлага чейин добуш чыкпады. Бир кезде гана аялдын:

– Ким бул?-деген үнү угулду.

– Эшигиңизди ачсаңыз?-деди киши.

– Ким өзү?-деп, аял дагы сурады.

– Эшигиңизди ачсаңыз, анан айтам-деди, киши акырын.

– Эмне дейсиң?-деп, аял катуурак үн салды.

– Эшигиңизди ачсаңыз, бул мен эле, бейтааныш адаммын.

– Ой, бейтааныш болсоң, түн жарымында эмне кылып жүрөсүң?

– Эшикти ачсаңыз айтам.

– Кой, сен бейтааныш болсоң, эмнеге ачмак элем-деп, аял ачуулу сүйлөдү.

– Анда азыр... -деп коюп, киши кыздын жанына ылдам басып келди да:

– Өзүң эле барат окшойсуң, мага ачпайт окшойт-деди. Кыз да муну туура көрдү да:

– Асылкан эже, бул мен Азимгүлмүн, эшигиңизди ачсаңыз?-деди, акырын каалганын ачкыч салынып турган жерине оозун такап.

– Ким дейсиң?-деди, ичкериден аял.

– Мен, Азимгүл, Аскардын классташы.

– Азимгүл, түн жарымында эмне кылып жүрөсүң?-деди аял, ошол эле калыбынан жазбай.

– Эшигиңизди ачсаңыз, баарын айтып берем-деди, кыз.

– Аял, кыздын аянычтуу чыккан үнүнөн улам, каалгага жакын келди да, ачкычтарын шагыратып, эшикти ачты. Бет алдында турган кызды тааныды да, чоочуп алды:

– Ай, ботом, сен неге түн катып, кайдан жүрөсүң?-деп, кызга жалооруй тиктеди.

– Азыр айтып берем, ичкери киреличи-деп, тыбырчылап кетти кыз.

– Кир, кире гой-деген аял, кыздын артынан келген эркек кишини көрүп, дагы чоочуп алды.

– Сиз ким болосуз?-деди ага.

– Мен ушул кызды алып келдим. Сизге табыштап, анан артка кайтам. Кыз баарын айтып берет-деп, ичкери кирбестен:

– Мен барайын анда кызым, эми бул жагы жакшы болсун, бекем бол-деп, киши артына бурулду да, караңгыга сүңгүп кетти.

– Эмне болду кызым? Кайдан келе жатасың деги?-деп, аял дароо эле кызды суракка алып кирди.

– Азыр айтып берем. Аскар кандай, жакшы болуп калдыбы?-деди кыз.

– Жакшы, эсине келип, көзүн ачып калды. Бир аз суюк тамак ичип да жатат-деди, аял ичкери тарапты карап, сүйүнүчтүү түрдө.

– Жакшы экен. Жакшы болуп калганы жакшы да. Ооруканага алып барбадыңыз да?-деп койду.

– "Барбайм" деп, кашайып туруп алды да. Кудага шүгүр, жакшы болуп калат го-деген аял, кызды ичкерки бөлмөгө киргизди.

– Жарыкты күйгүзбөй эле коёсузбу? Мен ушул жерде эле жатып алайын, анан баарын айтып берем-деп, кыз эми гана катуу чарчаганын сезип, өз үйүнө келгендей, шалдырай түштү.

– Аскарды көрсөм болобу?-деп, аялдын кулагына шыбырады.

– Ал уктап жатат... жаңы эле терин аарчып, кымтылап жаапа койдум эле. Кара терге түшүп эле тердеп жатат. Улам кийимин алмаштырып жатам.

– Ким урганы билиндиби, айттыбы?-деди, кыз дагы үнүн акырын чыгарып.

– Жок. Табылган жок. Эч нерсе да айта элек.

– Бир аз болсо да сүйлөдүбү?

– Көп деле сүйлөгөн жок. Бир-эки жолу сени сурады окшойт.

– Эмне деп сурады?

– Азимгүл келдиби?-деди. Анан бир жолу Азимгүл шаарга кеттиби?-деди.

– Ии-деп, кыз муңкана кетти.

– Эшиктин кычыгынан эле бир көрүп койсом болобу?-деп, аялга карады.

– Мейли, көрсөң көр, бирок, ойготуп алба, абайла. Бир ойгонсо, оңойлук менен уктай албай, кыйналып жатат.-деп, аял, баласы жаткан тарапты карап койду. Кыз бутунун учу менен акырын басып барып, каалганы ачып, ал жакка тигилип турду. Бирок, бөлмө ичи караңгы эле. Аскардын жүзүн көрө албады. Жарыкты күйгүзгөндөн чоочуду. Кыйлага чейин карап тура берди. Жанына барып, аны ойготоюн, аны менен сүйлөшөйүн, ушул болгон окуянын баарын ага төкпөй-чачпай айтып берейин деген ниетте болду. Бирок, кыздык намысы ага жол бербеди. Эгерде алар буга чейин апасынын алдында ачык эле барын жашырбай айтып келишкен болсо, анда эч нерсеге карбай туруп, Аскардын үстүнө жыгылмак. Адегенде, анын абалын сурап, анан

өзүнүн башынан өткөндөрдү ийне-жибине чейин, эч нерсесин калтырбай айтып бермек. Ошондо бар бугу чыгып, жеңилдеп калмак. Кыз анте албады. Аскардын апасынан да тартынып турду. Апасы алардын ысык мамилеси тууралуу жетиштүү деле билбейт да. Өткөндө келгенде башын гана чыгарып, бирок, сөзүнүн аягына чыга албай калган. Аялдын ою жалаң баласында болгондуктан, Азимгүлдүн сөзүнө маани деле берген эмес. Ошондуктан кыздын мында келгенине бир алдын таң калып, бир алдын түнката бөтөн кишинин коштоосунда келгенине ачуусу да келип турган. Аны билгизбегенге аракет жасап, кызга жасалма сүйлөп жатты. Эгерде кыз азыр кыска аралыкта эле эмнелер болуп өткөнүн бул аялга айткан болсо, балким кызды аямак, же ачуусу келмек. "Барган жеринде олтура бербейт белең... ата-энеңе сөз тийгизбей, "таш түшкөн жеринде оор" болуп, кала бербейт белең... туура эмес кылыптырсың... эми менин балама залакаң тийбесе экен... ?" деши да күмөн эмес эле. Кыз ушуларды ойлоп,азырынча эч нерсе айтпай эле турууну ойлоду да:

– Мейли анда, эртең менен көрөм да... азыр жата берели-деп, каалганы акырын жаап, аялга карады.

– Ошенте гой, азыр мен төшөк салып берейин-деп, аял, ага орундук даярдай баштады.

– Көп деле убара болбоңуз. Ушул жерге эле жатып алам-деп, кыз өзүн ыңгайсыз сезе сүйлөдү.

– Азыр, азыр-деп, заматта кызга орун даярдап жиберди. Шалдыраган кыз, ал орундукка бой таштады да, дароо уйкуга кетти. Ал эч нерсени ойлогон жок. "Артымдан бирөө келип, кармап алат" деген коркунуч да болгон жок. Өз үйүндө, апасынын кучагында тургандай эркин сезип, кызуу уйкуга кирди. Аял болсо бул кыздын түн ката табышмактуу келгенине шектенгендей, улам сырт жакка кулак түрө, жакшы деле уктай алган жок. Анын үстүнө баласы ооруп, тигинтип төшөктөн тура албай жатып калгандан бери, анын жанынан кетпей, түнү болсо уйкусу качып, өзүнө жакшы келе албай жүргөн кези. "Ыймандуу кыз экен, жакшы эле келин

болчуудай. Канаке, балам ушундай эле кызды жетелеп келсе, аппак жоолугумду башына салып, ак жолтой келин кылып албайт белем? Бул кыздын минтип келишинде бир мандем бар. Сурап көрбөй... Бул кызга эмне болду экен? Бирөө жарым ала качпады бекен? Толуп-ташып, бышып турган немеге ашык болгондор көп болсо керек. Бирөө жарымы иле качып кетип, анан анын үйүнөн качып кеттти бекен? Биздин айылдан болсо угулат эле. Биздин айылдан эмес го ушу. Өткөндө "Аскар экообүз сүйлөшөбүз" дегендей кылды эле. Сүйлөшкөнү кандай, менин эч башым жетпеди. Эмне, экөө турмуш курабыз дешкениби? Бирок, бул кыз баргер жердин кызы экен. Менин баламды тоготуп деле коюшпаса керек? Атасы керкегейирээк неме эле, бизди балакетине тоготобу? Балам аман эсен өзүнө келип алсынчы, анан андан аркысын көрө жатаарбыз. "Окуймун" дейт, окуусуна эле жиберейин. Эл көрсүн, жер көрсүн, эл таанысын. Атасындай болуп кой багып калбасын, кызматкер болуп, папке көтөргөндөрдүн бири болсо эле болду... Кой, ансыз да чарчап турган түрү бар. Эртең менен эле сурайын..." деген сыяктуу ар ойго баш оорутуп чыкты.

Аял тим жеринен шектенбептир да жөн жеринен шек санабаптыр, таң агарып калган кезде аялдын үйүнө бир топ адамдар келишти да, каалгасын катуу каккылашты. Эми эле уйкуга кирген аял, чоочуп ойгонуп:

– Ким бул?-деп ичкериден үн салды.

– Биз эле, эшигиңизди ачыңыз?-дешти алар.

– Эмнеге?-деди аял.

– Ачыңыз, чоочулабаңыз, биз эле, ушул айылдан эле-дешти алар. Аял ордунан турду да, эшигин ачты.

– Түндө машина келиптир сиздикине, ким ал?-дешти алар.

– Ким айтты?-деди аял.

– Көргөндөр бар экен

– Ким көрүптүр?

– Эми аны такып не кыласыз, ким келди эле?-дешти алар.

– Эч кандай машина келген жок-деди аял, кыздын түн катып келгенинде бир мандем бар экенине эми чындап көзү жетти. Бирок, чыканактай кызды айтса, дагы бирдеме болуп кетпесин деген чоочулоо менен:

– Эч кандай машина келген жок, ким айтса да бекерлерди айтыптыр-деди, чечкиндүү түрдө.

– Бизге ким келмек эле, мен бир жесир катын болсом, балам болсо тигинтип, азыр жарым жан болуп жатса, биздин абалды ким сурайт?-деп, тигилерге атырыла сүйлөдү.

– Эже, чынын эле айта бериңиз да, биз сизди эч нерсе кылбайбыз?-деди, келгендердин бири.

– Мен силерге эмне калп айтып жатамбы, эч ким келген жок, мен эч кандай машинаны көргөн жокмун-деди.

– Эгер билинип калса эмне болот?-деди, дагы бири аялга кекээрлүү карап.

– Эмне билинип калса, табышмактатпай түз сүйлөгүлө...

– Биз адам издеп жүрөбүз.

– Кандай адам?

– Кыз

– Кыз?

– Ооба, ушул эле айылдын кызы.

– Эмне кыз менин үйүмө машина айдап кирмек беле?-деп, аял мыскылдуу карады.

– Эже, антип бизди шакаба чекпей, андан көрө үйүңүздү карап чыгалы, чын эле эч ким жок болсо, анда бизди кечирип коёсуз. Бизге ошондой тапшырма болду. Үйүңүзгө кыз бала кирип кетиптир. Азыр уктап жатса керек-деп, маселенин ток этер жерин сүйлөп, тургандардын бири алдыга кадам таштады.

– Үйгө киргизбейм силерди, эмнеге киресиңер? Үйдө балам ооруп жатат. Шумпайлардын таягын жеген уулум, өзүн билбей жатат-деп, аял безилдеп жиберди.

– Уулуңузга эч ким тийбейт, андан чоочулабай эле коюңуз, жөн гана үйдүн ичин бир сыйра карап чыгалыдешти алар.

– Жок, кирбейсиңер, менин уулум оорулуу-деп, аялдын безилдегенине карабай, тигилер, аны четке түртүп коюшту да, ичкери кирип кетишти. Бул кезде кыз оозгу болмодо катуу уйкуда болчу. Аны көрүп эле, келгендердин бири, алаканын чапкылап жиберди:

– Мына, эч бир жаңылбаппыз. Мына издегенибиз бул жерде экен, кечээ эле шектенгемин. Ушул үйдө болуусу мүмкүн?-десе, баарыңар, ал жакка кантип барсын?-дейсиңер. Мына, айтканым туура чыктыбы?-деп, ал сүйүнүп алыптыр. Келгендер кызды түрткүлөп ойготушту да:

– Тур, келдиң үйүңө, аябай жашынган экенсиң, кыйла амалдуу экенсиң?-деди, алардын бири. Кыз эки күндөн бери уктабаганга, дагы деле уйкусу ачылбай, маңдайында тургандарды элдир-селдир көрүп жатты.

– Тур, кеттик, тур эми, ойгон-дешти, алар кекээрлүү. "Түшүмбү, же өңүмбү"-деп, уйку соонун ортосунда, дагы деле өзүнө келе албаган кыз, аларды бир сыйра карады да:

– Силер кимсиңер?-деди.

– Бизби, биз сени издеп жүргөндөрбүз. Катуу убайга салдың го, сен бизди-деди бири.

– Силер эмнеге келдиңер?-деди кыз, аларга ачуулу карап.

– Эмнеге келдиңер дейби? Сени издеп, азыр сени бүт эл издеп жатат. Сен кыз кыйын экенсиң, амалдуу экенсиң, ошончо жерден кантип качып келдиң ыя?-дешти алар. Эми гана иштин чоо жайына түшүнө баштаган аял, ортого түштү.

– Бул кыз эмне кылды силерге?-деп, кыздын алдына тура калды.

– Сиз билбейсизби?-дешти алар.

– Жок, мен эч нерсе билбейм, ачыгын айтсам, бул кыз таңга жуук келди мында. Мага эч нерсе айткан жок. Мен эч нерсе билбейм-деди аял, кызга аянычтуу карап.

– Эмне үчүн сиздин үйгө келди, ошого жооп бериңизчи?-деди, тургандардын ичинен жашыраагы.

– Анысын билбейм, бул кыздын эмне болгонун да билбейм. Мага түшүндүрүп айткылачы?-деп, аял, кызга кантип жардам берээрин билбей турду.

– Эже, мени буларга бербеңиз, мени алып калыңыз, буларга кайра барбайм, мени сактап калыңыз?-деп, жалдырап жиберди кыз.

– Кандай барбайт экенсиң, ушундай гана барат экенсиң да, сен эмне бизди оюн көрүп жатасыңбы? Эгер билсең, сенин артыңдан канча адам убара болуп жүрөт? Канча адам сенин айыңдан таяк жеди, канчасы тил укту, канчасы азыр тоголонуп жатат? Сен бүтүндөй ушул өрөөндү дүрбөттүң го?! Кантип сени таштап кетебиз? Биз керек болсо түнү менен коён болуп, жер житип кеттиби?"-деп, ушул жердеги ар бир карагандын түбүн аңтарып чыктык. "Балык болуп сүзүп кеттиби?"- деп, дарыяларды кечтик. "Асманга чыгып кеттиби?"- деп, куш болуп учтук. Сен болсо мында, эч нерсе болбогондой гана уктап жатасың.

– Эже, сиз эгер азыр ушул ишке аралаша турган болсоңуз, биз сизди алып барып каматып салабыз. Ошондуктан унчукпай гана, эч нерсени билбеген, көрбөгөн болуп, тынч гана олтура бериңиз-дешип, аялды четке түртүшүп, кызды колдон алып, өйдө тургузушту да, сыртка жетелеп жөнөштү. Кыз колун тартып алууга аракет жасап, бар күчү менен жулунуп жатты.

– Мен эч жакка барбаймын, барбайм ал жакка, эже, мени алып калыңыз, мен ал жакка барбаймын. Эже, Аскарга айтып коюңуз, мени куткарып алсын, булар жаман адамдар, мен ал жакка барбайм-деп, жер тепкилеп ыйлап жатты. Кыздын бул абалына аялдык жүрөгү ооруган Асылкан эне:

– Айланайындар, кызды каякка алып барасыңар? "Барбайм" деп жатат го?-деп, өзүнчө бытырай баштады.

– Сиз киришпеңиз, каякка барарын жакшы билет бул. Ушунча адамды ойнотуп, эмнеге атасынын үйүнө келбей, сиздикине келет? Эгер жамандыгына алсак, сизди да, балаңызды да каматып, түрмөдө чиритебиз,

аралашпаңыз сиз-деп, олбурлуусу аялды катуу түртүп салды. Аял темтеңдеп барып, туруп кетти. Ичкерки бөлмөдө жаткан Аскар бул ызы-чууну угуп, бар күчүн жумшап, ордунан турду да, бөлмөнүн каалгасын ачып, босогого келди. Аны көргөн эне, алдына жүгүрүп барып:

– Кагылайын, ордуңдан неге турдуң? Сага турганга болбойт да, сенин азыр алың жок да... –деп, безилдеп жиберди.

– Бул жерде эмне болуп жатат?-деп, Аскар акырын сурады.

– Эч нерсе, эч нерсе деле болгон жок-деп, аял эмне деп жооп айтаарын билбей, алдастап жатты. Кызды болсо эки олбурлуу жигит көтөргөн бойдон сыртка алып чыгып кетишти.

– Апа, бул жерде эмне болду?-деп, дагы сурады Аскар.

– Эч нерсе-деди эне.

– Жок, чынын айтсаңыз. Чыңырып бара жаткан Азимгүл эмеспи?-деп, апасына тик карады. Эми калп айта албаган аял:

– Ооба-деди.

– Эмне болду, эмнеге аны чыңыртып алып кетишти?-деди, кайра суроо салып.

– Ачыгын мен да билбейм, каралдым. Ал кыз таңга жуук келген, уктап жаткан. Анан булар келип эле күчкө салып алып кетишти го?-көздөрү жашылданган аял, эмне кыларын билбей, баласына жалооруй карады.

– Алар кимдер?

– Мен билбейм.

– Чоочун адамдарбы?

– Ошондой го

– Анда Азимгүлдү эмнеге алып кетишти, мен артынан барам-деп, Аскар каалгадан бери аттады эле, оңкосунан кетти.

– Айланайын балам, абалыңды карачы, кантип барасың. Сен али күчкө кире элексиң да. Кантип барасың?-

деп, эне уулунун жанында безилдеп ийди. Башын көтөрүп, дене боюн кармалап, алдастап жатты.

– Каралдым аа, деги эмне болуп жатат? Булар кимдер деги, кызды да азапка салышабы,аа?-деген, Асылкан эне, уулуң ордунан тургузууга аракет жасады. Бирок, баласын тургуза албады. Негедир денеси оорлошуп кеткенби, таптакыр ордунан жылдыра албай койду. Аскар болсо эстен тана жыгылып, кыйлага чейин көзүн ачпаган абалда жатты. Ошол ордунда анын оозуна суу тамчылатып, баштарына муздак чүпүрөк басып, бар күчү менен баласын эсине келтирүүгө аракетин жасады. Жанында эч ким жок, кошуналарга бара албады.

– Кандай азапка салды деги, кандай күнгө туш кылды деги?-деп, коёт ара-чолодо. Бышактап ыйлап да жатат, уулуна жалынып-жалбарып да жатат. Кызды болсо келген топ машинага салышты да, алып кетишти.

* * *

Алар кызды атасынын үйүнө алып келишти. Үйдүн дарбазасынын алдына машинаны токтотушту да, бирөөсү сыртка чыгып, дарбазаны каккылады:

– Ачкыла, кыз табылды-деди, ал катуу үн чыгарып. Ичериде аларды эле күтүп турушканбы, дарбаза дароо ачылды. Алгачкылардан болуп кыздын апасы жүгүрүп чыкты:

– Канаке, кана кызым?-деп, дарбаза түбүндө турган машинага келди.

– Машинанын ичинде-деп койду, бири.

– Канаке, кайдан таптыңар?-деди, алдастаган эне.

– Кайдан болмок эле, баягы жигиттин үйүнөн да-деп, койду, дагы бири.

– Ал жакка кантип барып калыптыр?-машинанын жанына келген эне, ушуларды сурап, кызын көрүүгө ашыкты. Кыз болсо эки лөкүйгөн жигиттин ортосунда, алардан бошоно албай, кабинада тыбырчылап жатты.

– Апа, апаке, мени куткарып ал-дейт ал. Тигилер болсо ого бетер аны нукушуп, коё бербей жатышты. Кыздын безилдегени, кыйкырганы, ыйлаганы апасына угулган жок. Ал болсо машинанын кабинасын ачууга аракет кылды эле, ача албады. Ал арада кыздын атасы, анын артынан бир топ адамдар жүгүрүп чыгышты.

– Канаке кызым-дейт атасы.

– Машинада

– Кайда экен, кайдан таптыңар?-деп, ал дагы аялынын суроосун кайталайт.

– Тиги жигиттин үйүнөн, ошол жерде экен-деп, кытмыр гана бирөөсү кыздын атасын карап койду.

– Кантип?- атасы чоочуп алды.

– Ошентип эле, кечээ эле айткан элек, "ошол үйдө болуп жүрбөсүн" деп. Муну жасаган да ошол жигит болуш керек. Же болбосо, ошончо бийик терезеден кантип түшүп кетти дейсиңер. Ушул жигит барган да, анан экөө качып келип, үйүнө корголошту да-деп, жалганды чындай сүйлөп койду бириси.

– Андай болушу мүмкүн эмес, силер чын эле ошол жерден таптыңарбы?-кыздын атасы ачуулана .

– Биз эмне калп айтып, жаныбыздан тоюптурбузбу? Ошол жерде эле экен.

– Эмне кылып жүрүптүр?

– Уктап атыптыр.

– Ким менен?

– Өзү эле

– Бала кайда экен?

– Анысы көрүнгөн жок

– Мен ал балага көрсөтөм, шашпасын, ал баланы жок кылып жаным тынбаса элеби? Кыз канаке?

– Машинада.

– Түшүргүлө, - деди, кыздын атасы аларга буюра сүйлөп.

– Түз эле алып кете берели, эми сиздин үйдөн чыкты да. Ырымы болот да, сиздин үйгө кирбей эле койсун-деп, машинага сүйөнүп турганы бирдемеден шектенгендей, безилдеп жиберди.

– Үйгө кирбейт, ушул жерден эле көрүп алайын-деди атасы. Кыздын апасы да үнүн чыгарбай бөкүлдөп ыйлап жаткан ыйын токтотуп, күйөөсүнө жалдырай карап, "туура, ушул жерден эле жолугуп алалы" дегендей, башын ийкегилеп жиберди.

– Биз да тезирээк барышыбыз керек. Тиги жакта күтүп жатышат. Оо, силер ал жактагыларды билбейсиңер, эмнелер гана болуп жатат. Ушу кезге чейин канча адамдын тагдыры да чечилип калгандыр-деди, тиги киши.

– Барасыңар, башкысы таптыңар го. Эми качырбас чыгаарсыңар? Бек болгула да, колуңарга салып берген "коёнду" качырып жибересиңер. Анан келип, башканы күнөөлөйсүңөр-деген кыздын атасы, машинанын жанына келип, кабинаны ачты. Ичине баш багып, эки жигиттин ортосунда бөжүрөп турган кызын көрүп, боору ачып кеттиби, жигиттерге кыйкырды:

– Эмне, силерге бул малбы? Эмне мынча бүктөп алгансыңар? Кана бошоткула! Эгер кааласам азыр кызымды алып каламын. Баарыңарды сотко беремин-деп, өктөм сүйлөп кирди. Эртеден бери эки жигиттин кыйноосу жанына батып, анан атасынан коркуп турган кыз, мындай сөздү угуп, эреркип кеттиби, катуу үнүн чыгарып ыйлап кирди:

– Ата, атаке, мени куткарып калыңыз. Мен аларга барбайм, атаке, жалгыз кызыңызды аяңыз. Алар жаман адамдар экен, мени алып калыңыз?-деп, жиберди. Кызынын ыйына туруштук бере албаган апасы дароо анын колунан тартып, сыртка чыгарды да, кызын кучактап алып, ыйлап жатты. Эне-бала кыйлага чейин ыйлашты. Аларды тим коюшту.

– Ананайын кызым ай, деги эмне болуп кетти? Кандай күн башыңа түштү?-дейт эне.

– Апаке, мени алып калыңыз, мен кайра барбайм, алар мени кордошот-дейт кыз.

– Менин колуман эмне келет, мен кантип сени алып калам?-дейт апасы.

– Алып калыңыз, мени сактап калыңыз, ал жактан мен тирүү келбейм-дейт кыз.

– Антпе каралдым, балким жакшы болот. Менин колуман эч нерсе келбейт, билесиң го!?-деп, эне кызына кошулуп ыйлайт. Экөөнүн минтип эзилишип жатканын карап туруп, чыдабай кеттиби, атасы кыздын колунан тартып, кучагына кысты.

– Атаке, мени алып калыңыз-деди кыз, эми атасына жалына.

– Кой, кызым, алар жаман адамдар эмес. Эшигин аттап, кирип калдың. Элде салт деген бар. Босогону аттабаш керек эле, аттап койгондон кийин,кайра чыкпаш керек. Сен качып кетип, туура эмес иш кылдың. Эми элге башка сөз кетет. Башкарма уят болду, мен уят болдум.

– Мен кирбейт болчуумун. Күчкө салып киргизишти. Эмнеге сиз артымдан барбадыңыз? Эмнеге сиз аларга кошуп салдыңыз? Өзүңүз “алып барам” дедиңиз эле го?-деп, кыз шолоктоп ыйлап жатты.

– Мени райондон чоңдор келип, кармап калышпадыбы. Көрсө алар мени алдашыптыр да.

– Эмнеге сиз алар менен куда болдуңуз, алар жаман адамдар экен, атаке, мени куткарып калыңыз?-деп, кыз дагы деле өпкөсүн баспай, ыйлап жатты.

– Кой, кызым, биз сени алып кала албайбыз, сен биздин үйдөн чыккан болдуң. Эл кеп кылбайбы?-деп, калптан эле кызынын башынан сылагылап, аны соороткон болуп жатты атасы.

– Кеп кыла берсин, элдин кеби эмне экен? Мен жашмын го. Турмушка даяр эмесмин да, алып калыңыз ата?-деп, кыз жалдырай баштады.

– Антип айтпа, кызым, элдин кеби жаман болот. Элдин назарынан калсаң, жакшы болбойт. Ансыз да эл түрдүү кептерди чыгарышыптыр.

– Чыгара беришет да, элдин кебине кулак салбай эле коёлучу, мени алып калыңызчы ата?-деп, кыз эми жалынып жиберди.

– Болбойт дейм, мен башы көрүнгө адам болсом, анан элдин ушагынан башым чыкпаса, деги эл аралап жүрүшүм керекпи?-деп, атасы ачуулана кетти.

– Эл ушак кылып, акыры басылат да. Кызыңыз бактысыз болуп калса эмне кыласыз, атаке, мен ал жерден эч качан бактылуу боло албайм. Менин көзүм жетти, мени алып калыңыз, кайра булар менен кошуп бербеңиз. Эгер кошуп берсеңиз,анда кызыңыздан айрылып каласыз. Ушулардан куткарсаңыз, айтканыңыздын бардыгын аткарайын, эмне десеңиз жасайын. Окубай эле коёюн, үйдө эле олтурайын. Ушулардан куткарыңызчы?-деп, атасынын тизесин кучактай калды.

– Антпе кызым, болду, жетишет, барасың, алар сен ойлогондой эмес, жакшы адамдар-деп, кызын катуу силкти да, тигиндей турган жигиттерге:

– Давай, алып жөнөгүлө, эми качырбагыла-деди. Атасынан эч кандай жардам болбосун түшүндүбү, кыз, атасынын колунан суурулуп чыгып:

– Ошондойбу, кызыңызды аябайт экенсиз да... сизде кыз коп экен да... сизге бийлик, байлык керек экен да?.. Мени аябайт экенсиз да? Мен силерге ашыкча болуп калыптырмын да? Кантип ушундай иш жасап жатасыз ата? Мени болбогон акчага сатып, анан менин бактымды кыйып жатасызбы? Мен жашмын го?... -кыз, эми чечкиндүү сүйлөп, атасына тик карады.

– Ай. Кыз болду эми, жетишет, эртеден бери тим койсо, ойду-тоону сүйлөп. Биз сенин бактыңды ойлоп жатабыз- деп, атасы анын жанына келип, колунан кармаганга аракет жасады.

– Анда кош болуңуз, баарыңар кошкула, эми мени эч качан кармай албайсыңар, мен силерге тирүү карматпаймын... -деди да, бар күчү менен жүгүрүп жөнөдү. Мындайды күтпөгөндөр, далдайып эле туруп калышты.

– Эй, эсиңер ооп, эмне турасыңар, жүгүргүлө артынан-деди, бир топтон кийин кыздын атасы. Бул кезде кыз кыйла узап кеткен. Ал бар күчү менен дарыя тарапка жүгүрүп баратты. Дарыя булардын үйүнө жакын

болуучу. Бул кезде дарыянын суусу кыйла тартылып турганы менен кээ бир кууш жеринде буракандап, таштан-ташка урунуп, анча-мынча адамды агызып кетүү коркунучу бар болчу. Ушул жерде туулуп, ушул дарыяны жээктеп ойноп чоңойгон кыз, дарыянын коён жатагына чейин билет. Кайсы жеринде жайылып агат, кайсыл жери кууш, кайсы болүгү коркунучтуу-баарын билет. Ал түз эле буракандап агып жаткан тарабына жүгүрдү. Кыз эми эч нерсени ойлогон жок. Жаман адамдарга кор болгончо, ушул дарыядан бой таштап, биротоло азаптан кутулуу гана оюнда турду. Бар күчү менен жүгүрүп баратты. Ал мектепте жакшы чуркап, жоо күлүк аталгандардын бири болуучу. 7-8 –класында районго барып, жүгүрүү боюнча биринчиликти алган жайы бар эле. Областка барат дегенде, атасы жибербей койгон. Ошол күлүктүгүно салып, ичинең дем чыгарбай жүгүрдү. Артынан кууп келе жаткандар, анын караанын да таппай калышты. Дарыянын кууш жери жарлуу болуучу. Ошол жар башына келди да, артына бурулду. Негедир эч ким көрүнбөйт. Кыйлага демин басып турду. Анан тээ ыраак жерден жүгүрүп келе жаткан торт беш караанды көрдү да, аларга кол булгалап, өзүнө чакырды:

– Эй, адамдан чыккан айбандар, мен силерге тирүү барбайм, тирүү колуңарга түшүп да бербейм. Силер менин бар үмүтүмдү талкаладыңар. Бардыгыңар, айбансыңар. Менин көп максаттарым бар болуучу. Анын бардыгын талкаладыңар. Мени ушул азапка салгандардын бардыгы тозокто күйсүн. Кана, менин жаныма келгилечи? Эми мен силерге эч качан карматпаймын... -деп үнүнү барынча кыйкырып жатты. Далдактап, ооздорунан ак көбүгү чыга энтиккен немелер кыздын бул сөздөрүн угушкан деле жок. Алардын бар максаты кызга жетүү, аны колдон алып жетелеп, кайра артка алып келүү. Ал топтон кыйла алдда бра жаткан жаш жигит кызга беш алты кадам калганда:

– Кош апа, мени кечириңиз, акылсыз кызыңызды кечириңиз, сизде айып жок. Кызыңыз эми жок, акыретте

көрүшобүз -деди да, жардан боюн таштады. Кантсе да жан ширин белем, кыйла бийик жардан кулап баратып, кыз "апа-а, аа-й" деп, ачуу кыйкырып алды. Анын үнү бууракандап аккан дарыянын добушуна сицип кеткени менен, берки өйүздөгүлөрдүн айрымдары кыздын жардан боюн таштаганын жазбай билишти. Себеби, бул кезде бир топтору чөп чаап, чомоло кылып жатышкан. Адатта таңкы салкында ишти арбытып алганга аракет жасашат эмеспи."Бул жөн кыз эмес, бирдеме болду, кимдин кызы болду экен?"-дегендер, заматтагы көрүнүшкө сестейип турушту. Кыздын артынан келгендер, анын жарга бой таштаганын аңдабай билишти да, эстери оой, турган жерлеринде катышты да, калышты. Жардан ылдый караштı эле, кыйла бийик экен, суу болсо, бууракандап агып жатат. Андан оңойлук менен кутулууга болбойт. Кыз деле аман калбаса керек. Антсе да, кур үмүт менен жар бойлоп жүгүрүп жөнөштү. Жардагы улам ылдыйлап олтуруп, машина жол уланып кетет экен. Алар кыйлага суу бойлоп жүгүрүп барышты. Түз аккан суу, капыстан эле кыйгач бурулуп, сыйда таштар менен жол тосулуп калат экен. Тигилер ошол жерге чейин келишти да, андан ары барууга мүмкүн эместигин билишип, шалдайып отуруп калышты...

***

Ушунун баарына Аскарды күнөөлөгөн кыздын атасы милиция чакырды да, төшөктө өзүнө келе албай жаткан жигитти алардын колуна салып берди. Кан какшап, ботодой боздоп, апасы кала берди. Анын үнүн эч ким уккан жок. Анын ыйына эч ким кулак салган жок.

– Айланайындар, менин баламда не айып? Ал үч күндөн бери ордунан тура албай, төшөкто жатат го? Анан кантип, ал кыз алып качсын? Калыстык кылгыла?-деп, келген милицияларга жалдырайт.

– Арамзаланып жатып алды да, айтып жатышпайбы? Кыз кайдан жүрүп, сиздин үйүңүздөн кармалып жатат?-дешет алар.

– Мен эч нерсе билбейм, кантип келип калды, анысы мага табышмак, бирок, балам төшөктөн тура элек болуучу-деп, безилдейт эне.

– Бизге аны кайра-кайра айта бербеңиз, бизге балаңыздын ооруганы эмес, кыздын сиздин үйдөн чыкканы табышмак болуп жатат. Кыздын атасы арызданып жатат, факты далилденген, кыз тим жеринен суугa агып кетпейт. Бул жерде бир сырдуу иш бар. Ошону аныктап туруп, балаңызды кайра жиберебиз- дейт, келген милиция балдардын башчысы.

– Айланайындар, балам жакшы боло элек, анын абалы жакшы эмес. Бул боюнча алып барып камап салсаңар, балам майып болуп калат. Үйдө эле калтырып сурагылачы?-деп , жалдырайт Асылкан эне.

– Дароо эле камабайбыз, ал жакта деле адамдар бар, карашат, сурашат, анан балаңыз болгон чындыкты айтып берсе, жасаган кылмышын мойнуна алса, анан иш ошол жагдайга карай чечилет-дешип, эненин жүрөгүн сестентип да коюшту.

– Кайсы чындыкты мойнуна алат, балам эч нерсе кылган жок. Анын бул ишке эч тиешеси жок-дейт.

– Тиешеси жок болгон үчүн кыз үйүңөрдөн табылдыбы? Ушунча жерден сиздин үйүңүздөн чыкканы кызык болуп жатат. Аны кай жерлерден издешпептир. Бизге да маалымат келген, биз да өз жолубуз менен издеп жатканбыз. Анан эле чымчык болуп, учуп келип, сиздин үйгө конуп калганы кызык болду-деген, милиционер жигит, энеге какшык узатты.

– Анысын мен да түшүнбөй жатам. Жок дегенде баламды айыккыча жаныма калтыргылачы, силердин да энеңер бардыр?-деп, канчалык безилдесе, жалдыраса да, анын үнүн угушпады. Аскарды машинага салышты да, кайдадыр алып кетишти.

Аны адегенде ооруканага жаткырышты. Дарылашты. Андан кийин кыздын атасынын арызынын неги-

зинде “жашы жете элек кызды зордуктаган, анын негизинде кыз намысына чыдабай, суугa боюн таштаган” деген айып коюлуп, он сегиз жылга соттоп жибериштти. Булардын баяны, айрыкча өз жанын өзү кыйган, өжөр кыз Азимгүл аңызга айланып, айыл ичинде көпкө чейин айтылып жүрдү. Атасы менен апасы эл аралап баса албай калышты. Анткени, болгон окуяны элдин баары билип-көрүп турушту. Айыпсыз баланы айыптап, жесир аялды какшатып коюшканы үчүн, аларды эл каргап жатты. Азимгүлдүн апасы кайгыга чыдабай, катуу ооруп калды. Кыска аралыкта төшөктө жатып эле, бир күнү кызынын артынан, кызын издеп, “оо дүйнө” кете берди.

Кийинки жылы айылдын тескей бетинен көчкү жүрүп, коoптуу абал түзүлдү. Туш тараптан адамдар келишип, айылды башка жакка көчүрүү чечимин чыгарышты. Башкарма болсо кыз үчүн берген калыңын толугу менен кайтарып алганы аз келгенсип, кыздын атасын кызматтан да кетирди. Айыл эли кыска аралыкта эле үй-жайын бузуп, башка жакка көчүп кетишти. Айтымдарга караганда бардыгына тегиз жерден жер участогу берилип, окшош тамдарды салышты. Мурда кийин бышкан кыш менен салынган үйдө жашабагандардын бардыгына бышкан кыш менен жай тургузулду. Ичи да кенен, болмолору чоң.

– Ээ, жашап жүргөн экенбиз да, мынаке жашоо деген. Үйүң жаңы, кенен, көчөң асфальт, суу чыгып турат. Дагы эмне керек?-дешип, ушул жашоого машырлангандар көп болду.

– Ата-бабабыз жердеген жерден бекер кеттик. Ал жерде ата-бабабыздын кабыры бар, мал-жанга ылайыктуу, абасы таза, андай жерге жетпейт да-дегендер да чыкты. Кантсе да, жер көчкү коркунучунан бир узатасынан кеткен чакан айыл, Аскар менен Азимгүл сыяктуу аруу махабаттын курмандыгы болгондордун тагдырын ичине катып, заматта жок болду.

***

Аскар абакта жүрүп да, болуп өткөн окуяны жакшы аңдай албай кыйналды. Эмне себептен аны камашты? Эмне себептен ал айыпкер болуп калды? Ал кимди, качан, кантип зордуктаганын да билбей, дендароо тарта берди. Акыры Азимгүлдүн аты айтылганда, эки-үч ирет эсинен танып, жыгылып да түштү. Азимгүл эмне болду, ал азыр кайда, эмне кылып жүрөт, ал тууралуу да маалыматы жок болуучу. Качан гана анын дарыяга бой таштаганын, дарексиз экендигин, суудан денеси табылбагандыгын билип, эми мындан ары ага да жашоонун керексиздигин сезип, бир нече жолу жашоодон аша кеткиси келди, өз өмүрүнө кол салып да көрдү. Бирок, толук эрки жетпеди. Ага тоскоолдук келтиргендер коп болду. Ал соттук жүрүштө да "мен эч кимди зордуктаган эмесмин, мени катуу сабап кетишип, төшөктө жаткамын" деп, безилдеп жатты. Апасы да болгон окуяны, чындыкты айтып, энелик сүтү менен актанып жатса да, анын айткандарын бир да бирөө эске алып койбоду. Анын айткандары кагазга да түшүрүлбой, ошол эле кылмыш иши ачылгандагы айтылгандар, жазылгандардын чегинде гана маселе чечилди. Аскардын тагдыры абак менен байланышып калды. Ал жерде да ал бир топ убакытка чейин өзүнө келе албады. Анын статьясы өтө оор болуучу. Айтымдарга караганда андай статья менен камалгандар ал жакта кордукту көрөт. Бирок, али өзүнө келе элек, кубакай тартып, түртүп ийсе жыгылчуудай болуп турган жаш жигитке тийиштик кылышпады. Ал жактын да өзүнө гана таандык мыйзамы , кагазга түшүрүлбогон жол-жоболору бар экен. Сырттагы жашоо менен таптакыр төп келишпеген жагдайлар орун алыптыр. Ушул жердин бийи болот экен. Анын айтканы айткан, дегени дегендей болот тура. Жаш жигит ошол адамга болгонун болгондой айтып берди эле, ал түшүндү, жигитке ишенди. Анан жанындагылардын бардыгына эскертти:"бул жигитке бириң да тийиштик кылбайсыңар, бул менин баламдай

жүрсүн,"- деди. Бирок, баары бир арасынан бироо-экөө чыгат экен. Башчынын айткандарын жокко чыгарып, ага жамандык издегендер да болду. Тымызын балага сес көрсөтүшүп, башчы жок жерде, тийиштик кылып койгон жагдайлар да болду. Абак турмушу баланы заматта башкача тарбиялап койду. Мындагы адамдардын боорукер, кайрымдууларына караганда ташбоор, кара мүртөз, мерестери көбүрөөк экен. Баланы өз карамагына алган башчы ага көп акыл-насаатын айтты. "Ийилгенге ийилгин, какайганга какайгын" деди ал. "Бирок, аша чаап кетпе, мындагылардын бардыгы адамдар. Аларды турмуш ташбоор кылды. Аларды тагдыр ары-бери чайкады, мерес кылып койду. Кылмышка да тим жеринен барбайт, атайы жасалып жаткан кылмыш, ал аргасыздыктын иши, көпчүлүк кылмыштар капыстан, күтүүсүздөн жасалат. Мына сен да боодо жерден эле кылмышкер болуп олтурасың. Сен жабыркап турсаң да, калыссыздыктын айынан, кыз зордогон баччабас аталып турасың. Алсызды алдуулар дайыма басынтып келген. Адам баласы жер үстүндө жашоосун баштагандан эле ушундай... ар бир пенде бешенесине жазганды көрбөскө аргасы жок, мына сен да бешенеңе жазылганын көрүп жатасың. Бирок, али жашсың, бул жерден чыккандан кийинки тагдырың өз колуңда "- деп, ал киши жигитке далай ирет акыл-насаатын айтты. Аскардын абактагы жашоосу өтө берди. Апасы ыйлай-сыктай келип турду. Көз жашын көлдөй төккөнү менен анын колунан эч нерсе келбейт. Бул бечаралардын үнүн эч ким укпайт.

– Балам, каралдым, элдин баары башка жакка көчүп кетишти. Мен "өлсөм ушул жерде жатып өлөм, эч жакка кетпейм" деп, көчпөй олтурам.-деди, бир жолку келгенинде.

– Жалгыз кантип жашап жатасыз, элден калбай эле койбойсузбу?-деди уулу.

– Кантип журтту таштайын. Сен барсаң, анан экөөбүз көчүп чыгабыз да. Ага чейин мени кудай алмак

беле? Карышкыр, чөө дегениң да коркушат менден-деп, тамашага салган.

– Мейли анда, өзүңүз билиңиз, куда каалаcа, мен чыгып барганда, экөөбүз алыс жакка кетебиз.

– Ооба, каралдым, бизге да жакшы күн келээр, кантип эле ушинтип, каарып туруп алсын. "Айдын жарымы караңгы болсо, жарымы жарык" дешет го. Жакшылыктан үмүт үзбөйлү балам-деп, эне-бала бир топко чейин эзилишип, сүйлөшүп олтурушкан. Андан кийин да апасы көп эле жолу келди. Анан бир жолку келгенинде:

– Суук тийгизип алдым окшойт-деп, улам-улам жөтөлүп жатты. Өң келбети да мурдагыдай эмес, азыңкы. Буудай ирени кубарып, чачтары да түгөл агарып кетиптир.

– Абайлаңыз, оорубаңыз. Мен чыкканда жакшылап даарылатам. Ага чейин чыдаңыз, оорубаңыз-деп, баласы алдемеден чоочуй, апасына жалынып жиберген. Баласы тим жеринен чоочубаптыр, анын балалык жүрөгү бирдемени сезген экен. Апасы ошондон кийин ага келбей да калды. Дайын-дареги да болбоду. Бирөөлөрдөн сураштырайын десе, ал жакта эч ким жок, бир кездеги дүпүйгөн, калың бактуу, узатасынан кеткен чакан кыштактын изи да калбай, баш жагында гана серейип жалгыз калган, камыш менен жабылган кичинекей үйдө апасы жалгыз жашап жатат. Анын оокаты, тиричилиги кандай өтүп жатканын ойлогондо, жүрөгү эзилип, өзүн коёрго жер таппай, боздоп калат бала. Акчанын, бийликтин кулу болуп, чыркыраган чындыкты бурмалаган адамдарга наалатын айтып, сай сөөгү сыздап кетет. Билинбей сегиз жыл убакыт өтүп кетиптир. Апасы таптакыр ага каттабай калганда, баарына түшүндү. Жер муштап бакырса да, өкүрсө да апасын кайрып албасын түшүнүп, анан бул жердеги ага арка жөлөк болуп жүргөн ишеничтүү адамынын деми менен белин бекем бууп, жашоо үчүн күрөшө берди. Абакта жакшы жүрдү, айрымдардай болуп, ачууга алдырып, жаман иштерди жасаган жок. Тынч жүрдү. Анын көз

алдынан кетпеген Азимгүлдүн элеси кээде ага кайрат-күч берип турчу. Анан кыйналса апасы түшүнө кирет да, ага жакшы жол көрсөтөт, акыл-насаатын айтат. Он сегиз жылга кесилгени менен анын бул жердеги үлгүлүү жүрүм туруму эске алынып, он эки жылда эркиндикке чыкты. Бирок, жигиттин жаштыгы кетти, чачтары агара баштады. Кара коз, кара каш, сулуу жигит көзүнүн нуру кеткен, жүздөрүнө бырыштын изи түшкөн, токтоо кишиге айланды да калды. Анын бул турушун эч ким тааный албайт болчу. Эркиндикке чыгып, айылына барууга буту тартпады. "Жок дегенде апаңдын кабырына барып, куран окуп кой"-деди, бир ою. "Жок, ал жакка барба, сенин жаштыгыңды алган, сенин тагдырыңа балта чапкан тарапка бут баспа"- деди, дагы бир ою. Өзү менен өзү кеңешип олтуруп, акыры ал жакка барбоону чечти да, башы оогон тарапка басып кетти. Чоң шаарга келди. Абакта жүргөндө андагы чакан ишканада иштеп, мээнети менен жыйнаган акчасы деле бар болчу. Аны кайда, эмнеге жумшаарын билбей, шаарга келип, жакшы эле сайран курду. Жатар жери жок, кечке көчө таптап жүрүп, парк ичине түнөп жүрдү. Өзүнө атайы түнөк алууну деле ойлободу. Ага эч ким акыл айткан жок, эч кимден акыл да сурабады, кеңешпеди. Аны менен коштошуп жатып, баягы ага "крыша" болгон киши гана азын-оолак акыл айткан болчу. "Мындан аркы тагдырың өз колуңда, эми жакшы менен жаманды ажыратып биле турган убагың келди. Адамдар менен мамиле түзгөндө абайла, жакшы жол менен кет"- деди ал. Бирок, ошо жакшы жол кайда, ага кантип түшүш керек, ал тууралуу эч нерсе айткан эмес. Далай күн башы маң болуп, чын эле эркиндикке чыкканына ишене албай жүрдү. Акчасын ашыкча коротуп да жиберди. Эгерде ошол учурда ага жол корсоткон бирөө болгондо, дароо жашоосун оңдоп кетмек, ал анте албады. Дагы деле Азимгүл көз алдынан кетпей, суйкайган сулуу кыздарды көрсө, алардан Азимгүлдүн элесин издей берди. Азимгүлү ушул кыздардын эле арасында жүрөт деп ишенди.

Эптеп бир ишканага кароолчу болуп жумушка орношту. Ошол жерде керээли кечке болот. Жатар жери да ошол ишкананын бир буткасы. Азын оолак керектүү нерселерди да топтоп алды. Мындан аркы бүт өмүрүм ушул жерде өтөт деп ойлоду. Бирок, күтүүсүздөн тагдыры дагы татаалдаша баштады. Ушул ишканада иштеген пол жуугуч Райма деген аял менен таанышып калды. Ал Аскардан кыйла жаш улуу болуучу. Айтымында мурда турмуш куруп, жолдошу экөө он жыл бирге жашап, бирок, балалуу болушпаптыр. Анан күйөөсүнө башка аял алып берип, өзү шаарга келе берип-тир. Көп жылдан бери жалгыз жашайт. Ошол аялдын айрым бир жоруктары Азимгүлдөн элес берип тургандыктан, аны менен жакшы тааныш болуп кетти. Жаш кезинде сулуу кыз болгон го. Көздөрү карагаттай болуп, дагы деле жанып турат. Жалгыздык, анын үстүнө үй-жайынын жоктугу аны жүдөтүп койгону гана болбосо, дагы деле багын берсе, ажары ачыла турган учуру экен. Ал ар күнү таң эрте ишканага келип, жумуш күнү башталганча ишкананын ичин зымылдата тазалап коёт да, Аскардын кичинекей бөлмөсүнө баш багат. Кээде үйүнөн тамак жасай келет. Экоо олтуруп тамактанышат, аркы-беркиден кеп урушат. Келин өзүнүн башынан өткөргөндөрүн айтып берет. Аскар да эч нерсени жашырбайт. Айрыкча Азимгүл жөнүндө айтуудан тажабайт. Ошентип жүрүшүп, экөө бат эле бир жаздыкка баш уруп алышты. Аскардын биринчи жолу аял кумарына батышы болуучу. Азимгүлдүн назик колдорунан кармап, экөө жетелешип, бир баскандары болбосо, кыз жытын искеп да көргөн эмес. Кыздын жүзүнөн сүйүп көрбогон. Кайсы бир мүнөзү окшошуп турган бул аялды бир кездеги махабатына окшоштуруп, аны менен түбөлүк бирге болууга баш урду. Ушул кичинекей бөлмо алар үчүн бакыттын болмосундой, булардын бактысын эми эч ким тартып ала да албайт, эч ким тоскоол да боло албайт деп ишеништи. Ырасында да ошондой эле болду. Алар жакшы жашап жатышты. Аларга эч ким суктанган да жок. Тескерисинче боору ачыгандар көп

болду. "Эки бакыр, бир тукур" болуп, жашап жаткандарына каниет кылышып, алар алты жылдай жашап коюшту. Ишкана жетекчиси бир аз жардам берген болуп, башка жерден кененирээк болмо ажыратып берди. Ал жерде керектүү эмеректерди да коюп алышты. Экөөнүн тапканы тамак -аштарына, кийим-кечелерине кеңири эле жетип жатты. Эми бир жерден эптеп үй сатып алсак дешип, акча да жыйнай башташты. Күндөр өтө берди. Алар балалуу болгулары келди. Бирок, бул аял мурдагы турмушунан торобой ажырашкан да. Ага эне болуу бактысы буюрбаптыр. Аскар аны билсе да, үмүтүн үзбөдү. Бир күнү "бала багып алалы" деген сунушун айтты эле, аялы ага ынай бербеди.

– Биринчи үйлүү бололу, анан деле жетишебиз-деди ал.

– Бала болсо бизге эрмек болобу-дейм да-деп, Аскар анын алдында нымтырап турду. Ырасында да ал аял Аскардан кыйла жаш улуу болгондуктан, турмуштук тажрыйбасы да чоң эмеспи. Аскар ага коп жагынан баш ийип, анын айткандарына макул болбоско аргасы калбай калат. Аскар жеке жашоого келгенде эч нерсени деле коргон жок да. Балакатка жетип-жетпей тагдырдын оор сыноосу колкодон алды. Ага туруштук берем деп, жаштыгын да өткөрүп жибергенсиди. Отузга чыга элегинде, кырктын кырынан эбак ашкан кишинин кейпин кийди да, калды.

***

Бир күнү аялды издеп бир эркек киши келди. Сырткы көрүнүшү өтө эле жүдөңкү. Кийимдери эски, тамтыгы жок жыртылган. Ал дароо эле аялга жалынып-жалбарып кирди:

–Алтыным, сенсиз мага күн жок, сенсиз мага жашоо жок. Мына сен деп жүрүп, кайырчы болуп калдым. Сени издебеген жерим калбады-деп, шолоктоп ыйлап да жиберди.

– Эмнеге келдиң, мен сага жаш аял алып бердим го? Эмнеге келдиң?-деп, аял аны жанына жолотпой, түрткүлөп жатты.

– Кет бар, мен да өз теңимди таптым. Мени тынч кой эми, сени менен кантип жашайын, мени жайыма кой-деп,ыйлайт аял.

– Жок, кетпейм, мен сени араң таптым. Издебеген жерим калган жок, эми мен сенден эч жакка кетпеймин. Өлтүрсөң да кетпеймин. Сен кай жерде болсоң, мен ошол жерде боломун-деп, аялдын тизесин бекем кучактап алып,коё бербей жатты.

– Коё бер дейм, кет ары, болду, сени менен эми кантип бирге жашайын, кеткин дейм-деп, аял силкинет.

– Жок, мен эч кайда кетпейм, сени таптым, болду, мына менин абалым... кара... мага тик кара. Мен ушинтип калдым. Сен деп, жер безип кеттим.

– Кана аялың, ага эмне болду?

– Ал кара жерге кирсин, мына ушундай абалга алып келип койду. "Жаш катын ал, сага төрөп берет"- дедиң эле, мына сага төрөп берди. Сенин артыңдан эле кууп чыккан. Көчөдө калдым. Үй-жай жок, ошол жаш катын алып койду баарын. Эч нерсем жок. Мына абалым-деп, аялга даттана, үнүн катуу чыгарып, шолоктоп жиберди.

– Мен эмне кылайын эми, мага тынчтык бер. Биз эми бирге жашай албайбыз. Менин күйөөм бар-деп, эртеден бери буларга аңырая карап турган Аскар тарапка бурулду.

– Мейли, күйөөң болсо боло берсин, үчөөбүз бирге жашай беребиз. Мага тамак берип турсаң эле болду. Мен ачкамын. Менин курсагым ач. Мен көчөдө калдым. Канча жыл көчөдө каңгырадым. Мен эми адамча жашайын, сен жакшы аялсың. Сен боорукерсиң, сен мени кочого таштабайсың-деп, боздоп жиберди ал киши. Мунун баарын көрүп турган Аскар чыдай албады:

– Анда мен кетейин, сени атайын издеп келиптир, мен бул жерде ашыкча окшоймун... эми силер бирге болгула... Силерге тоскоол болбоюн.-деди.

– Андай дебе Аскар, сен эч жакка кетпе, муну менен ажырашкамын да. Мен буга жаш аял алып бергемин... сен кетпе-деп, аял Аскар тарапка обдулса, тиги аны коё бербей, ого бетер бутун кучактайт. Аскар артына бурулбады да, бет алды басып кетти.

Ошону менен ал жакка кайрылып барган жок. Бул ага дагы бир сокку болду. Шаардагы ары-бери өткөн элге аралашып, бет алды кете берди. Канча басты, өзү да билбеди. Жөө адам баса турган жол менен кете берди. Бир кезде өзүн токтотту да, жол четиндеги орундукка олтура кетти. Жаш жигиттин жашоодон дагы бир жолу шагы сынды. "Ушул аял менен очор-бачар жашоо кечирем, мындан аркы бардык кыйынчылыкка чыдайм" деп, ойлогон. Мына, ошол ою быт-чыты чыгып, заматта дагы жалгыз калды. Эми каякка барат? Мындан ары эмне кылат? Дагы кочого түноп, кочо жашоосун баштайбы? Көпкө ойлонуп олтурду. Ушу кең шаарга батпай турду. Адамдар ары-бери анын жанынан өтүп жатышат. Эч ким ага көңүл деле бурган жок. Күн уясына батып баратканын да сезбеди. Анан айлананы караңгылык каптагынан да туйбай, отурган жеринде катты да калды. Жанынан көздорүнүн нуру жанган, ойсоктогон кыздар өтөт. Баласын ортодо жетелеп, бактылуу түгөйлөр өтөт. Жаштыгын эске сала, жашоо ирмеминен соз кылган кары түгөйлор өтот. Шарактаган жаштар өтөт... Айтор, адамдардын агымы ары-бери өтүп эле жатты. Алардын бирине да назар салган жок, мелтиреп олтура берди. "Ушундай да бешене, ушундай да сыноо болобу? Мен тагдырга эмне жаздым? Кайсы жеримден кемчилик кетирдим экен? Эмнеге мени тагдыр ушунчалык катуу сынады? Атамды кочкү баспай эле, мени басып калса болбойт беле? Азима, сен мени азапка салып кеттиң го? Сенин сүйүүң ушундай азаптуу беле? Эмнеге ушундай ишке бардың да, мени азапка батырып коюп, өзүң кайып болуп учуп жүрөсүң? Сен азыр кайдасың?

Мени да жаныңа алып кетчи?-деген ички туюмун сырт-ка чыгара албай, буулугуп олтурду. Ушул жерден катуу бакырып ыйлагысы келди. Бирок, анте албады. Түн бир оокум да болуп калды. Гүүлдөгон шаар жашоосу тынчтыктын кучагында балкый баштады. Ошондо гана эсине келгендей, Аскар ордунан турду да, бет алды басты. Ушул түндү өткөрүп алса, эми тээ кыйла жыл артта калган жашоосуна кайтып барууну чечти. Эртең эле жолго чыгат. Апасы экөө курган үй турса керек. Ошого барат. Ал жакта тынч. Ага эч ким тийиштик кылбайт. Эгер үйү урап түшсө, кайрадан салат. Апасына барат. Анын кабырын издеп табат. Анан жашоосун өзгөртөт... ушуларды ойлоп олтуруп, орундуктун үстүндө кынтая жатып, уйкуга кетти.

* * *

Апасы экөөнүн эң сонун учуру өткөн, балалыгы өткөн, анан махабаттын алгачкы татымын таткан айылына келди. Анын көз алдындагы узатасынан кеткен чакан кыштакчанын изи да жок. Жол гана ошол бойдон. Айрым жерлерде үйлөрдүн дубалдары толук көчүрүлбөй, төмпөйүп, кам кыштары сороюп, "бир кезде ушул жерде үй болгон" деген элес бергендей. Тээ баш жактагы өзүнүн үйүн жазбай тааныды. Ооба, апасы экөө буттарын муздак сууга салып, топурагын майдалашып, анан саман, эчкинин жүнүн кошуп, гүбала жасашып, тургузган өз үйү. Сыртын ак топурак менен жыл-да жаңылап, шыбап турушчу эле. Ал шыбактар көчүп түшүп, гүбаласы гана калган. Камышы да саргайып, чирип кетиптир. Бирок, үстү урап түшпөгөнүн кара. Кантсе да, үй турат. Сырткы каалгасынын тактайлары да эскирип, дубалдан бөлүнөйүн деп араң турат. Үйүнүн алдына келип, жер кучактап, буркурап, боздоп ыйлады. Эски там жана тагдырына таарынган анын ээси. Экөө бири-бирин тиктешип алышып ыйлашты. Бири-бирине армандарын айтышты. Үй айтат:

– Мен сени күттүм. Ношорлогон жамгырга, чартылдаган чагылганга, зампарлап жааган карга, буюгуп учкан куюнга чыдадым. Сени келет дегемин. Сен баары бир келмексиң. Апаң кеткени жалгызсырап калдым. Мени мергенчиликке чыккандар, чөп чапкандар паанектеп жүрүштү. Аларга баш калкалай турган жай болдум. Сенин келгениң ырас болду-дейт, эски там.

– Мен келдим, күтөөрүңдү билгемин. Мен кечигип келдим, ал үчүн кечирип кой. Мен эрте келишим керек болчу, келе албадым. Мына эми келдим. Эми эч жакка кетпейм, экөөбүз бир болобуз. Мен сени оңдойм, жаңылайм. Ушул жерден тиричилик улайбыз-дейт, үйдүн ээси.

– Келгениң жакшы болду, бир кездеги ушул кыштактагы кошуна турган үйлөрдү сагындым. Тиги өйүздөгү тамдарды карачы? Улам жаңысы салынып жатат. Мен да ошондой болгум келет. Мени жаңыласаң, мен сага сонун түнөк болуп берем. Ушул жерден тукум улашың керек. Эшик алдында балдарың, ары-бери жүгүрүп ойношуп, бак ичине киришип, өз колуң менен өстүргөн алма, өрүк, алчадан терип жешсин.

– Ошентемин... сөзсүз ошентемин. Тукум улаймын. Эми ушул жерде өмүр бою жашаймын. Мен Азимгүлүмдү издеп табамын. Ал тирүү, анын денесин эч ким тапкан эмес да. Ал тирүү. Мен ушул жерден аны издеп табамын.

– Ошондой кыл... ал тирүү... ал мына ушул жерде эле жүрөт... -дейт, эски там.

– Сенин урабай турганыңа ырахмат, мени күткөнүңө ырахмат...

– Мен күткөмүн да... бар дарманым менен күткөмүн...

“Эртерээк ичкери киргин” дегенсип, эски каалга да улам кыйч-куйч этип, ачылып-жабылып жатты. Аскар өз үйүнүн босогосун аттады. Ички бөлмөлөр деле жыргап кетпептир. Шыбактары көчүп, ички каалгаларын жулуп кетишиптир. Терезенин айнеги деле жок. Апасы кышкысын үйдү буулантып жылытып турчу меш

болсо кочүп калыптыр. Гүбаланы катуу урушкан экен, кесектери ошол бойдон турат. Ичкери кирип баратып, дагы үйү менен сүйлөшүп жатты:

– Мен келдим, мени кабыл алгыла. Мен эми эч жакка кетпейм. Мен өмүрүмдү ушул жерден өткөрөм. Мени кабыл алгыла-деп, тирүү адам менен сүйлөшкөндөй, үнүн чыгара күбүрөнүп алды. Бул үй эки гана бөлмөдөн турчу. Бир бөлмөсү кенен эле. Апасы жыйып терген буюмдары көп болчу. Апасы майда-барат нерселерди өзү эле жасап алчу. Кынаптай төшөктөрдү жыйып койгон. "Уулум үйлөнсө, келинчеги экөө жамынат" деп, жаңы жууркан, төшөктөрдү жасаган эле. Оокаты тың эле болчу. Короолорунда уй, кой, эчкилери бар болчу. Чоң бөлмөгө кирип, Аскар ушуларды ойлоду. Апасынын жыйгандары кайда кетти, ким алып кетти экен? Малдарды ким алды? Эми аны кимден сурайт. Бирок, бөлмөнүн бир бурчунда кол менен пахта жиптен токулган шалыча, анан эки үч эски жер төшөк турат. Бул апасынан калгандарбы же, ушул үйгө келип тургандар алып келишкенби?

– Байкуш апам, ай, термелеп эле ушул кичинекей үйүңдү бирдемелер менен толтура берет элең. Канаке, ошолор? Ким алып кетти экен? Көзүң тирүүсүндө бирөөлөргө таркаттың бекен, же сен өлгөндөн кийин талап кетишти бекен? Ээ, мейли ким алса да, ошого буюрсун. Ээн үйдө калгандан көрө кимдир бирөө колдонуп жаткандыр, апама сообу тийсин-деп, койду да, бурчта турган жер төшөктөрдү жазып салып, үй ичинде бир топко чейин олтуруп, апасынын арбагына куран окуду. Куран окуганды абакта жатканда үйрөнгөн. А түгүл ал жерде беш убак намаз да окуп жүрбөдүбү. Кылмышкерлер дегени менен бардыгы жаратткандан суранып, беш убак намаз окушуп, жакшылыктан үмүт үзбөй, "ушул жерден аман-эсен чыгып кетели, бала-чакабызга аман баралы" дегендер көп болчу. Аскар да алардын арасында алдыдагы жакшы күндөн үмүт кыла, жакшы жүргөнгө аракет жасады. Бирок, эркиндикке чыккандан кийин кайда барарын билбей, далай ирет баш

ооруткан. Азыр өз үйүнө келип, өз жери, өз айылында сергек сезип, абасынан кере жутуп, анан сыртка чыкты. Айланага көз чаптырды. Бет маңдайдагы чоң кыштак ошол бойдон экен. Бак-шактары көбөйгөн түрү бар. Анан үйлөр да көбөйүп, жаңыланып баратыптыр. Бөксө тоолор болсо көчө берип, тамтыгы калбай калыптыр. Мурдагы сыйда тоолор жок, ар жерде жарчалар пайда болуп, анан тоо боорунан суулар агып жатат.

– Ушул үчүн көчүрүшкөн экен да-деп, тоо тарапка кыйлага чейин карап турду да, кайра үй ичине кирип, көтөрө келген азын оолак азыктарын алып чыгып, бир аз болсо да өзөк жалгап алды. Кызык, кыйла жылдан бери тамактын деле даамын сезбептир. Азыркы жеген наны да, ачытма айран, туздалган эт ага башкача даамдуу сезилди. Өзүн эркин сезип, дагы кере-кере дем алып алды да, сыртка чыгып, кечкинин камын корду. Дарыя жээгине барып, майда камыштан көп кылып оруп келип, чоң болмонун жерине төшөдү. Ал ага орундук болот. Бүгүн ушул жерде түнөп чыкса, анан калганын эртең көрөт.

Жаңы орулган камыштын жыты буркурап, үй ичине башкача маанай тартуулады. Бир бурчка камышты салды да, камыш үстүнө бой таштады. Канча жылдан бери биринчи жолу катуу уктады.

***

Аскардын өз үйүнө келгени маанайы көтөрүлүп, күндө үйдүн ар жерин оңдойт, тоо боорунан ак топурак казып келип, аны жакшылап бышырып, дарыя жээгинде өскөн майда чөптөн оруп келип, аны майдалап, анан топуракка кошуп, ички дубалдарын шыбап койду. Кошуна айылдагы дүконго барып, майда-барат идиш аяктарды сатып алды. Үй ичине керектүү нерселерди алды. Ал арада апасынын кабырын тапты. Жүрөгү сезгендей, болжоп барды эле, кабырдын үстүнө жыгач бетине "Акмат кызы Асылкан" деп жазылып туруптур.

Бозоруп турган боз топурактын айланасын тазалап, чөптөрүн оруп, анан жайылып бараткан топурактарды топтоштуруп, чоңураак тактайга убактылуу жазып койду. Ушундан кийин кенен дем алып, ичиндеги бүтүндөй буугун чыгара ыйлап алды. Апасына бар арманын айтты. Апасы аны муюп угуп жаткансыды. Апасынан кечирим сурады. Бул түнү апасы түшүнө кирди. Ал жапжаш бойдон экен. Тиги тоонун үстүндө туруп алып, баласын ал жакка чакырып жатат. Аскардын да тестиер убагы экен. Апасы экөө ошондой курагында ушул тоолорго көп чыгышчу. Отун алып келишчү да. Апасы ошол тоонун ойдуңунан отун алганды жактырчу.

– Бул жердин отуну копко күйот, анан жыттуу болот-дечү. Бала ошондо "жыттуу отун теребиз"- деп, быткылдарды аралап кетчү. Кыйлага чейин баласын таппай убара болчу. Ошол учуру түшүнө кирди. Апасы аппак көйнөк кийип алыптыр. Уулун чакырып жатат. Аскар болсо апасы тарапка чыгып эле баратат, таптакыр жолу арбыбайт. Апасы кол булгалай берет. Эми ага жетейин дегенде, алыстап кетет. Кара терге түшүп, "апа, токточу, мына жеткени калдым" дейт.

– Сен жалкоо болуп калыптырсың уулум, ушу турган жерге жете албай, бышылдап калдың Кичине жүгүрсөң боло-дейт, тоонун башында туруп алып. Бала болсо жетпей жатат. Катуу чарчап калды, буту шилтемге келбей калды.

– Ай, балам ай, ташыркап калдың го. Кантейин, колумдан келбейт, сага канткенде жардам бере алам, кыйналдың балам. Эмне айла кылайын?-деп, тээ алыста турса да, жанында тургандай, кейип сүйлөп жатты.

– Азыр апа, мен азыр жетем сизге. Кичине ылдый түшсөңүз боло-дейт, апасына.

– Жок, балам, мен ал жакка бара албайм, ал жактан кетпедимби, андан коро сен кел-дейт.

– Жете албай жатам го. Алыс экен-дейт, бала.

– Алыс да... жол алыс... -деп, апасы нары карай басат.

– Апа, токто, мен азыр жетем, токтой тур-деп, бала кыйкырып жатат.

– Бул жакка келбей эле койгонуң оң балам, тоонун бул бети жайдак таш. Бутуң сыйгаланып кетет го-дейт апасы.

– Жок, сыйгаланбайм, батинкем жаңы эле. Азыр жетем сизге –деп, тоого тырмышып жатат бала.

– Кой, келбей эле кой, андан көрө ошол үйдү кара. Жаныңа бирөөнү алып ал, коркосуң-дейт апасы.

– Сизчи, сиз кайда барасыз?-дейт бала, тоо бооруна тырмышып баратып.

– Мен алыска кетем.

– Мен да барам, токтой туруңуз...-деп, караган-бадалдардын бутактарын кармалап, өйдө көздөй тырмыша берет. Апасы болсо артына бурулган жок, ал турган жерди туман каптагандай болду да, апасынын караны туманга сиңип кетти.

– Апа-а, токто, аз калды, мына жетейин деп калдым-деп, бала жер муштагылап ыйлап жатты. Аскар чоочуп ойгонду. Көл-шал тердеп алыптыр. Көзүнүн жашы өзүнөн -өзү эле бет ылдый куюлуп жатты. Келме келтирип, ичинен бирдемелерди кобурады да, алаканын жайып, бата кылган болду. Анан ордунан туруп, сыртка чыкты. Ай сүттөй жарык экен. Мелүүн жер жүрүп турат. Үйдүн алдында бир топко чейин олтурду. Азыркы көргөн түшүн ойлоду. "Апам, эмне мага наразыбы, же ыраазы болгонубу? Эмнеге жанына жолотпой жатат ?Эми мен эмне кылышым керек? Эртең базарга барам, тиги айылга барып, апамды тааныган кимиси болсо, ошонун үйүнө кан чыгарып, түлө өткөрөм"-деди. Анан ушул ойго токтолду да, ичкери кирип, орундугуна кыйшайды. Айдын жарыгы терезеден ичкери шооласын чачып, үйдүн ичине да кыйла жарык кирип турат. Ушул жердин кереметине, ушул жердин касиетине тан берип жатты Аскар. "Эми болду, көчкү жүрбөйт, жүрүп бүтүптүр, коркунуч жок. Эми мен ушул жерге чоң үй салам, ушул жактагы жердин баарын иштетем, дыйканчылык кылам. Анан мага кошулуп, башкалары эгин

эгишет. Мал багышат. Кайрадан мурдагыдай тиричилик башталат. Айылды кайра калыбына келтиребиз. Көчүп кеткендер кайра келишет. Биротоло келишпесе да, ата-бабасынан калган жерди малга жайыт катары колдонсо болот да..."деген ойдун кучагында жатты. Бир кезде, анын жүзүн жумшак жел аймалап өттү да:

– Аскар-деген назик үн угулду. Ал айланага кулак түрүп туруп калды.

– Аскар, келдиңби? Мен сени келет деп күткөмүн-деди, ошол назик үн.

– Бул ким?-деди, Аскар ордунан тура калып.

– Бул мен, мен Азимгүлмүн да-деди тиги назик үн.

– Азимгүл? Кайдагы Азимгүл?-деди, чоочуй.

– Сенин Азимгүлүң?

– Кайдагыны айтпачы? Ал деген жок да...

– Бармын... мен бармын... мен сени күтүп жаткамын...

– Кайдасың, бери мага көрүнбөйсүңбү?- Аскар үйдүн ичин тегерете карады.

– Мен жаныңдамын, мен келдим сага... -дейт, кыздын үнү.

– Кана, бери келбейсиңби?- колу менен жерди, дубалдарды сыйпалай баштады.

– Жаныңда эле турам го, хи-хи- кыз кыткылыктап күлө баштады.

– Эй, сен азыткы болуп жүрбө, кана кел жаныма, кайда жүрөсүң?-деп, Аскар кыткылыктаган үнгө кулак түрдү.

– Жок, азыткы эмесмин, мен Азимгүлмүн.

– Сен Азимгүл болуп, кубулуп жаткан азыткысың го дейм. Кайда жүрдүң эле, кана жүзүңдү көрсөтчү?-деди, үн чыккан тарапка назар таштай.

– Мени көрө албайсың, бирок, үнүмдү угуп турасың, мен сага ар күнү келем-деди ал үн.

– Неге сени көрө албайм? Неге?-деген жигит, жер муштагылап алды. Бир жолу эле көрүнүп койчу? Бир жолу эле жүзүңдү көрүп алайынчы, мага көрүнүп койчу?

– Жок, мен адамга көрүнө албайм. Мен кайып болуп кеткемин. Мен көктө жүрөм. Жердегилердин баарын көрүп турамын. Сенин келгениңден бери байкап жүрөм. Апаңды эстедиң, бирок, мени эстебедиң. Бир да жолу мага атап куран окуп койбодуң. Аскар, мен сен үчүн жанымды кыйдым эле. Мен сен үчүн ушул ишке бардым эле... -деп, назик үн негедир каргылдана чыкты.

– Чын эле Азимгүл болсоң, бир көрүнүп койчу. Экөөбүздүн ыйык сезимибизди тебелеп, ушул абалга алып келгендер башка да. Сен мени күнөлөйсүңбү?-деди, Аскар да каргылдана.

– Жок, мен сени күнөлөбөйм. Сен мен үчүн азап тарттың. Экөөбүздү азапка салгандар оңгон жок да. Жазаларын алышты. Бирок, экөөбүз бир боло албадык... Мен сага күндө келип турамын.

– Жаныма келчи? Чын эле Азимгүл болсоң, бир жолу жүзүңдү көрсөтчү?

– Жаныңда эле олтурам го. Мына мен, сенин колуңду кармап алдым... Ии, колуң баягыдай эле жумшак. Өзгөрүпсүң... баягы бажырайган кара көз, кара каш жигит эмессиң го?

– Карыдым да... карачы канда убакыт өттү. Жашоодон кыйналдым.

– Билем... баарын билем.

– Сенчи? Кандай болуп калдың? Бир жүзүңдү көрсөтчү?

– Жок, мени коро албайсың... бирок, жаныңда болом. Сезип жатасыңбы, мен сенин жүзүңдү сыйпалап жатам, колумду сездиңби?

– Сезип жатам... сенин да баягы жумшак, назик колдоруң, ошол бойдон го. Сен карыбадың да?

– Мен ошо он жети жаш бойдонмун... себеби, мен кайыпмын да. Мен таптакыр карыбайм... ушул бойдон калам.

– Кандай бактылуусуң... мен да сенин артыңдан кетсем канаке?

– Антип айтпа, Аскар. Менин Аскар тоом сенсиң. Сен тукум улашың керек... сен жашашың керек. Экөөбүз тилегибизге жетпей калдык... сен эми көп иш жасашың керек. Мен сени колдоп турам... - деди, эмилеки назик үн эми так маңдай тарабынан чыгып. Кыязы ал аны айланып, учуп жүргөн сыяктуу.

– Сен, эмнеге өмүрүңдү кыйдың? Башка арга жок беле?-деди, Аскар үнүн кейиштүү чыгарып.

– Жок, башка арга калбай калган. Таптакыр башка арга таба албай калдым. Аргасыздан ушуга бардым. Эгер мен ушул жолду тандабаганымда, алар мени кордошмок, кыйнашмак.

– Башка арга бар болчу? Мага айтпадың эч нерсе, экөөбүз башка арга табат элек.

– Кандай арга?

– Эгерде сен мага барын айтканыңда, баары башкача болмок.

– Мен сага ай ткым келди. Ошол үчүн сенин үйүңө келдим. Бирок, мен келгенде сен таттуу уйкуда экенсиң. Кыйналып жатып, уктаган экенсиң. Апаңдын сураныччы менен сени ойготподум.

– Эгер мен сенин келгениңди билгенимде, алар таптакыр таба албай турган жерге катмакмын.

– Мен алардын келээрин эч ойлободум... сенин үйүңө издеп келишээрин эске албаптырмын.

– Алар күндүзү келишкен... апамдан сурашканын угуп калгамын. "Эмнеге сурап жатышат болду экен?" – деп, түпөйүл ойдо калдым эле. Апам болсо, "курбулары менен бир жакка чыгып кеткен экен, ошого силердикине келбедиби?"-деп, сурашты"-деп, мени жайгарып койгон. Ошондо оюма эч жамандык келген эмес. Сени эртедир-кечтир мага келет, абалымды көрөт деп, күтүп жаткамын.

– Мен келдим, өтө кыйынчылык менен келдим... сага араң жеттим... бирок, сенин убалыңа калдым... мени кечир... эгер сенин үйүңдөн табышпаганда, эч ким сага асылбайт эле.

– Сен мени кечир, менин асылзатым, менин махабатым. Мен сени катуу сүйөрүмдү ушунча жылдык өмүрүмдүн ар бир мүнөтүндө, ар бир саатында сезип жаттым.

– Мен дагы... мен дагы... -деген назик үн, мукактана түштү.

– Таң атып баратат... мен кетейин... мен сага күндө келем. Азыр болсо кош... -деди да, назик үн угулбай калды. Ушул ирмемдик сүйлөшүү Аскардын түшү беле же оңүбү, аны ажырата албады. Ордунан туруп, сыртка чыкты. Айлана тыптынч. Көктө болсо ай калкып, өз багыты менен алга жылып баратат. Асман да чайыттай ачык. Түн ооп баратканбы, аба бир аз муздап калыптыр. Аскар айланага кулак түрдү эле, дарыянын агымы кулагына угулду. Дарыя суусу баягысындай эле өз нугу менен агып жатат. Күндө бир маал дарыя жээгине барып, Азимгүл экөөнүн дарыя жээктеп баскан күндөрүн, андагы сүйлөшкөн сөздөрүн эстеп алчу. Азимгүл дарыяга агып кеткенден кийин, анын денеси табылбагандыгын уккан. Кийин деле табылбаганын билет. Ошондуктан анын сөөгүн издеп да калат. Чоң таштардын кычыгын карайт. Азимгүлү басса-турса эсинде, көз алдында жүргөн. Анын денеси табылбагандан кийин, аны тирүү деп эсептеп, ага багыштап куран окубады. Жанагы назик үн ошону айтып жатат. Аны эстеди да, куран окуп, аны Азимгүлгө багыштап койду. Ошол түнү ал уктаган жок. Таң эрте дагы дарыя жээгине келди. Азимгүлдү издеди. Адаттагысындай эле чоң-чоң таштардын арасын, бадалдардын арасын карады. Ал күнү кечке дарыяда жүрдү. Кыйла ылдый барып келди. Жогору жагына да чыкты. Тапкан жок. Караңгы киргенде үйүнө келип, нар албастан, уйкуга кетти. Эми баягы назик үн кулак түбүнөн чыкты:

– Аскар, ырахмат сага, мени эстедиң. Мен келдим. Кел тур, экөөбүз чогу олтуралы. Сүйлөшөлү-деди ал үн. Аскар ордунан турду. Бет алдында Азимгүл. Супсулуу болгон Азимгүлү турат. Аны кармайын деди, колуна эч

нерсе илинген жок. Азимгүл кыткылыктап күлүп жатат.

– Сен көрүнбөйм дедиң эле го, мен сени көрүп турам. Ошол эле бойдон экенсиң?

– Ооба, мен карыбайм... эч качан карыбайм. Ой, уйкучу экенсиң да, келгениме канча болду, таптакыр ойгонбойсуң-дейт, ал наздана.

– Ойготуп койбойт белең?

– "Өзү качан ойгонот?"-деп, карап турдум да.

– Кызык, мен сенин келгениңди кантип билейин.

– Уйкучулугуң ошо да, жаныңа сүйгөнүң келсе да сезбейсиң. Жүр, эшикке чыгалы-дейт ал. Алар сыртка чыгышты. Айдын жарыгында кыздын денеси да нурлуу чагылышып, бир башкача көрүндү. Капкара чачтары далысына жайылып, көздөрү ботонукундай жайнайт.

– Азимгүл, кайда жүрдүң?-дейт, Аскар, кайра эле мурдагы суроону берип.

– Ушул эле жерде.

– Эмнеге мурда келбедиң? Мен сен үчүн азап тарттым го?

– Билем... баарын билем... бизди ошентип коюшту да... мен сага эми күндө келем. Биз эми экөөбүз бирге болобуз-дейт, кыз наздана.

– Эмнеге колуңду карматпай жатасың?-деп, кызга колун сунат .

– Кармай албайсың... мен кайып кызмын да-дейт, ал ого бетер наздана.

– Бирге болобуз дедиң го?

– Ооба, бирге болобуз, себеби, мен сага келип турам да.

– Колуңду карматпасаң, жанымда олтурбасаң, кантип бирге болобуз?

– Ушинтип эле... кана сен мени кубалачы?-деп, кыз алдыга жүгүрөт. Ал артынан кубалайт. Жете албайт.

– Мына, сен да жете албадың. Мага тигилер да жете алган эмес. Эгер алар жеткенде азыр тирүү жүрөт элем.

Бирок, баары бир экөөбүз бирге боло албайт элек да... -деп, кыз секирип жүгүрүп баратат.

– Токточу Азим, бир аз демимди басып алайынчы. Токтой турчу, билем сен катуу жүгүрөсүң, бир аз токтой турчу-деп, энтигет. Алар ошентип кубалашып олтуруп, дарыя жээгине келишти. Кыз он жети жаш бойдон, жапжаш, супсулуу. Аскар болсо кырктын кырына барып калган, бирок, жаштыгын эрте берген салабаттуу киши болуп калган. Ал жакшы жүгүрө да албады. Анын абалын көргөн кыз, жүгүргөнүн токтотуп, анын жанына келди да, жүзүнөн сылап, назик колдору менен колдорун кармалаган болду. Мындайда жигиттин дене бою балкып, өзүн жоготуп баратты. Көздөрү сүзүлүп, кыздын наздуу жытына мас боло баштады.

– Кандай керемет жансың, кетпечи?-дейт, ага жалооруй.

– Кетпейм, эми мен эч жакка кетпейм, дайыма келип турам дедим го-дейт кыз, ого бетер наздана. Аскар ушул убакка чейин мындай жан жыргаткан сезимге кабылган эмес. Бардык дене бою балкып жатты.

– Жаным... алтыным менин... күнүм... айым... жарыгым... берекем... -жалынып-жалбара берди. Ошол жалбаруу менен уйкудан турду. Бул күнү анын маанайы башкача, көңүлү шат, жашоого болгон кумары артып, шайдоот жүрдү. Ал бул күнү көп жумуш бүтүрдү...

* * *

... Бая күнү келишкен топ менен жакшылап таанышып алган. Аларды сураштыра келсе, баары андан улуу, бирок, андан жаш көрүнүшөт. Ошол жигиттерге барып, аларга өзүнүн ой-максаттарын айтты. Ушул ээн калган кыштакты кайра калыбына келтирүү, ушул айылга үй тургузуу сыяктуу ойлорун айтты эле, алар да кубатташты. Бирок, бул маселени чечүү жагы чоңдорго байланыштуу экенин белгилешти. Аскар болсо ушул

кыштакка кайрадан эл келе баштайт, мурдагыдай болуп, кутүрөгөн кыштакка айланат деп үмүт кылып жашай берди.

...Азимгүл болсо, ар түнү келет. Баягысындай эле, жапжаш. Аскар экөө көпкө сүйлөшүшөт. Сырдашышат. Өткөн-кеткенден кеп урушат. Аскардын бар үмүтү анын келиши, ал үчүн түндү зарыгып күтөт.



*Бул китеп автордун алтынчы китеби. Буга чейин "Асмашам", "Экөө", "Санпа трагедиясы","Ак келин" жана "Өмүр сереси" аталышындагы повесть-аңгемелери жарык көргөн. Элет турмушу, карапайым адамдардын жашоо агымы, аруу махабат, ыйык сезимдер менен ирегелеш жүргөн карөзгөйлүк, көрө албастык жана ачкөздүк коштогон тагдырлар. Автор журналисттик кесипти аркалап, эл аралап, ондогон, жүздөгөн адамдардын тагдырын, жашоо агымындагы жакшы менен жаманды иликтеп жүрүп, ар бир чыгармасындагы каармандарын тапкан.*

*Ал эми сиздин колуңузда турган китеп да ошондой ирмемден кабар берет.*